ЫРЫСБҮБҮ
ӨМҮРБАЕВА



# Жакшылык сунгум келет

ЫРЫСБҮБҮ ӨМҮРБАЕВА

# ЖАКШЫЛЫК СУНГУМ КЕЛЕТ

*Ырлар*

«Улуу тоолор»
Бишкек – 2016

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
Ө 88

**Өмүрбаева Ырысбүбү.**

Ө 88 **Жакшылык сунгум келет.** Ырлар. – Б.: «Улуу тоолор», 2016. – 280 б.

ISBN 978-9967-63-320-7

Акын Ырысбүбү Өмүрбаеванын «Жакшылык сунгум келет» аттуу жаңы жыйнагында – китептин аталышы айтып тургандай, Адамзаттын – мээримдүүлүк, ыймандуулук, адилеттик, чынчылдык сапаттары даңазаланып, Адамдагы мындай асыл сапаттар жаш муундун тарбияланышына, келечекке туура багыт алышына жана алардын дүйнө таанымын калыптандырууга кызмат кылары ырга салынат. Ал эми адамдагы ыймансыздык, ачкөздүк, кайдыгерлик өңдүү көрүнүштөрдүн арты – айланып келип ошол адамдардын өздөрүнө бактысыздык алып келери – турмуштун ачуу-таттуусун көргөн аял-эненин жаш муунга, урпактарга эскертүүсү.

Ө 4702300100-16

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-63-320-7

© Өмүрбаева Ы., 2016.

# ЖАКШЫЛЫККА СОККОН ЖҮРӨК

Ар бир акындын ырларынан – ал акындын табияты, жан дүйнөсү, кимдиги сөзсүз чагылып көрүнөт... Мен акын Ырысбүбү Өмүрбаеванын «Жакшылык сунгум келет» аттуу ыр жыйнагынын кол жазмасы менен таанышып, табиятынан инсандык ички интеллекти жогору, адамдарга жалаң жакшылык сунуп кубантсам деп ашыгып турган, башкалардын кубанычынан бак-таалайга тунган асыл жүрөктүн демин сездим... Акындын бул жаңы жыйнагы – «Өмүр», «Таазим» деп аталган мурдагы ыр жыйнактарындагы жакшылыкка жан төшөгөн өзгөчө аруу сезимдин бүгүнкү чакчелекей заманда дагы күчтөнүп төгүлгөн уландысы экени, анын чыгармачылыгы менен тааныш окурманга дароо эле байкалат. Айрыкча эгемен заман ичинде Адам ариетинин, жан дүйнөсүнүн не бир өзгөрмөлүүлүгү, кубулмалуулугу көрүндү. Андан улам коомчулук адамдардагы андай кубулмалуулуктан чарчап качып, адамдардагы чыныгы изги асыл сапаттарга чаңкап турган учур.

Акын Ырысбүбү Өмүрбаеванын ырларында да – өзгөчө бийлик башындагы адамдардын ыймандын, напсинин, уят-сыйыттын чегинен чыккан өзүмчүлдүгүнө капааттанып кейүү, ал эми катардагы жөнөкөй жарандардын адамдык таза жан дүйнөлөрүнө «эт-бетинен» кеткен кубануу менен бирге, андай асыл адамдардын көп болуусун эңсөө жатат. Акындын бул эңсөөсү – элдин эңсөөсү, акындын наразылыгы – элдин наразылыгы. Абалтан элдин үнү-деми, кайгы-кубанычы – акындардын ыры, сөзү менен агып келген эмеспи. Анын сыңарындай акын Ырысбүбү Өмүрбаеванын ырларында эң башкы тема болуп – Кыргыз элине, Ата журтка, ата-энеге, балага, сүйгөн жарга, дегеле адамзатына, өмүргө, табиятка болгон сүйүү жатат. Мекен тагдырына, урпак келечегине өтө тынчсызданат. Эгемен жылдардан бери кыргыз коомчулугунда жүрүп жаткан өзгөрүүлөр, терс көрүнүштөр акынды тынчсызданууга салат. Акын чын жүрөгүнөн күйүп-жанып, чын жүрөгүнөн кайгырат.

«Кайда кетип баратабыз?» аттуу ырын окуп көрөлү:

Кайда кетип баратабыз?
Кимге ишенип жанашабыз?
Паракорду жоёбузбу?
Алдаганды коёбузбу?
Айткылачы, жемкорлордон
Качан? Кантип? Тазарабыз?

Чындык кайда?
Элим деген жетекчилер каякта?
Айткылачы, баратабыз кайакка?
Миллиондоп жегендер кармалбаса,
Эл окулдор элге көп жан тартпаса,
Жеп-ичкендер жеп алып качып атса,
Арыз-муңду айтабыз кимге гана?

Жетимиш жыл кашыктап топтогонду,
Чөмүчтөп чачышты алар.
Гүлдөп-өскөн чарбаларды,
Фабрика-заводдорду – банкрот деп,
Эбин таап менчиктеп алышты алар.

Бүгүнкү күндүн, Кыргызстан мамлекетинин бүгүнкү тагдырынын калетсиз чындыгы.

Акын жашоонун кереметин, анын кайталанбастыгын, андыктан ошол бир келген өмүрдү – уят, ар-намыс, ыйман менен жашап өтүүгө чакырат. Улуу жазуучу Чыңгыз Айтматов «Адамга баарынан кыйыны – күн сайын адам болуу» деп айткандай, акын айрыкча жаш муунга, урпактарга – ар бир күндөн адамдык мыкты сапаттарга умтулуп адам болууга аракеттенип жаша деген энелик, улуулук насаатын табыштайт.

Мисалы:

Урпактарым, силер Ата Мекенсиң!
Ушул ойлор түк эсиңден кетпесин.

Кызмат кылгын Ата журтка, элиңе,
Ак эмгектен өлкөм өнүп, гүлдөсүн!

Силерсиңер, Ата Журттун кареги!
Силерсиңер, согуп турган жүрөгү.
Силерсиңер, келечектин данеги,
Силерсиңер, зор максаттын түнөгү.

Акын-эненин айрыкча бала үчүн болгон мээриминин чексиздигин баса белгилөөгө болот. Жараткан АЛЛА-Тааланын Белеги болгон өз канынан бүткөн Бала деген периштени айрымдар чаламандын чак түшүндө жолго таштоого, зордук-зомбулук көрсөтүүгө барып жаткан бүгүнкү күндө акын Ырысбүбү Өмүрбаеванын балдар тууралуу ырлары жаш муунга таалим-тарбия болору айныксыз.

Бала деген Бакытты
Таштандыга ыргытып,
Убалына калбагын.
Жерип таштап качпагын.
Аймончоктой балдарды,
Арак үчүн сатпагын.

Кудай берген баланы,
Мээрим төгүп багалы.
Балдар үчүн ар качан,
Түркүк болуп туралы.

Кыянаттык кылбагын!
Өмүрлөрдү кыйбагын!
Убал деген оңдурбайт,
Улуу Кудай урбайбы!!!

Акындын чыгармачылыгында элдик көркөм фольклордун, каада-салт, насыят термелердин таасири бар экени байкалат. Мындан акындын кыргыз ата, кыргыз энеден алган тарбиясы көрүнүп турат. Андыктан акындын терме-насыят таризинде өзгөчө жаштарга кайрылган ырлары арбын.

Улуу акындардын санат-насыят ырларынын таасирлери да жок эмес. Мисалы, Жеңижок, Токтогул акындарга арналган ырларын, дүйнө, өмүр, өлүм тууралуу ырларын атоого болот. Бирок акын Ырысбүбү Өмүрбаеванын залкар акындардын чыгармаларына таасирленген ырларында – ошол өткөн кылымдарда жашап өткөн улуу акындардын замана ырларындагы толгонуулар менен акындын бүгүнкү замандын өң-ырайына баа берип толгонгон ырларынын синтези жатат. Себеби форма жактан өзгөргөнү менен, мазмуну мурункудай эле кала берген – абалтан келаткан баягы эле адилетсиздиктин, карөзгөйлүктүн, арамзалыктын бүгүнкү күндүн шартынан кубулуп көрүнүшү акынды агынан жарылтат. Акындын ар бир адамга түшүнүктүү, жөнөкөй жа-

зылган «Кандай сонун гүлдөйт эле Ата Журт» аттуу ырын окуйлу:

Ата-Журтка кыянаттык кылбаса,
Казынага суук колун салбаса,
Эл байлыгын жең ичинен албаса,
Кандай сонун гүлдөйт эле Ата-Журт.

Ар бир адам Ата-Журтун ойлосо,
Көрө албастык, бут тосуулар болбосо.
Жетекчилер иш билгини колдосо,
Кандай сонун гүлдөйт эле Ата-Журт.

Бул ааламда кандуу согуш болбосо,
Жардыруулар, жан кечтилер болбосо.
Өмүр кыйган ыймансыздар болбосо,
Кандай сонун гүлдөйт эле Ата-Журт.

Акындын ырларында – жалкоолук, аракечтик, баңгилик өңдүү терс көрүнүштөр себеп болгон коомдогу социалдык көйгөйлөр көтөрүлүп, мындай терс жагдайлардын алдын алуу эң биринчи үйдөгү, мектептеги тарбия-таалимге байланыштуулугуна басым жасалат. Жаштарга, кийинки муунга, урпактарга – ата-бабадан келаткан Кыргыз дүйнө таанымында, каада-салтында, тарбия-таалиминде калыптанып сиңген Жакшылыктарды – адамдагы мыкты сапаттарды табыштоо басымдуу.

Урпактарга табиятты коргоону табыштап, эл байлыгын өз кызыкчылыгына пайдаланып түйтүнгандар эл назарынан калаарын – суу, жер, бак-дарак, алтын-күмүш байлыктар элдики экенин эскертет.

Мындай энелик мээримден, Жакшылыкка соккон жүрөктөн сызылып чыккан ыр саптар ырасында урпактарга, укум-тукумга көөнөргүс көрком мүлк болуп кызмат аткара берери бышык.

***Фатима АБДАЛОВА, акын,***
***Алыкул Осмонов, Жолон Мамытов***
***атындагы адабий сыйлыктардын лауреаты***

# ИЛХАМ БЕРЧИ БИР УУЧ

Бир карасам, Күндүн нуру күлүңдөйт,
Бактылуусуң, бакыт маарып сүйүн дейт.
Бул дүйнөнүн керемети о канча,
Өмүр-дайра кемесинде сүзгүн дейт.

Бир карасам, дүйнө мага тептегиз,
Мелт-калт толуп ырыскым да кемигис.
Бир карасам, дүйнө мага тарыган,
Капилеттен өччү сымал чырагдан.

Бир карасам, бороон улуйт алыстан,
Ой удургуйт коркунучтуу дабыштан.
Мени тагдыр сынагансыйт астыртан,
Балким менде өмүр жазы аз калган?
Ал табышмак, билет жалгыз Жараткан!

Өтүп кетти өмүрүмдүн көп жагы,
Мурункудай эмес көңүл, жаш дагы.
Ыр дүйнөгө кеч келгеним өкүнүч,
Оо, Жараткан, суранамын,
Илхам берчи бир ууч!

# УРПАКТАРЫМ, СИЛЕР АТА МЕКЕНСИҢ

Урпактарым, силер Ата Мекенсиң,
Ушул ойлор түк эсиңден кетпесин.
Кызмат кылгын Ата журтка, элиңе,
Ак эмгектен өлкөм өнүп, гүлдөсүн.

Силерсиңер, Ата Журттун кареги,
Силерсиңер, согуп турган жүрөгү.
Силерсиңер, келечектин данеги,
Силерсиңер, зор максаттын түнөгү.

# КЫРГЫЗСТАН – ЫЙЫК АТА-МЕКЕНИМ

Кыргызстан – ыйык Ата мекеним,
Карааныңдан тегеренип кетейин.
Таалайыңа жүрөгүмдү тартуулап,
Сени өмүрдө ыйык тутуп өтөмүн.

Ата журтум – ыйык Ата мекеним,
Бабалардан калган ыйык белегим.
Сен деп согот менин назик жүрөгүм,
Башымды ийип сага таазим этемин.

Кыргызстан – ыйык Ата мекеним,
Чындык үчүн, күйгөн отту кечемин.
Сенин демиң шыктандырып күч берет,
Сезип жашайм мээримиңдин тереңин.

Бабаларым, белегиңе ырахмат,
Урпактарың коргойт, сактайт ызаттап.
Кылымдардан кылымдарга көч узап,
А кылымдар турсун элди кубаттап.

* * *

Мекенимди бабаларым коргоп келген,
Душмандардан сакташып, шейит кеткен.
Унутулбай эрдиги бабалардын,
Дастан болуп айтылып бизге жеткен.

Жеримде бейпил турмуш, тынчтык болсун,
Элимде биримдиктин туусу орносун.
Ата-журт ак эмгектен гүлдөп-өссүн
А душман батынбасын, жолобосун.

Ак эмгектен шаттангын нарктуу элим,
Кулпуруп, жаркырасын куттуу жерим.
«Киндик кан тамган жериң, Мисир сага»,
Унутпа бабалардын накыл кебин.

# ЭРКИНДИГИҢ КУТ БОЛСУН

Ата-журтум, эркиндигиң кут болсун!
Асман ачык, эл башына кут консун.
Ар бир үйгө кетпес дөөлөт ыроолоп,
Ар бир үйдө ак нан болсун, ыр болсун.

Ата-журтум, эркиндигиң кут болсун!
Эл тилеги ынтыкмакта бир болсун!
Урпактардын келечеги кең болсун.
Улуу көчтүн арткан жүгү бек болсун!

Дили таза досторубуз көп болсун,
Дилгир ойго достук сезим төп болсун.
Тийишпейбиз, катылбайбыз эч кимге,
Тийишкен жоо эч убакта оңбосун!

## КЫРГЫЗ ЭЛИМ

Кыргыз элим, сен эркинсиң,
Кут төгүлгөн заманда.
Баалай билсең эркиндигиң,
Баштайт бакыт-таалайга.

Эркиндикти коргоп жаша,
Намысыңды алдырба.
Душман менен бой тирешсең,
Жеңгин аны дайыма.

Кыргыз туусун бийик көтөр,
Даңкың чыксын ааламга.
Тайгак кечүү, ашуулардан,
Таамай өтүп айгайла.

# УРПАКТАРГА

Өмүрдүн ашуусуна чыккан кезим,
Чачымды бубак басып калган кезим.
Урпагың бир күндөрдө окуп калаар,
Насаатың жазып кой дейт, аруу сезим.

Урпактарым!
Биз чынында Жараткандын пендеси,
Жер бетинин убактылуу ээси.
Биз болобуз мезгил-заман күбөсү,
Бузулбасын өмүр -турмуш кемеси.

Улууларды көргөнүңдө, саламдаш,
Ызат кылып, ал-жай сурап баарлаш.
Той болобу же эскерүү кечеби,
Адеп сакта, болгон кезде табакташ.

Өмүр жалгыз, ата-эне, журт жалгыз,
Үч чындыкты бир да адам таналгыс.
Кадырлагын, жоготсоң ал табылгыс,
Кадырласаң, өмүр өтөр армансыз.

* * *

Саз жүрүп адал эмгек кылган жакшы,
Даанышмандын насаатын уккан жакшы.
Ата-салтын, тарыхын билген жакшы,
Акыл кенчин көңүлгө түйгөн жакшы.

Билимсиз, журт башында боло албайсың,
Билимсиз, эл сынына толо албайсың.
Билимсиз, дарыгерлик кыла албайсың,
Билимсиз, душманга тең боло албайсың.

Кайдыгер болсоң, тагдыр чечалбайсың,
Паракор жегичтерди тыя албайсың.
Ошолор эл ырысын талап жаткан,
Эл десең, эл мүдөөсүн чече аласың.

Манас атам эл деген, журтум деген,
Ала-Тоону байырлап мекендеген.
Кас душмандар катылып тийген кезде,
Качырган кабыландай сүрү менен.

Унутпа, Манас ата осуятын!
Көөнөрбөс мурастарын баалап-баккын.
Уул-кызга айтып өстүр эрдиктерин,
Алар да урпактардан урпакка айтсын!

* * *

Уурулук уят кылат, ак жүзүңө дак салат,
Канча жылдар өтсө дагы, жууса кеткис
так калат.
Элим десең, эрдик кылсаң өлбөс-өчпөс
из калат,
Канча кылым өтсө дагы эл ичинде айтылат.

Ак эмгектин наны таттуу, турмушуңду
шат кылат,
Айланаңды нурга бөлөп, көңүлүңдү
ток кылат.
Келечегиң кенен болуп, бак-таалайың
ачылат,
Элим десең, элге күйсөң, эл ишенчи
артылат.

* * *

Эмгексиз, алга максат кое албайсың,
Эмгексиз, бак-таалайлуу боло албайсың.
Эмгексиз, таланттуулар өсө албайсың,
Эмгексиз, ашуулардан өтө албайсың.

Арам дүйнө абийир алып келбейт экен,
Аппак иш бул дүйнөдө өлбөйт экен.
Кайдыгер болсоң өлкөң өнбөйт экен,
Кам турсаң, ийгиликтер өрдөйт экен.

Бийлигим бар, мени баары угат дебе,
Мансабым мени коргоп турат дебе.
Байлык да, бийлик дагы бүтөр нерсе,
Бакытың – акылдадыр, Кудай берсе.

Депутатмын, айтканым бүт болот дебе,
Акча менен ар иште оңом дебе.
Абийирди ала албайсың акча менен,
Абийир деген – актыкта, калыс жерде.

Кемчилигиң бетке айтса, касым дебе,
Атың саткан амалдууну, досум дебе.
Ысык-суукта күйбөстү, жарым дебе,
Ыйманы жок таш боорду, балам дебе.

Даанышмандар акылдан чеп курат экен,
Акындар, көп туйбасты туят экен.
Эси жок жалгыз баштын камын көрсө,
Эстүү жан эл деп, журт деп турат экен.

Арамза амалдуулук кылат экен,
Атайы элдин ыркын бузат экен.
Бузуктан бузукулар туйтунушуп,
Жемкорлор жеп-ичишип турат экен.

Өлкөбүздү даанышмандар бийлесин,
Өзүмчүлдүн залакасы тийбесин.
Арабызды мите курттан арылтып,
Урпагымды алга карай үндөсүн.

Ата -журттун байлыгын сактагыла,
Ата-баба керээзин актагыла.
Багытыңдан адашып, күйбөгүлө,
Мезгил өтүп, өкүнүп жүрбөгүлө.

Бир-бириңди мээрим төгүп сүйгүлө,
Бул ааламга меймансыңар, билгиле.
Жашоо жыргал, эмгек – байлык түгөнгүс,
Бир-бириңди колдоп-коргоп жүргүлө.

* * *

Урпактарым!
Аман-эсен жүргөнүң эң чоң бакыт,
Ак эмгектен көгөрсөң жүзүң жарык.
Саптарымды кунт коюп окуй жүргүн,
Санаттарда айтылат туура багыт.

Бул ааламда саламат жүргөн сонун,
Атаң-энең кашында жүрсө сонун.
Махабатка кабылып сүйгөн сонун,
Жакшы менен турмушту сүргөн сонун.

Жарың менен бактылуу болгон сонун,
Наристелүү болгонуң, андан сонун.
Алган жарың ызаттап турса сонун,
Ата- энеңди урматтап күтсө сонун.

Ынтымакты эш туткан элиң сонун,
Калыс иштеп башкарса, ханың сонун.
Жакшылыкка сайылган өмүр сонун,
Эл-жерим деп эргиген көңүл сонун.

Урпактарым, тирек бол Мекениңе,
Мезгил өзү тараза кезегинде.
Эл-жериңдин эртеңин бүгүн ойлон,
Өкүнбөгүн күн кечтеп кеткенинде!

# УРПАКТАРЫМ, ЭСТЕГИН

Кандай сонун бул аалам,
Бул ааламда бол аман –
Жакшы тилек, жакшы ойдо,
Жакшылыкка жол алган!

Кас душмандан калкалап,
Коргоп келген эл-жерин,
Аталардын от кечкен,
Эрдиктерин эстегин!

Өчүрбөгөн очогун,
Тарткан тагдыр тозоңун,
Энелердин эмгегин,
Эч унутчу болбогун!

Улап улут кербенин,
Ураан кылып эл-жерин,
Иши менен из салган,
Ишмерлерди эстегин!

Сен да элге күйчү бол,
Эрдиктерде түпкү жол.
Өз милдетиң аткарып,
Сен да урпакка үлгү бол!

# НАМЫСТУУ БОЛ, КАЛЫС БОЛ

Айланайын урпагым!
Кеп-кеңешим айтайын.
Ата-журтум, элим деп,
Күйүп-жанып жашагын.

Жаман ишке барбагын,
Ак эмгектен качпагын.
Журт байлыгын чачпагын,
Уурулукка барбагын,
Уят болуп калбагын.

Кызмат, дүйнө, байлык деп,
Өмүр гүлүн кыйбагын.
Үй-бүлөсүн сыздатып,
Каргыштарга калбагын,
Жүзүңө дак салбагын.

Айланайын урпагым,
Кызмат кылсаң эл үчүн,
Келечегиң кең болот.
Улуу менен кичүүгө,
Айткан сөзүң эп болот.
Ар ишине эл өзү,
Акыйкатта дем болот.
Элдин камын ойлосоң,
Элиң сага бел болот.

## УРПАКТАРЫМ, ЭСТЕГИН

Кандай сонун бул аалам,
Бул ааламда бол аман –
Жакшы тилек, жакшы ойдо,
Жакшылыкка жол алган!

Кас душмандан калкалап,
Коргоп келген эл-жерин,
Аталардын от кечкен,
Эрдиктерин эстегин!

Өчүрбөгөн очогун,
Тарткан тагдыр тозоңун,
Энелердин эмгегин,
Эч унутчу болбогун!

Улап улут кербенин,
Ураан кылып эл-жерин,
Иши менен из салган,
Ишмерлерди эстегин!

Сен да элге күйчү бол,
Эрдиктерде түпкү жол.
Өз милдетиң аткарып,
Сен да урпакка үлгү бол!

# НАМЫСТУУ БОЛ, КАЛЫС БОЛ

Айланайын урпагым!
Кеп-кеңешим айтайын.
Ата-журтум, элим деп,
Күйүп-жанып жашагын.

Жаман ишке барбагын,
Ак эмгектен качпагын.
Журт байлыгын чачпагын,
Уурулукка барбагын,
Уят болуп калбагын.

Кызмат, дүйнө, байлык деп,
Өмүр гүлүн кыйбагын.
Үй-бүлөсүн сыздатып,
Каргыштарга калбагын,
Жүзүңө дак салбагын.

Айланайын урпагым,
Кызмат кылсаң эл үчүн,
Келечегиң кең болот.
Улуу менен кичүүгө,
Айткан сөзүң эп болот.
Ар ишине эл өзү,
Акыйкатта дем болот.
Элдин камын ойлосоң,
Элиң сага бел болот.

Калыс болсоң элиңе,
Элиң сага туу болот.
Түндүгүндүн түркүгү,
Майтарылгыс бек болот.
Кас санаган душмандар,
Өзүнөн өзү жок болот.
Элге жалган айтпай жүр,
Элге азар салбай жүр,
Эл толкуса сел болот.

Айланайын урпагым,
Ата-журттун байлыгын,
Бөтөн элге сатпай жүр.
Пара берсе алданып,
Кыңыр ишти жаппай жүр.
Жемкорлордун тамырын,
Чечкиндүү болуп кесип жүр.
Элдин койгон талабын,
Убагында чечип жүр.
Элдин сөзүн угуп жүр,
Акыбалын билип жүр.
Кыңыр иштер билинет,
Аны эсиңе түйүп жүр.

Чындыкты айтса, кас болбо!
Таланттууну байкасаң,
Бут тосуп ага тар болбо.
Ак жеринен бирөөнү
каралайм деп пас болбо.

Айланайын урпагым!
Ыйман жолун туу туткан,
Ыйык Ата-журтуң бар.
Ала-Тоодой кутуң бар
Жакуттай кооз жериң бар,
Уюткулуу элиң бар.
Үмүт менен чоңойткон,
Улук ата-энең бар.
Илгери үмүт, максатта,
Иштеш үчүн шартың бар.
Из калтыруу артына,
Урпак үчүн парыз ал!

Айланайын урпагым!
Кыраан куштай зирек бол!
Ата-Журтка, элиңе,
Кыйын кезде тирек бол!
Элге дайым жакын бол!
Эл мүдөөсү жарык жол!
Түндүгүңдү бек кармап,
Наамыстуу бол, калыс бол!

# БАРКЫН БИЛБЕЙ ӨКҮНҮЧТӨ КАЛБАГЫН

Урпактарым, өмүр кыска байкагын.
Бул өмүрдө не кылганың тактагын.
Өйдө-ылдыйда, сабыр күтүп бар-жокто,
Адам деген сапатыңды сактагын!

Келечекти бүгүн ойлоп жашагын.
Мезгил, турмуш агымынан калбагын.
Бийик-бийик максаттарга бой уруп,
Билим кенин каза бергин, талбагын.

Ата-журт деп жүрөгүңөр соксо экен.
Жан дүйнөңдө ыйман-ынсап болсо экен.
Эшигиңен ырыскы-оомат баш багып,
Түндүгүңө бакыт кушу консо экен.

Ак дилиңден кызмат кылып калкыңа,
Ата-журтту душмандардан калкала.
Адал эмгек бул жашоонун маңызы,
Ала-Тоону жемкорлордон тазала!

Алла-Таалам белек кылган өмүрдү,
Жакшылыкка арнап жаша көңүлдү.
Жакшы иштерге арнап өтсөң өмүрдү,
Урпактардан урпак угат сөзүңдү!

Урпактарым, эне-тилиң барктагын!
Мусулмансың, өз диниңди сактагын.
Ата-энеңдин күткөнү бүт жакшылык,
Көзү барда үмүттөрүн актагын.
Баркын билбей, баалай албай,
Аягында өкүнүчтө калбагын!

# ЫЙМАНДУУ КИМ?

Ыймандуу ким?
«Жаратканга шек келтирбей,
Намаз окуп, суроону бил» дегендер.
Адал иштеп, калыс, таза жүргөндөр,
Эл акысын жебей, элге бергендер.

Ыймандуу ким?
Ата-Журтка адал эмгек кылгандар,
Алыскыны корө билген көсөмдөр.
Кыйын кезде туңгуюктан чыгарып,
Эртеңкини бүгүн күндон көргөндөр.

Ыймандуу ким?
Ата-Журттун келечегин ойлогон,
Журт байлыгын чачпай-сатпай, топтогон.
Элге күйүп, элдин жайын ойлонуп,
Келечектин кең максатын толгогон.

Ыймандуу ким?
Ата-энесин урматташып сыйлаган,
Ата-энеге акаараттык кылбаган.
Улууларга урмат кылып дайыма,
Кичүүлөрдүн маңдайынан сылаган.

Ыймандуу ким?
Өз өлкөсүн, динин, тилин сүйгөндөр,
Үрп-адатын, ата салтын билгендер.
Элге-журтка бел болушуп күйгөндөр,
Өтөлгөлүү өмүр сүрүп жүргөндөр.

Ыйман кайда?
Жан дүйнөңдө, көөдөндөгү сезимде,
Согуп турган жүрөктөгү деминде.
Ыйман, ынсап, мээрим болсо дилиңде,
Жакшылыктар жаай берет ишиңде!

# ЫЙМАН-ЫНСАП, ЧЫНДЫК БОЛСУН ДИЛИҢДЕ

Күн батканда түн коюлуп Ай чыгат,
Ай асмандан жарык чачып жай жылат.
Ай, жылдыздар жымыңдашып жол ачып,
Жылт деп учуп каяккадыр шашылат.

Өмүр өтөт, мезгил өтөт билинбей,
Адам жүрөт өткөнүнө кенебей.
Байлык, мансап күткөнүңдө, элдердин
көңүлүн ал, көңүлү март төрөдөй.

Күндөр өтүп, ай жаңырып, жыл өтөт,
Күндү, Айды, элди көргөн көз өтөт.
Өмүр барда төгүлүп кал өмүргө,
Из калтырсаң, урпактарың эстешет.

Байлык, мансап алып калбайт ажалдан,
Келген адам өлүү үчүн жаралган.
Алла-Таалам берген өмүр-жашоону,
Таза жашап, ыймандуу бол, мусулман!

# КАРӨЗГӨЙ НААДАН КИМ?

Карөзгөй, наадан ким?
Киндик каны тамган жерде,
Биримдикти, ынтымакты бузгандар.
Кыянаттык кылып, өмүр кыйгандар,
Өнүп алып, өзгө кастык кылгандар.

Намаз окуп, элди алдаган жалгандар,
Журт байлыгын, эл акысын алгандар,
Жемкор болуп, арам дүйнө тапкандар,
Ыйманы жок, ынсабы жок наадандар!

Ата-Энеге акаараттык кылгандар,
Ата-Журттан кыйын кезде качкандар.
Элден-журттан артык көрүп байлыкты,
Намыс-арды көк кагазга саткандар!

# ЖАКШЫ ЭКЕН

Атадан калган санатты,
Унутпаган жакшы экен.
Көңүл бөлүп, дил коюп,
Окуп койгон жакшы экен.
Арийет менен намысты,
Коргоп жүргөн жакшы экен.
Чындыкты айтса чыркырап,
Угуп койгон жакшы экен.
Таразалап алды-артын,
Чечип койгон жакшы экен.
Кемчиликти бетке айтса,
Терикпеген жакшы экен.

Кандай жумуш болсо да,
Убагында аткарып,
Зерикпеген жакшы экен.
Зыян кылбай өлкөгө,
Пайда кылган жакшы экен.
Журт байлыгын жегенди,
Тыйып турган жакшы экен.

Ата-Журттун турпагын,
Кастарлаган жакшы экен.
Акыл айтса улуулар,
Көңүл бөлгөн жакшы экен.
Урмат кылып улууну,
Сыйлап жүргөн жакшы экен.

Таланттууну байкасаң,
Колдоп койгон жакшы экен.

Паракордун тамырын,
Кыйып турган жакшы экен.
Кыңыр ишти жаппаган,
Чынчыл адам жакшы экен.
Эмгек кылып эл үчүн,
Иштеп жүргөн жакшы экен.
Эмгегиңди эл баалап,
Алкыш алсаң жакшы экен.
Ынтымакка эл уюп,
Өлкөм өссө жакшы экен.

Ата уулдун жакшысы,
Эли менен бир болот.
Ойлогон ою түз болот,
Айткан сөзү эп болот.
Ата-журтун гүлдөтүп,
Өз элине бий болот.
Кандай күндө калса да,
Эл-журту менен бир болот!

## УРПАКТАРЫМ, КЕЛЕЧЕГИҢ НЕ БОЛОТ?

Билим алып мектептен,
Эне-тилин билбесең,
Ата акылын, эне адебин,
Көңүлүңө илбесең,
Урпактарым,
келечегиң не болот?

Келечегиң не болот?
Аны кимдер ойлонот?
Рэкет болсоң мектептен,
Эртеңки күн шор болот?

Кыздар чыкты мушташкан,
Кече барып укташкан.
Эртең кантип ушулар,
Эне болот үй баккан?

Улуулардан уялбай,
Сүйлөйт жаштар жазганбай.
Жекиришет улууну,
Жерден чыга калгандай.

Эстейм өткөн жылдарым,
Аккан өмүр сууларым.
Аскар тоодой көрүнчү,
Ата-эне, мугалим.

Каталарың оңдогун,
Эртенкиңди ойлогун.
Ата-эне, мугалим
Эң күйөөрүң болорун,
Эч унутчу болбогун.
Алар айткан адепти,
Алар берген билимди,
Келечекке толгогун!

* * *

Ыйман, мээрим жан дүйнөңдү ээлесин,
Көңүлүңө арам ойлор келбесин.
Чырлашканың, урушканың туура эмес,
Чырдын ойлон, эч жакшылык бербесин.

Эмгек кылсаң, бак-таалайлуу болосуң,
Урматтасаң, сен да сыйды көрөсүң.
Рэкеттик кылганыңар – жаңылуу,
Аны менен жакшылыкка жетпейсиң.

Мен силерге каалаганым, токтоолук!
Тилегеним узун өмүр, ден соолук.
Жаратканым баарыңарга жар болуп,
Дилиңерде болсун, ыйман-нарктуулук!

* * *

Адепсиздик, ууруулук күчөп жатса,
Рекэттер мектепте уруп-тоноп.
Кыздарыбыз сойкулукка көнүп жатса,
Урпактарым келечегиң не болот?

Ата-энелер уул-кызын тыйышпайбы?
Уул-кызы айтканын угушпайбы?
Мугалимдер көңүлүн бурушпайбы?
Талап кылып тартипти турушпайбы?

Мугалимдер талапты коюш керек,
Ата-энелер жанында болуш керек.
Темирдей тартип гана жаштарды оңойт,
Кайдыгер болгонду жоюш керек.

# БАКЫТ БОЛОТ ТУРБАЙБЫ

Ойноп-күлгөн күнүбүз,
Бакыт болот турбайбы.
Алла берген өмүрлөр,
Белек болот турбайбы.
Бул дүйнөдө адамдар,
Ар кыл болот турбайбы.
Кээ бирөөнү сыйласаң,
Сыйын сунат турбайбы.
А кээ бирин сыйласаң,
Душман чыгат турбайбы.

Билбейт деп айың иш кылба,
Билинип калат турбайбы.
Укпайт деп ушак сүйлөбө,
Угулуп калат турбайбы.
Жүрөгүндө оту бар,
Баатыр болот турбайбы.
Билегинде күчү бар,
Балбан болот турбайбы.
Жер кадырын билгендер,
Дыйкан болот турбайбы.
Кырман толо дан алып,
Элин багат турбайбы.

Ар-намыстуу азамат,
Элин ойлойт турбайбы.
Ата-журт деп иштесе,
Эли баалайт турбайбы.

Бактылуу өмүр сүргөнүң,
Билинбей жүрөт турбайбы.
Жараткан бизге бакытты,
Байкатпай берет турбайбы.
Бактысын кармап калбаган,
Арманда калат турбайбы.

Өмүрүң менен катарлаш,
Шум ажал жүрөт турбайбы.
Аман-эсен жүргөндү,
Алла колдойт турбайбы.
Жакшылык менен жамандык,
Жанаша жүрөт турбайбы.
Жакшылык жеңсе эгерде,
Жамандык качат турбайбы.
Ачууну акыл жеңгенде,
Биримдик болот турбайбы.
Биримдик болсо элимде,
Ата-журт гүлдөйт турбайбы.

Таланттууну тааныткан,
Устат болот турбайбы.
Элге накыл сөз айткан,
Даанышман болот турбайбы.
Таланттуудан из калса,
Мурас болот турбайбы.
Мурас калса көөнөрбөс,
Эл эскерет турбайбы.
Эл эмгегин эскерсе,
Экинчи өмүр турбайбы.

Пейили кең кыргыздар,
Нарктуу элден турбайбы.
Ата салтын сактаган,
Түптүү элден турбайбы.
Касташкан жоо келгенде,
Ала-Тоосун коргошуп,
Шейит кеткен турбайбы.
Эрдиктери түбөлүк,
Өчпөй калган турбайбы.
Кылымдардан кылымга,
Санжыралар, дастандар,
Айтылып калган турбайбы.

Эзелтеден кыргыздар,
Ала-Тоосун мекендеп,
Душмандардан коргогон,
Баатыр элден турбайбы.
Туйлатып тулпар минишип,
Боз үйдү жасап тигишип,
Көчмөн болгон турбайбы.
Бал кымызды жасаган,
Каада-салтты сактаган,
Байыркы элден турбайбы.

Ар бир өткөн кылымда,
Заманына жараша,
Баатырлар чыккан турбайбы.
Ар замандын жарчысы,
Акын болот турбайбы.

Мезгил өтүп билинбей,
Жер өзгөрөт турбайбы.
Өмүр өтүп билинбей,
Эл өзгөрөт турбайбы.
Кыянаттык кылганды,
Биримдикти бузганды,
Эл кечирбейт турбайбы.

Ата-журтум, элим деп,
Дилибизден кызматты,
Кылган жакшы турбайбы.
Өрнөктүү өмүр сүргөндөр,
Өчпөгөн жылдыз турбайбы.
Эпкиндүү эмгек кылганды,
Эли баалайт турбайбы.
Эл эмгегин бааласа,
Баатыр болот турбайбы.
Түбөлүккө тарыхта,
Жазылып калат турбайбы.

Махабатка кабылсаң,
Жүрөк толкуйт турбайбы.
Сүйгөнүңө баш кошсоң,
Турмуш таттуу турбайбы.
Жаш кезиңде балдарың,
Кубанчың болот турбайбы.
Карыганда балдарың,
Жөлөк болот турбайбы.
Көз өткөндө балдарың,
Туяк болот турбайбы.

Үйдүн шамын өчүрбөй,
Кармап калат турбайбы.
Өмүрлөрдү өмүргө,
Улап калат турбайбы.
Өткөндөрдү эскерсе,
Арбак колдойт турбайбы.
Учугубуз үзүлбөй,
Калган жакшы турбайбы.

Аалам жарык болсун деп,
Күн жараткан турбайбы.
Ырыскысын тапсын деп,
Жер жараткан турбайбы.
Түндүн көркүн ачсын деп,
Ай жараткан турбайбы.
Айдын көркүн чыгарган,
Жылдыз болот турбайбы.
Өмүр жашоо болсун деп,
Суу жараткан турбайбы.
Жер жаңырып алсын деп,
Жаз жараткан турбайбы.
Саратанда бышсын деп,
Жай жараткан турбайбы,
Салкын кезде жыйсын деп,
Күз жараткан турбайбы.
Жер күчүнө келсин деп,
Кыш жараткан турбайбы.

Пенделердин өмүрү,
Бир аманат турбайбы.

Жалгыз келип, жалгыз кетер,
Жалган дүйнө турбайбы.
Баарыбыздан бул дүйнө,
Калып калат турбайбы.
Тирүүлүктө сыйлашып,
Жүргөн жакшы турбайбы.

Тууган, достун кадырын,
Билген жакшы турбайбы.
Кызмат болсо колуңда,
Тууган-урук, досторуң,
Күндө келет турбайбы.
Айткан сөзүң аларга,
Жага берет турбайбы.
Былык ишин айрымдар,
Сыр билгизбей акырын,
Жасай берет турбайбы.
Сыйкылардын торуна,
Өзү түшөт турбайбы.
Чындыкты айтса чыркырап,
Душман көрөт турбайбы.
Иш кеткенде колуңдан,
Кур доомат калганда,
Кээде кырсык чалганда,
Кээ бир тууган, досторуң,
Сыртын салат турбайбы.
Чын балээге калам деп,
Качып калат турбайбы.
Кээ бир тууган, досторуң,
Кыйын кезде бел болуп,

Кабар алат турбайбы.
Туңгуюктан чыкса деп,
Акыл айтат турбайбы.
Тирүүлүктө сыйлашып,
Жүргөн жакшы турбайбы.
Баарыбызга бул дүйнө,
Бир күнү бүтөт турбайбы.
Өмүр, мансап, бийлигиң,
Убактылуу турбайбы.
Бул дүйнөгө адамдар,
Мейман болот турбайбы.
Из калтырсаң журтуңа,
Бакыт болот турбайбы.
Өлбөс, өчпөс из калса,
Эл эскерет турбайбы.

# ЭМНЕ ЖЕТСИН

Эмне жетсин, бейпил, жайкын тынч күнгө,
Эл ичинде аман-эсен жүргөнгө.
Эмне жетсин ата-энеге эркелеп,
Балалыктын алтын доорун сүргөнгө.

Эмне жетсин, өмүр гүлдөп турганга,
Теңир буйруп, Теңир колдоп турганда.
Эмне жетсин, сүйгөнүңө баш кошуп,
Бала көрүп, бак-таалайга тунганга.

Эмне жетсин, элге кызмат кылганга,
Алкыш алып, эл алкоосун укканга.
Эмне жетсин, Ата Журтка бел болуп,
Элдин уулу, кызы болуп турганга.

Эмне жетсин, неберелүү болгонго,
Неберени жыттап кумар жазганга.
Эмне жетсин, уул-келиниң ызаттап,
Карылыктын доорун узак татканга.

Эмне жетсин, Мекен бейпил турганга,
Өлкөм өсүп, өрүш алган жылдарга.
Кыргыз элим бактылуу да таалайлуу,
Кыргызстан гүлдөп-өсүп турганда.

# ӨЛКӨМ ӨНҮП-ӨСӨБҮ?

Бийлик, өкмөт, эл өкүлдөр,
Журт тагдырын ойлобосо,
Эл таламын коргобосо,
Жеп-ичкенди тыя албаса.
Паракорду жоё албаса,
Өлкөм өнүп-өсөбү?

Бийлик туура иштебесе,
Ак-караны иргебесе,
Жаштар көйүн чечишпесе,
Өлкөм өнүп-өсөбү?

Бийлик таза болуш керек,
Тартипти катуу коюш керек.
Элге кызмат кылыш керек,
Жеп-ичкенди тыйыш керек.

# ДҮЙНӨДӨ ЭМНЕ ЖАМАН?

Дүйнөдө эмне жаман?
Ата-энесин сыздатып,
Акаарат кылган жаман.
Мекенин саткан жаман,
Өз элин аткан жаман.

Өмүрдү кыйган жаман,
Кыянат кылган жаман.
Кайдыгер болгон жаман,
Уурулукка, сойкулукка көнгөн жаман.

Эл байлыгын алган жаман,
Жалганды айткан жаман.
Каргышка калган жаман,
Калпыска барган жаман,
Өздөн чыккан жат жаман.

Өз элине тар болгон жаман,
Өчөгүшүп кас болгон жаман.
Эл ичинде наалатка калып,
Элден чыгып, качкан жаман.

# КЕЛИНДИН АРМАНЫ

Уруксат бериң апаке!
Сизге айтчу бир сырым бар!
Кейип бир жазган ырым бар!
Кеч кирди, апа, акылым,
Кейиштүү болдум, чындык ал!

Баркыңызды билбеген,
Акыл-эс менде жок экен.
Ойлорум тайкы пас болуп,
Элирип жүргөн кез экен.

Кубанып келин кылдыңыз,
Кыздай көрүп турдуңуз.
Ата-энемди урматтап,
Ызаат кылып куттүңүз.
Кыялымды көтөрүп,
Сабыр кылып жүрдүңүз.

Балаңыз мени сүйсө да,
Эркелетип жүрсө да.
Кем-карчсыз болуп турмушум,
Керилип ойноп-күлсөм да.
Ызаттап сизди турбадым,
Урмат-сыйды кылбадым.

Оорунду колдон албадым,
Очокко отуң жакпадым.

Кулуңду алып чыкпадым,
Кириңди жууп эринбей,
Нан жаап ысык сунбадым.

Келиндин доорун сүрдүм мен,
Эркелеп, ойноп күлдүм мен.
Жактырбай, айткан акылды,
Тыржыйа басып кеттим мен.

Таарынычың сезгенде,
Тартпадым сизди боорума.
Күйүгүп жүрүп апаке,
Чалдыгып калдың ооруга.
Кечирим сурайм ийилип,
Барбадым неге алдыңа.

Сыркоолоп калган кезиңде,
Кабар алып барбадым.
Көңүлүң алып бөпөлөп,
Уйкумду бөлүп бакпадым.

Эсиме келбей жүрдүмбү,
Эртерээк салбай «жүгөндү»,
Керкейген келин болсом да,
Кечирдиң далай күнөөмдү.

Кайгыртканым билемин,
Сыздаганың сеземин.
Келиниңизге акыл кеч кирип,
Кайгырып жүргөн кезегим.

Ийилип сизден суранам!
Кечириңиз күнөөмдү.
Баркына жетпей балаңдын,
Кесирлүү келин мен болдум.
Баалабай таалай-багымды,
Кесирлүү болбой не болдум.

Чаалыгып келсең айылдан,
Жаркылдап тосуп албадым.
Төргө өтүңүз апа, деп,
Сый төшөк сизге салбадым.

Ак дасторкон жайбадым,
Ийменип чайым сунбадым.
Ак жоолук салып, бата алып,
Акылдуулук кылбадым.

Биз айылга келгенде,
Кубанып күтүп аласыз.
Алдыма төшөк саласыз,
Ак дасторкон жаясыз.
Тамак-ашты белендеп,
Алып кет деп турасыз.

Тарбия алса энеден,
Кайнене баркын билет дейт.
Өз энедей көрөт дейт,
Айткан сөзүн угат дейт.
Сөзүңдү укпай апаке,
Сөгүлүп жүрөм убай жеп.

Кечириң менин күнөөмдү!
Баалаймын акыл сөзүңдү.
Насаатың угуп апаке,
Баккым бир келет өзүңдү.

Уруксат бериң апаке,
Ак жоолугум салайын,
Ак тилегим айтайын.
Бөпөлөп баккан балдардын,
Урматын көрүң ылайым.
Колдоп жүрсүн Кудайым.

Аман-эсен жүрүңүз,
Карылык доорун сүрүңүз.
Кечирип менин күнөөмдү,
Кеңеш берип туруңуз.

Убагында кадырлап,
Сыйлабадым апаке.
Кыйын кезде бел болуп,
Жүрө албадым апаке.

Арманым айттым чынында,
Бул болуп өткөн чындык да.
Кыз-келинге айтаарым,
Кайнене, кайын атаны,
Ата-энеңдей баалагын.

Ата-энеңдей урматтап,
Көзү барда сыйлап кал.

Айткан акыл-насаатын,
Жүрөгүңө түйүп ал,
Ак батасын алып кал.

Чындыкты айтып какшадым,
Бул, акылсыз келин арманы.
Айта берсем арман көп,
Көмүскө калсын калганы.

Турмушта мындай болбосун,
Чекилик кылса келиндер,
Убагында оңдосун.
Сыйласа алган жубайын,
Ата-энесин сыйласын.
Мен кетирген катаны
Башкалар асти кылбасын!!!

# ЖАКШЫ СӨЗ

Жакшы сөздүн нуру болот чачылган,
Жакшы сөздүн кулу болот адамдар.
Жакшы сөздү аябагын алардан,
Жакшылыгың кайтып турат АЛЛАдан.

* * *

Өмурдүн мулку жакшы сөз,
Өмурдүн көрку жакшы сөз.
Жашоодо зарыл жакшы сөз,
Жарпыңды жазат жакшы сөз.

Жакшы сөз ташты ээритет,
Жаман сөз жанды кейитет.
Жакшы сөз көңүл өстүрөт,
Жаман сөз көңүл чөктүрөт.

Жакшы сөз суусун кандырат,
Жаман сөз эстен тандырат.
Дабасы күчтүү жакшы сөз,
Дарысыз жүрөк дарылайт.

Жакшы сөз өмүр булагы,
Жакшы сөз өмүр чырагы.
Кан жүгүрткөн тамырга,
Жакшы сөз жүрөк ынагы.

Жаман сөз айтып кейитпей,
Жакшы сөз айтып жүрөлү.
Жашообуз канча ким билет,
Жашоонун баркын билели.

Жакшыдан жакшы сөз чыкса,
Жарпынды жазып кубантат.

Жамандан жаман сөз чыкса,
Ал өмүрүңдү кыскартат.

Жашоонун баркын билели,
Жайнаган гүлүн терели.
Жашообуз өтөт тез эле,
Жамандык кылбай жүрөлү.

Өмүрдүн баркын билели,
Өмүрдүн гүлүн терели.
Өмүрүң өтөт тез эле,
Өрнөктүү өмүр сүрөлү.

Ата журт баркын билели,
Мекенди аздек сүйөлү.
Ата журт көркү дем болуп,
Максатты алга сүрөйлү.

Ата-эне баркын билели,
Урматтап-сыйлап жүрөлү.
Кадырлап, барктап күтө албай,
Өкүнүп кийин жүрбөйлү.

Баланын баркын билели,
Мээримди төгүп сүйөлү.
Баланын көрүп урматын,
Бактылуу өмүр сүрөлү.

Достуктун баркын билели,
Достошуп элдер жүрөлү.

Ынтымак болуп ортодо,
Ынтымак менен гүлдөйлү.

Ааламга кимдер келбеген,
Жашоону барбы сүйбөгөн.
Сыйлашып жүрүп өтөлү,
Ааламдан барбы өтпөгөн.

Жакшыны коргоп жашайлы,
Жамандык ишке барбайлы.
Ар-намысты туу тутуп,
Нарк-насилди сактайлы.

# ЖАШООДО ЭМНЕ КЫМБАТ?

Жашоодо эмне кымбат? Өмүр кымбат,
Өмүрдө, табылбаган көңүл кымбат.
Андыктан көңүлдөрдү оорутпайлы,
Бул күндөр учкан куштай, көпкө турбайт.

Жашоодо эмне кымбат – адал-актык!
Жабыркатып жанга кылба эч залалдык!
Акыйкат бар, эрте-кечпи далилдейт,
Жакшылыкка, кылсаң эгер жамандык.

Жашоодо эмне кымбат – дени соолук!
Байлыгың да, бакытың да – ден-соолук!
Бакыттын барып турган жери эмеспи,
Башыңдан түшпөй жүрсө ак жоолук.

# ТУРМУШ ЖОЛУ

Турмуш жолу – ашуусу бар көп кырлуу,
Турмуш жолу – илим экен көп сырдуу.
Турмуш жолу – түгөнбөгөн табышмак,
Турмуш жолу – ачуу, таттуу бал сындуу.

Турмуш жолу – татаал тайгак көчүүдөй,
Турмуш жолу – толкуну күч деңиздей.
Түп тамырын кууратпастан өстүрсөң,
Турмуш жолу – жаздын жарык күнүндөй.

Турмуш жолу – кээде тоңгон муздайсың,
Турмуш жолу – кээде толгон Айдайсың.
Турмуш жолу – күркүрөгөн күздөйсүң,
Турмуш жолу – жаркыраган жаздайсың.

Тирүүлүкто жакшы экен сыйлашуу,
Тирүүлүктө жарабастыр чырлашуу.
Тирүүсүндө урмат, сыйды кылбаса,
Кереги эмне өлгөндөн соң ыйлашуу.

Жашоону жашайлычы акыл менен,
Жашоону жашайлычы сүйгөн менен.
Жашоодон өмүр шамы өчө электе,
Жашоону жашайлычы баалап терең!

# КЕЛИНДЕРГЕ НАСААТ СӨЗ

Кудай кошкон жарыңа –
Мээримиң төгүп Күн болгун.
Жарыгың чачып Ай болгун,
Жыттаса жыпар гүл болгун,
Чаңкаса мүрөк суу болгун.

Өйдө-төмөн учурда,
Жарыңа арка-бел болгун.
Кайнене, кайынатага,
Ыйбаалуу карап ийменип,
Ыймандуу келин сен болгун.

Ойлогон оюң түз болсо,
Омоктуу ойду айтканда,
Оюңду бөлүп угарсың.
Жабыркатпай жарыңды,
Ардактап сыйлап турарсың.

Арзууң сенин чын болсо,
Ак сүйүүңдү арнаарсың.
Каш-кирпиктен баамдап,
Айттырбай баарын туярсың.
Ордолуу шаар курарсың.

Колуңдагы бакытты,
Баркын билип кармап кал.
Урматтап алган жарыңды,
Турмушуңду сактап кал!

# КЫЗЫМДАЙ БОЛУП ЖҮРӨБҮ

Уулумдун жары болот деп,
Турмушту бирге басат деп,
Ата-энелер кубанып,
Чачылып келин алышат,
Оорумду колдон,
Жеңилим жерден алат деп.

Эл-журтту сыйлап чакырып,
Үлпөт тоюн өткөрүп,
Каада-салтты жасашып,
Элден бата алышат,
Канча бир түйшүк көтөрүп.

Кубанып алган келиним,
Ыймандуу келин болобу?
Кайната, кайын энеге,
Кызындай болуп жүрөбү?
Өйдө-төмөн турмуштун
Кой-көйүнө көнөбү?

Чаалыгып келсем жумуштан,
Келиниз, төргө өтүң деп,
Ызаат кылып турабы?
Ак дасторкон жайабы?
Ак чыны чайын сунабы?

Тууган-туушкан келгенде,
Керкейип боюн көтөрбөй,
Жадырап-жайнап күтөбү?
Тамак-ашын белендеп,
Ташпүштөргө түтөбү?

Сыркоолоп калган күндөрдө,
Алымды сурап келеби?
Киримди жууп бапестеп,
Кызымдай болуп береби?

Акылдуу болсо келиним,
Ыймандуу келин болот го.
Кайын журтун ызааттап,
Калк сынына толот го.

Айткан акыл-насаатты,
Көңүл болуп угат го.
Чаалыгып келсем жумуштан,
Алымды сурап турат го.

Өйдө-төмөн турмуштун,
Өткөөлүнө түтөт го.
Алган жарын бөпөлөп,
Жөлөк болуп жүрөт го.
Бириктирип тууганды,
Даткадай мүнөз күтөт го.

Сүйүүдон тапкан балдарга,
Мээримдүү эне болот го.
Тарбиялап уул-кызын,
Тагдырга тепкич коет го.

Жараткандан суранам,
Келиндер болсун акылман.
Жакшылык кайтат Алладан,
Жакшылык куту асыл жар!!!

## ПОЭЗИЯ

Поэзия – Ала-Тоодой аскасың,
Таланттуунун жолун кенен ачасың.
Айрымдарды адашуудан кайырып,
Изденүүгө илхам берип, жалгайсың.

Поэзия – табышмаксың, сырдуусуң,
Ашылбаган ашуу болуп сүрдүүсүң.
Нөшөр болуп төгүлгөндө нурдуусуң,
Жан дүйнөмдө жанып турган сүйүүмсүң.

Поэзия – көк деңиздей тереңсиң,
Океансың, мелмилдеген кененсиң.
Учкунуңдан от болуп мен тутансам,
Босогоңдон мага орун берерсиң?

Поэзия – ааламына кирсем дейм,
Ашуулардан өзүң менен өтсөм дейм.
Көзгө сүрдүү толкунуңда сүзсөм дейм,
Элге ыр арнап, элимди ырдап жүрсөм дейм.

Поэзия – мээримдүүсүң энемдей,
Сен бар үчүн жашап келем кенебей.
Сырдашамын сени менен ар күнү,
Сырданамсың, көктө бийик середей.

Поэзия – жүрөктөшүм, сырдашым,
Капалансам, көңүлүмө дабасың.

Ысык-суукта дем-күч берип турасың,
Ыр жаздырып калем менен барагым.

Поэзия – аба-суудай керексиң,
Алла берген кереметтүү белексиң.
Ыр дүйнөгө кеч келгеним өкүнүч,
Оо, Теңирим, өзүң багыт берерсиң.

Оо, Теңирим, ыр жаздырган өзүңсүң,
Арзууларын ырга айлант деп көңүлдүн.
Аруулантып, ыйманымды бек кылып,
Өмүрүмдү гүлдөткөн да өзүңсүң.

Поэзия – сенин демиң күч берет,
Көз караштты сенин дүйнөң өзгөртөт.
Тээ эзелтен элин-жерин даңкташып,
Алп акындар жар салышып ырдашып,
Өлбөс-өчпөс мурас калган алардан.

Поэзия – тазалыктын ааламы,
Оттой жанып чачырасын нурларың.
Тунуктукту, аруулукту туу тутуп,
Туйгундарың ачсын сенин сырларың.

# ӨМҮР

Өмүр бизге бир келүүчү белек го,
Алла-Таалам өмүрдү бир берет го.
Жүрөктөрдө жакшы тилек-үмүттөр,
Өмүр бою бизди коштоп жүрөт го.

Өмүр гүлдөй, жайнап турган кези бар,
Өмүр гүлдөп, мөмө түйгөн кези бар.
Өмүр дайра – толкуну бар, сүрү бар,
Капилеттен жылт деп өчкөн түнү бар.

Өмүр, бирде гүлдөн назик экенсиң,
Аккан суудай кайда шашар экенсиң.
Токто десем, укпай кете бересиң,
Учкан куштай убакытты кезесиң.

Өмүр айтчы, сени кантип сактасам,
Ооруп калсам, жанталашып далбастайм.
Оо, Жараткан, сен каарыңа албасаң,
Бүгүн бармын, эртең билбейм, аясаң.

Өмүр жалгыз, эне жалгыз, журт жалгыз,
Бул үчөөсүн бир да адам таналгыс.
Эне улук, мекен ыйык табылгыс,
Кадырына жетпегендер ыймансыз.

Өмүр барда, Ата- Журтум ыйыксың,
Өмүр барда, атам-энем кымбатсың.

Өмүр барда, уул-кызым кубатсың,
Өмүр өтсө менден калган туяксың.

Өмүр өтөт саат жебеси сабылып,
Күндөн айлар, айдан жылдар куралып.
Жылдар өтүп, кылым турат жаңырып,
Туяк калып, өмүр турат уланып.

Аз өмүрдө арам ишке барбайлы!
Эл байлыгын, журт байлыгын чачпайлы.
Казынага суук көлду салбайлы,
Урпактарга уят болуп калбайлы.

Ынтымакты, биримдикти сактайлы,
Эмгек кылып ата-журтту даңктайлы.
Өмүр деген учкан куштай тез өтөт,
Ата-эненин үмүттөрүн актайлы.

Ата-журтка мурас калса көөнөрбөс,
Баатырлардан эрдик калса, ал өлбөс.
Эмгек кылып, из калтырсаң эч өчпөс,
Туяк калса учугубуз үзүлбөс!

* * *

Өмүрдүн жаз күнүндөй көктөмү бар,
Өмүрдүн жай күнүндөй аптабы бар.
Өмүрдүн күз күнүндөй күрдөөлү бар,
Өмүрдүн кыш күнүндөй бороону бар.

Өмүрдүн көктөмүндө тамыр алып,
Өмүрдүн жазы келсе гүлдөгүлө.
Өмүрдүн күрдөөлүндө жаңылбастан,
Өмүрдүн пайдубалын түптөгүлө!

# ӨМҮРДҮ АЛЛА БИР БЕРЕТ

Өмүрдү Алла бир берет,
Өмүрдүн бары керемет.
Өкүнбөстөй өмүр сүр,
Өмүрүң канча ким билет.

Жашоону Алла бир берет,
Жашаган өзү керемет.
Жамандык кылбай жашагын,
Жашообуз канча ким билет.

Өмүрүң барда иштеп кал,
Эмгектен татып таттуу бал.
Из калтырып мекенге,
Өрнөктүү өмүр сүрүп кал.

Урматтап ата-энеңди,
Убагында багып кал.
Айткан акыл сөздөрүн,
Жүрөгүңө түйүп ал.

Талантың болсо чыгып кал,
Такшалтып шакирт күтүп ал.
Талантың менен таанылып,
Жылдыздай көктө күйүп кал.

## ЭНЕ ТИЛЕГИ

Ак бешик жасап бакытка балкып,
Ыйласа бала уйкусу качып.
Ак сүтүн берип багат го эне,
Ар дайым аппак тилегин айтып.

Ыңаалап ыйлап, кыйналса бөбөк,
Энеден артык чыдабайт бөлөк.
Терметип бешик, мамагын салат,
Наристе эмсе, элжиреп жүрөк.

Наристе күлсө элжиреп жүрөк,
Айланып эне бактылуу күлөт.
Жашоонун өзү керемет болуп,
Жаңырган күнү жаркырап тийет.

Уул-кыз багып убайым тартып,
Башына далай мээнетти артып.
Урматын көрсөм деп тилейт эне,
Улгайган кезде маңдайы жаркып.

## АПАКЕМ

Апакем ай, өмүр берип бар кылган,
Бүт өмүрүн балдарына арнаган.
Бир уяда баарын багып чоңойтуп,
Тарбиялап ай-ааламга учурган.

Апакем ай, бизге дайым тирексиз,
Теңдеши жок ыйыксыз да, зирексиз.
Алтын апам, өбөксүз да жөлөксүз,
Керек десем жүрөктү да бересиз.

# ЫРЫМ КЕЛЧИ

Сыркоолосом ырым болду гулазык,
Ар бир күндү көрсөм дедим, таң атып.
Ырым менин жан шеригим, ынагым,
Сени сүйөм, сен да болчу мага ашык.

Ырым келчи, сагынычым жазайын,
Эргүү алып ырахатка батайын.
Ырым келсе алтын-күмүш артынып,
Кен байлыгым элге тартуу кылайын.

Ырым келсе, нөшөр болуп төгүлсөм,
Ой деңизге суу перидей чөмүлсөм.
Ырым келсе, жоогазындай ачылып,
Махабаттын Мажнунуна өбүлсөм.

Ырым келчи, ой деңизде сүзөйүн,
Көзгө сүрдүү толкунуңдан өтөйүн.
Ыр дүйнөгө кеч келгеним өкүнүч,
Көз өткүчө аспиеттеп күтөйүн.

Ырым келсе, мен от болуп жагылсам,
Жалынынан жакшы ырларды жаратсам.
Ырым менен өмүрүмдү карытсам,
Көңүлдөргө ыр берметин таратсам.

Ырым менин жан шеригим болобу?
Балким мени же жактырбай коёбу?

Жазган ырым элден түнөк табабы?
Элге жакпай же окулбай калабы?

Ырым келчи, мага болчу гүл азык,
Ыр дүйнөгө кирейинчи бел ашып.
Ырым менин жан шеригим, ынагым,
Сени сүйөм, сен да болчу мага ашык.

Ырым келчи, «маңдайыңдан сылайын»,
Жазып-жазып бир кумардан чыгайын.
Ырым келчи, нөшөрүңдө калайын,
Ыр майдандан мен да орун табайын.

Ырым келчи, жүрөк сырым айтайын,
Кабыл алсаң, ыр чачыла чачайын.
«Таттуу» болсоң, тамшанышып татышаар,
Ырым келчи, элдин оюн жазайын.

Ырым келчи, эс алдырган таң болуп,
Ырым келчи, мээрим төккөн Күн болуп.
Ырым келчи, жарык чачкан Ай болуп,
Турчу мага ашууларда дем болуп.

Ырым сага ашык болдум кыркымда,
Көрүнбөгөн оттор жанды ичимде.
Асылдардын асылысың чынында,
Аруулукту арнап турган дилиме.

Караңгыда чырак болдуң жагылган,
Капалансам, жөлөп турдуң башымдан.
Эргүү берип сезимимди аруулап,
Тартып алдың, чөгүп жаткан дайрадан.

Ошондуктан ырым сени сүйөмүн,
Сенден асти күдөрүмдү үзбөймүн.
Ырым сенин кайыгыңда сүзөмүн,
Сен бар үчүн мен да жашап жүрөмүн.

# УРУКСАТПЫ, ЖАНЫҢАРГА БАРАЙЫН?

Уруксатпы, жаныңарга барайын?
Жалпыңардан дем-күч байлап алайын.
Ишенсеңер, калем сабым «учтайын»,
Ак баракка аруу сырым жазайын.

Илхам келсе ички сырым төгөйүн,
Куурап калбай араңарда көктөйүн.
Атыңарды окуп сүрдөп турамын,
Араңарга ырым менен жөнөйүн.

Урматтаган ага-эже, ини-синди бар экен,
Алар гүлдөп жетилишкен бак экен.
Чыгармачыл адам дили башкача,
Араңарда мага орун бар бекен?

Ыр дүйнөгө жаңы гана киргенмин,
Поэзия ааламынан сүрдөймүн.
Мен өмүрдүн ашуусуна келгенмин,
Сиздер менен сырдашууну эңсеймин.

Кыргыз эли таланттарга бай элден,
Жазуучу, акын кыргызда көп эзелтен.
Таланттуулар чыгып жатат бүгүн да,
Ал инсанга Кудайымдан берилген.

# БАК-ТААЛАЙ, ӨМҮРДҮ СИЛЕРГЕ ТИЛЕЙМИН!

Дилимди оорутсаң, от болуп жанайын,
Шагымды сындырсаң, жылмайып
карайын.
Душманым күлбөсүн, табалап жүрбөсүн,
Турмуштун ызгаарын жүрөккө катайын.

Көңүлүм оорутсаң, мээримим төгөйүн,
Жүрөгүм сыздаса, билгизбей жүрөйүн.
Башкалар билбесин, оорусам сезбесин,
Баарыңа АЛЛАдан өмүр-бак тилейин.

Илебиң муз болсо, нурумду чачайын,
Чагылган жарк этсе, кучака катайын.
Күн болуп сүйөйүн, жаныңда жүрөйүн,
Ден-соолук, өмүрдү баарына каалаймын.

# ТИЛЕК КЫЛАМ

Тилек кылам Алла-Таалам, Жараткандан,
Балдарыма узун өмүр берсе деп.
Ар биринин түндүгүнө кут конуп,
Эл ичинде аман-эсен жүрсө деп!

Бир сүйүүдөн, таалай багың гүлдөбөйт,
Суу куйбасаң тамыр алып көктөбөйт.
Баалабасаң, урмат, мээнет кылбасаң,
Жаркыраган жаз да бүрдөп, гүлдөбөйт.

Тилек кылам, таалай-багың көктөсүн,
Тамыр алып шактап алар бүрдөсүн.
Жаркыраган жаздай болуп турмушуң,
Бажырайып ар бир шагы гүлдөсүн.

Тилек кылам,
келиндерим кыздан артык болсо деп,
Жүрөгүнө ыйман, мээрим уялап,
Даанышман жар деген атка консо деп,
Ысык аптап, бороондордон далдалап.

Тилек кылам аман-эсен жүрсө деп,
Этегине бала толуп,
бак дөөлөттүү болсо деп.
Ологон ой-максатка жетишип,
Шаңга толуп, үйлөр шаар болсо деп.

Тилек кылам, Алла-Таалам колдосун,
Ыйман-мээрим балдарыма орносун.
Гүл багында уул-кызы ойносун!
Алар дагы ата-энесин урматтап,
Карыганда санаалардан коргосун!

## БЕШИК ЫРЫ

Ананайын бөбөгүм,
Кандан чыккан данегим.
Жакшылыкка жар салып,
Таалайыма төрөлдүң.

Алдей-алдей ак бөпөм,
Ак бешике жат бөпөм.
Колдоруңду байлабайм,
Ойноп көңүл ач бөпөм.

Алла берген белегим,
Эки көзүм, карегим.
Таянычым, тирегим,
Таалайыңда жүрөйүн.

Алдей-алдей бөбөгүм,
Ак бешикке бөлөйүн.
Апакеңди эмип ал,
Анан ишке жөнөйүн.

Алдей-алдей ак бөпөм,
Ак бешикке жат бөпөм.
Апаң иштен келгенче,
Сен ыйлабай тур бөпөм.

# ТАЯНАР ТООМ, ТИРЕГИМ

Берметим менин тун кызым,
Балбылдап жанган жылдызым.
Оорумду колдон эрте алып,
Жардамчым болдуң сен кызым.

Эрик уулум экинчим,
Чалкыган дайра денизсиң.
Өзүңдөй көрүп баарысын,
Өзгө-жатка тегизсиң.

Бактыгүл кызым үчүнчүм,
Шар аккан суудай жүрүшүң.
Пейилиң кенен меймандос,
Жайнаган кызыл гүлүмсүң.

Эдик уулум төртүнчүм,
Түндүгүмө түркүксүң.
Баарын байкап туясың,
Акылдан чеп курасың.

Бешинчи балам Эмилим,
Көтөрүп турат көңүлүм.
Өзгөчө жакын өзүмө,
Эгеси, кийин төрүмдүн.

Неберелерим эрмегим,
Кудайым берген белегим.
Ыймандуу болуп баарыңар,
Актагын эне тилегин.

Балдарым бактым, таалайым,
Ордолуу шаарым, турагым.
Таянар тоом, тирегим,
Баарыңа өмүр тилеймин!

## БАЛАМ-БАКТЫМ

Балам – жүрөк,
Көөдөнүмдө болкуган.
Балам – каным,
Жүрөгүмдө толкуган.
Балам – данек,
Жаратқандан жазылган.
Балам – каным,
Тамырымда кагылган.
Балам – мүрөк,
Өмүрүмдү улаган.
Балам – тагдыр,
Таалай-багым дуулаган.
Балам – Күнүм,
Көңүлүмдү жылыткан.
Балам – Айым,
Түндөр жарык нурунан.
Балам – булбул,
Гүл багымда сайраган.
Балам – ордом,
Бакты-таалай айланган.
Балам – кубат,
Дем-күч берип жашаткан.
Балам – түркүк,
Түндүгүмдү кармаган.
Балам – туяк,
Өмүр көчүн улаган.
Аман болгун,
Аман жүргүн,
Болойун мен садаган!

# АМАН БОЛГУН, КАГЫЛАЙЫН БАЛДАРЫМ!

Силерсиңер, бул жашоодо тапканым!
Силерсиңер, ордолуу шаар турагым!
Силерсиңер, кубанычым, кубатым!
Силерсиңер, менден калар туягым!

Силерсиңер, алыс кетсең, күтөөрүм!
Силерсиңер, өмүр бою сүйөөрүм!
Силерсиңер, ылдый болсом жөлөгүм!
Силерсиңер, энекем деп күйөөрүм!

Эмгек кылсаң, тилегиңе жетесиң,
Урмат кылсаң, сен да сыйды көрөсүң.
Ачуу душман, акыл дос го жан балам,
Айтканымды жүрөгүңө түйөрсүң.

Оорусаңар оюм онго бөлүнгөн,
Бир күн мага бир кылымдай көрүнгөн.
Ооруганың, кыйналганың көргөндө,
Жүрөк сыздап, көзүм жашка чөмүлгөн.

Турмуш күрөш, көр тирилик түгөнбөйт,
Күчтөн тайып бараткaным кейитет.
Мен силерди колдой албай калганым,
Ай жан балам, мени жаман өкүнтөт.

Жаштык өттү, билинбестен алыстап,
Карылык кез жүгөн салды жакындап.
Чарчоо билбей тарсылдаган жүрөгүм,
Мени кээде солгун согуп коркутат.

Аман болгун кагылайын балдарым,
Өмүр берсин, бакыт берсин Кудайым.
Эч убакта үзүлбөсүн учугуң,
Аман болгун! Колдоп жүрсүн Кудайым.

# НЕБЕРЕЛЕРИМ ЭРХАН ЖАНА ЭЛХАНГА

Айланайын балдарым,
Өмүр көчүн улоочум.
Аман-эсен жүргүлө,
Жөлөгүм да тирөөчүм.

Элден алып батаны,
Эл десин деп атагы,
Жакшы тилек, жакшы үмүт,
Элдин уулу болууга,
Жеткирет деп баланы,
Ысмыңарды чоң атаң,
Эрхан, Элхан атады.

Эрхан, Элхан эр болгун,
Эр азамат шер болгун.
Элдин жүгүн көтөрүп,
Ата-энеңе бел болгун!

# МЕНИ БАЛАМ, ЭСТЕГИН

Кетсем келбес сапарга,
Таң агарып атканда,
Күн шооласын чачканда,
Мени балам, эстегин.

Кызарып Күн батканда,
Күүгүм түшкөн маалда,
Шам чыракты жакканда,
Мени балам, эстегин.

Бак-дарактар шуулдап,
Жел жүргөндө эстегин.
Ак булуттун арасынан,
Ай чыкканда эстегин.
Жымыңдаган жылдыздар,
Жылт деп учса эстегин.

Жаз жамгыры дыбырап,
Жааган кезде эстегин.
Шүүдүрүмдү аралап,
Баскан кезде эстегин.
Өрүк-алма гүлдөгөн,
Баарда мени эстегин.

Бак-дарактын саясында,
Отурганда эстегин.
Атыр гүлдөр ачылып,
Аңкыганда эстегин.
Булбул-куштар бак ичинде,
Сайраганда эстегин.

Мөлтүрөгөн булактан,
Суу ичкенде эстегин.
Ийгиликке жетишип,
Кубанганда эстегин.
Эмгегиңден баар таап,
Алкыш алсаң эстегин.

Алыс калган бала чактын,
Алтын күнүн эстегин.
Катуу айтып урушуп,
Жүргөнүмдү эстегин.
Өйдө-төмөн күндөрдө,
Күйгөнүмдү эстегин.

Алла өмүр бергин деп,
Аман-эсен жүргүн деп –
Тилегеним эстегин.
Жүрөгүмдүн түпкүрүнөн,
Сүйгөндүгүм эстегин.

Кусалыкка көөдөнүң,
Толгон кезде эстегин.
Көңүлүңдү гаш кылып,
Жүрөгүңдү эзбегин!

Айланайын жан балам,
Аман-эсен жүр балам.
Элиң менен бир болуп,
Эмгек этип жүр балам!

# БАКТЫЛУУМУН

Бактылуумун, сендей жарды тапканыма,
Ооруп калсам сыр алдырбай бакканыңа.
Ыраазымын Алла-Таалам, Жаратканга,
Сендей жарды тагдырыма кут кылганга.

Ыраазымын, мени урматтап жүргөнүңө,
Мен кубансам, сен кубанып күлгөнүңө.
Ыраазымын, аяп турдуң көңүлүмдү,
Ыраазымын, азабыма түткөнүңө.

Ыраазымын, Алла-Таалам, Жаратканга,
Өмүрүмө өмүр кошуп узартканга.
Күндүн нуру сууруп алды канча дарттан,
Жүрөк ооруп, жүрөк чарчап баратканда.

Ыраазымын, Алла-Таалам, Жаратканга,
Өмүр шамы өчпөй кайра жанганына.
Бала көрдүм, эне болдум уул-кызга,
Бактылуумун, сендей жарды тапканыма!

# ШҮГҮР ДЕЙМ

Алла-Таалам өмүрдү,
Бергенине шүгүр дейм.
Кереметтүү ааламга,
Келгениме шүгүр дейм.

Аллам берген белегим –
Балдарым бар, шүгүр дейм.
Балдарымды Теңирим,
Колдогонго шүгүр дейм.

Жубайыма жар болуп,
Турмуш күттүм, шүгүр дейм.
Өйдө-төмөн мезгилде,
Өбөк болду, шүгүр дейм.

Кадыр-баркты билишкен,
Дос-жар күттүм, шүгүр дейм.
Энеке деп сыйлаган,
Күйөө балам – өз уулдай,
Келиндерим – кызымдай,
Бул сыйыма шүгүр дейм.

Ооруп калсам Кудайым.
Даба берди, шүгүр дейм,
Уул-кызым карашып,
Бакканына шүгүр дейм.

Алла-Таалам, Жараткан,
Колдогонго шүгүр дейм.
Балдар аман, жар аман,
Баарынан шуга шүгүр дейм.

## БИЗ КАЙ ЖАККА БАРАТАБЫЗ?

Биз кай жакка баратабыз?
Кимге ишенип жанашабыз?
Паракорду жоёбузбу?
Алдаганды коёбузбу?
Айткылачы, жемкорлордон
Качан? Кантип? Тазарабыз?

Чындык кайда?
Элим деген жетекчилер каякта?
Айткылачы, баратабыз кайакка?
Миллиондоп жегендер кармалбаса,
Эл өкүлдөр бир-бирин колдоп жатса,
Жеп-ичкендер жеринен качып жатса,
Арман-ыйды айтабыз кимге гана?

Жетимиш жыл топтогонду,
Чөмүчтөп чачышты алар.
Гүлдөп-өскөн чарбаларды,
Фабрика-заводдорду – банкрот деп,
Эбин таап менчиктеп алышты алар.

Карапайым элибизге эмне калды?
Кымбатчылык саат сайын өсүп жатты.
Үй-бүлөнү багам деп уул-кызыбыз,
Чет жактарга миң-миңдеп кетип жатты.

Биз кай жакка баратабыз?
Дагы канча адашабыз?
Коомубузду бузуп алып,
Качан, кантип тазарабыз?
Айткылачы замандаштар,
Келечекти канетебиз?
Урпактарга не айтабыз?

Биз кай жакка баратабыз?
Кимге ишенип жанашабыз?
Журт байлыгын чачкандардан,
Кошоматты айткандардан,
Өзөктү өрттөп жаткандардан,
Качан? Кантип? Тазарабыз?
Оңолсо экен – элдин оюу,
Оңолсо экен, заманабыз!

* * *

Жетекчилер элдин үнүн угар бекен?
Карапайым калкка көңүл бурар бекен?
Элге күйүп, эл тагдырын чечер бекен?
Миллиондоп жегендерди тыяр бекен?

Өткөн күндүн жакшы жагын алар бекен?
Адилетти, тартипти сактаар бекен?
Бийлик, өкмөт, эл өкүлдөр элди ойлошуп,
Эл мүдөөсүн аткарууга барар бекен?
Чындыкты айтсам, аларга жагар бекен?

# КАЙДА?

Өлкөм өсүп-өнүккөн заман кайда?
Күркүрөгөн, гүлдөгөн чарба кайда?
Бир жеңден кол чыгарган элим кайда?
Бир-бирине төгүшкөн мээрим кайда?

Элдин көйүн ойлогон бийлик кайда?
Адилетке иштеген мыйзам кайда?
Эчен элди дос кылган биримдик кайда?
Эмгек менен көгөргөн жылдар кайда?

Чек арасыз жол жүргөн заман кайда?
Бир туугандай бир жүргөн жандар кайда?
Соода кылсаң, бир тыйынды кайтарган,
Башкалардын ырыскысын албаган,
Ыйман кайда, уяттуу ынсап кайда?
Бекер окуп, бекерге дарыланган,
Жылдар кайда замандаш, жылдар кайда?

## НЕ ДЕЙБИЗ?

Снайперлер элди атканын не дейбиз,
Снайперди таппаганын не дейбиз?
Калк арасын кансыраткан канкорлор,
Кармалбады, качып кетти, не дейбиз?

Бул дүйнөгө кимдер келип кетпеген,
Кимдер гана бул дүйнөдөн өтпөгөн.
Таланттуудан, баатырлардан из калып,
Эмгекчилди, эл эмгектен эскерген.

Мекенчилдер элдин жүгүн көтөргөн,
Мээнет кылса тамыр алып көктөгөн,
Даанышмандар таланттууну таптаган,
Кыйын кезде элден-журттан качпаган,
Кас душмандан калкын-журтун сактаган.

# КҮЙӨМҮН ДА КҮЙӨМҮН

Кең Союздун маалында,
Гүлдөп өскөн чарбалар,
Булунгөнгө күйөмүн.
Жеңил өнөр жайларын,
Фабрик-завод, башкасын
Банкрот деп жар салып,
Менчик кылып алышып,
Уялбаса күйөмүн.

Кен байлыкты сатышып,
Журт байлыгын катышып,
Чет өлкөдөн мүлк алып,
Байлык топтоп элинен,
Качып жатса күйөмүн.
Кыянаттык кылышып,
Өмүрлөрдү кыйышып,
Өкүнбөсө күйөмүн.

Укук коргоо органы,
Айыпкерге жан тартып,
Актап турса күйөмүн.
Миллиондоп жегендерди,
Жактап турса күйөмүн.
Эл ишенген өкүлдөр,
Сессияга катышпай,
Этиканы сактабай,

Бирин бири чукушуп,
Сөгүшкөндө күйөмүн.

Кыңыр ишти кылганды,
Билмексенге салышып,
Жашырганга күйөмүн.
Мектептен да рэкеттер,
Чыгып жатса күйөмүн.
Ата-энелер балдарын,
Тыйбай жатса күйөмүн.
Мугалимдер көңүлүн,
Бурбай жатса күйөмүн.
Уул-кызыбыз насаатты,
Укпай жатса күйөмүн.

Ата-энесин сыздаткан,
Уул-кыз көрсөм күйөмүн.
Паракорлук күч алып,
Гүлдөгөнгө күйөмүн.
Коррупция өстү деп,
Жое албаса күйөмүн.
Газ, светтин акчасын,
Төлөгүлө деп келсе,
Уруп турса күйөмүн.

Ыйман, мээрим жоголуп,
Бараткaнга күйөмүн.
Бири бирин адамдар,
Аябаса күйөмүн.

Кыйын кезде кан достор,
Колдобосо күйөмүн.
Чындык күйүп жатканга,
Жүрөк ооруп күйөмүн.

Күйөмүн да күйөмүн,
Ичтен ооруп зилдеймин.
Элге ыйман берсе деп,
Мен Алладан тилеймин!

# ЭЛ БАШЧЫ БОЛСОҢ

Эл башчы болсоң элиңди сүйгүн,
Киндик кан тамган жериңди сүйгүн.
Алдыңа бийик максатты коюп,
Адилет иштеп элиңе күйгүн.

Адилет болгун, үлгүлүү болгун,
Сүйлөгөн сөзүң нускалуу болсун.
Темирдей бекем тартипти сактап,
Аткарган иштин акыбети болсун.

Чындыкты айтса, касыңдай көрбө,
Көйгөйүн айтса, кайдыгер болбо.
Элиңди чачпа, элиңди бөлбө,
Кемчилик кетсе, кемтигин оңдо,

Эл үчүн иштеп абийирди сакта,
Ишенген элдин үмүтүн акта.
Жанкечти жалдап элиңди атпа,
Байлыкты топтоп журтуңдан качпа.

Өзүңдү ойлоп өмүрдү сүрбө,
Жемкорлор койгон тузакка түшпө.
Чечкинсиз болуп наалатка калып,
Чекилик кылып өкүнүп жүрбө.

Мансабы коргоп калгандар жок го,
Байлыгы сактап калалган жок го.
Акчага абийир алалган жок го,
Эл башчы болсоң, аларды ойло.

* * *

Эл башчы болсоң, элиңди коргоп эл дегин,
Элиңди алдап байлык дүнүйо күтпөгүн.
Чындыкты издеп чыркырап келсе алдыңа,
Мергенчи жалдап алдынан атып жүрбөгүн.

Журт башчы болсоң, өлкөңдү оңдоп түптөгүн,
Кечирбейт урпак, эл мүлкүн сатып ийбегин.
Эл деген бир да, бир элди эки бөлбөгүн,
Элиңди сүйүп, элиңе күйүп иштегин.

Кыяпат сөздү калкыңа карап айтпагын,
Чындыкты айткан калкыңды коргоп
жашагын.
Айтам деп келген элиңдин сөзүн тыңдагын,
Өзүңдү коргоп чет элге шашып качпагын.

Эл башчы болсоң, тартипти катуу кармагын,
Ыймандуу жолду адеп өзүңөн баштагын.
Алдым-жуттум акыр безет элинен,
Андайлардын арамынан сактангын.

* * *

Өзүм дебей, элим деген, бак-таалайга
жетишет,
Өзүм десе, элди жесе, абийир-нарктан
кетишет.
Эл башчыбыз жакшы болсо, элин ойлоп
толгонот,
Адилеттүү бийлигинен ар бир үйгө кут толот.

Бийлик, өкмөт, эл өкүлдөр элге кызмат
кылгыла,
Эл алдында ант бергенсиң, өтөсүнөн
чыккыла.
Чындыкты айтып күйгөн адам чыныгы уулу
мекендин,
Чындык менен элге-жерге жакшылыкты
жыйгыла.

Ыйман менен, билим менен, илим менен
озорсуң,
Кылдат болуп, ар бир ишти өз ордуна коёрсуң.
Жамандыктын алдын алып, жегичтерди
жолотпой,
Жакшылыкты жыйып-терип элге жакын
болорсуң!

# О, ЖАРАТКАН,
# ПЕНДЕҢЕ ЖАР БОЛ ДАЙЫМ

О, Жараткан,
Пендеңе жар бол дайым.
Жаңылганын кечиргин,
Жакшылыкка жеткиргин.
Кур дооматтан сактагын,
Бөөдө кырсык салбагын,
Шум ажалдан сактагын.

Ата-энесин сыздаткан,
Кайрымсыздан сактагын.
Ыйманы жок дин бузар,
Наадандардан сактагын.
Биримдикти бузушкан,
Душмандардан сактагын.
Өмүр гүлүн кыйышкан,
Таш боорлордон сактагын.

Казынага кол салган,
Эл байлыгын уурдаган,
Ач көздөрдөн сактагын.
Ата Журтту алмашкан,
Чыккынчыдан сактагын,
Элге бүлүк салышкан,
Кыйын кезде качышкан,
Эл бузардан сактагын.

Алла-Таалам, Жараткан!
Биримдик бер калкыма,
Бейпилдик бер журтума.
Кас санаган оңбосун!
Бабам Манас колдосун!
Ыйман бергин карыга,
Өмур бергин жашына.
Ак эмгектен, ак жолдон,
Бак-дөөлөт бер жалпыга.

# КЫЯНАТТЫК КЫЛГАНЫҢАР ТУУРА ЭМЕС

Бүгүн эми он жетинчи жыл эмес,
Бай-манаптар эзип келген кез эмес.
Алла берип, алаканың кур эмес,
Эл ырысын талаганың туура эмес.

Бүгүн эми кырк биринчи жыл эмес,
Апаатчылык, ачарчылык кез эмес.
Кайра ошондо элим бекем биригип,
Каргашанын баарын чогуу жеңди эле.

Арабызды кара мышык аралады,
Калкыбыздын жүрөгүн жаралады.
Кимдер билет? Ким качан айтып чыгат,
Эки ортого от жаккан наадандарды?

Элдин канын төккөндөр оңбойт акыр,
Кан качырбайт, кутулуп кетпейт такыр.
Акыр түбү ак-кара иргелет да,
Алаканга салынат иштин баары.

## ОЙ ТЕРМЕ

Күндөн айлар куралып,
Айдан жылдар уланып.
Жылдар өтүп тез эле,
Кылым турат жаңырып.
Мезгил өтүп билинбей,
Тарых калат жазылып.
Баатыр Манас атанын,
Канча кылым өтсө да.
Эрдигин айтат элибиз.
Ала-Тоосун мекендеп,
Кас душмандан калкалап.
Элин, журтун душмандан,
Коргоп жүргөн деп айтат.
Кабыландай сүрү менен,
Качырган дейт душманды.
Тээ эзелтен кыргызым,
Баатыр элден турбайбы.
Салт-санатын сактаган,
Байыркы элден турбайбы.
Улууларын сыйлаган,
Нарктуу элден турбайбы.
Меймандосчул, кең пейил,
Жамандыкка барбаган,
Момун элден турбайбы.

Жыйырманчы кылымдын,
Он жетинчи жылында.

Октябрдын таңында,
Эркиндик тийип элиме,
Азаттыкка чыгыптыр.
Эзилген тап биригип,
Бай-манапты жеңиптир,
Жаркыраган совет доору,
Элге таалай бериптир.

Мезгил, заман өзгөрүп,
Демократ акындар.
Чыкты ошол заманда,
Жарчы болуп заманга.
Октябрдын келген кезин даңктады,
Коммунисттик партияны жактады.
Кең союздун пайдубалын түптөдү,
Ач болсо да чөкпөдү.

Бай-манаптан кедейлер,
Өз энчисин алышып,
Жерге ээ болушту.
Ынтымактуу эл болуп,
Биримдикке баш коюп.
Бирин бири коргошуп,
Жеңди кандуу согушту.
Жеңиш туусу желбиреп,
Бийлик эл деп иштеди.
Калыбына келтирип,
Бузулганды түзөдү.
Билим алып өсүшүп,
Илимпоздор, таланттуулар көбөйдү.

Адабият, маданият өнүктү,
Өлкөм гүлдөп, ийгиликке жетишти.

Ал заманга көз салсам,
Адеп, тартип бар экен,
Талап күчтүү чак экен.
Элдин, журттун байлыгын,
Бүлүндүрбөй сакташып,
Өнүп-өскөн чак экен.
Казынага кол салып,
Жеп-ичкендер жок экен,
Жерин саткан жок экен.
Жетекчилер ак иштеп,
Элим деген кез экен.
Жазуучулар, акындар,
Эл мүдөөсүн жазышып,
Дың жер бузган дыйкандар,
Эмгек кылып эл үчүн,
Таанылып турган кез экен.
Чыгармасы чыккандар,
Калем акы алчы экен.
Жолугушуу кечелер,
Уюшулуп турчу экен.

Кең союздун маалында,
Жетекчилер ак иштеп,
Элге шартты түзүшкөн.
Колхоз-совхоз өнүгүп,
Ийгиликке жетишкен.
Билим алып акысыз,

Урпактарым өсүшкөн.
Сыркоолосо, акысыз
дарыланып жүрүшкон.

Маңдай терин төккөндөр,
Эмгектери бааланып,
Баатыр наамын алышкан.
Эл-жерине талбаган,
Эмгек менен жагышкан.

Эркиндикте жашап жатып,
Эркиндикти самашты.
Азаттыкта болуп туруп,
Азаттыкты каалашты.
Партиядан өсүп туруп,
Партияны чанышты.
Эгемендүү болдук деп,
Партиядан өскөндөр,
Партбилетин ыргытып,
Билбейм неге чанышты?
Ал заманды сенек дешип,
Айткылачы, азыр неге жетишти?

Демократияны курабыз,
Кайра куруу болот деп,
Ишенимди көрсөтүп,
Журт башчыны шайладык.
Командасын түзүп ал,
Кызмат кыла баштады.

«Эл» дегенди айдады,
Чарбакерди боөруна тартпады.
Туура сөзүн айткандар,
Жогору жакка жакпады.
Илимдүүлөр башкарып,
Гүлдөп өскөн чарбаны,
Бир заматта таратты.
Союз кезде курганды,
Банкрот деп аташып,
Бүлүндүрүпташташты.
Журт башчыбыз баш болуп,
Өкмөт өкүл каш болуп.
Чиновниктер бир болуп,
Майлуу жерди менчиктеп,
Баары байып жыргады.
Эл экиге бөлүндү,
«Өзгө» эшик ачылды,
«Жатка» эшик жабылды.
Байлар куунап жыргады.
Карапайым элибиз,
Нан таба албай сыздады.
Адеп-тартип жоголду,
Ууру-кески көбөйдү.
Сөз түрүндө эл дешип,
Иш жүзүндө өз дешип,
Клан болуп кызматка,
Көтөрүлгөн көбөйдү.
Журт байлыгын алышып,
Жеп-ичкендер көбөйдү.

Миллиондоп «оп» кылып,
Уялбаган көбөйдү.

Элди ойлогон болбоду.
Тааныш-билиш болушуп,
Жик билгизбей жалмады.
Өмүр бою иштеген,
Маңдай терин төгүшкөн,
Элибизге не калды?

Союз кездей өнө албады,
Швейцарияны куралбады.
Чоңдор элин, жерин талап,
Бийлик элдик боло албады.
Шайлоо кезде «элим» деди,
Өткөндөн соң «өзүм» деди.
Мурункулар жасаганды,
Кийинкилер кайталады.
Алып-алып тоюшпады,
Жеп-ичкенин коюшпады.
Эл билбейт деп майлуу жерди,
Менчик кылып алып алды.
Элдин буйүрүн кызытышып,
Жемкорлугун коюшпады.
Кымбатчылык күндөн күнгө өсүп жатты,
Эптеп-септеп эл өзүн багып жатты.

Уул-кызы жардам берип,
Чет өлкөдө иштеп жатат.

Айлар-жылдар өтүп жатат,
Бийлик, өкмөт тоебу деги,
Бооруна элди качан тартат?

Элди алдоодон уялбаса,
Алдаганын койо албаса,
Элдик соттор – аты эле бар,
Эл мүдөөсүн жактабаса,
Кең союздун убагындай,
Курулуштар салынбаса.
Айыл чарба өнүкпөсө,
Ага көңүл бөлүнбөсө,
Качан турмуш оңолот?
Жегич качан жоголот?
Жаштар качан ойлонот?
Жаштар качан толгонот?

Жыйырма жыл өтүп кетти,
Журт башчылар эл дебеди.
Ишканалар талкаланды,
Өзгө-өздөй кызмат берип,
Ар бир орун сатылды.
Ченемсиз көп эл байлыгы,
Чет жактарга ташылды.
Билбегендер эл башкарып,
Чарба өспөй чачылды.
Ашка, нанга кенен жетпей,
Эл кыйнала баштады.

Эл атынан бийлик күткөн,
Элге көңүл бурбады,
Элге колун сунбады.
Эл тагдырын чечпеди,
Эли толкуп келгенде,
Эл алдына чыкпады,
Эки бийлик элден качып,
Өздөрү тактан кулады.

Колхоз менен совхозду,
Жойбой койсо не болмок.
Фабрика, заводду,
Бүлүндүрүп бузушпай,
Менчик кылып алышпай,
Темирлерин сатышпай,
Иштетишсе не болмок.
Жер байлыгын чет элге,
Сатпай койсо не болмок.
Тарбиялап жаштарды,
Өстүрүшсө не болмок.
Адабият, маданият –
Элдин корком байлыгы,
Колдоп турса не болмок.
Иш билгини кызматка,
Коюп койсо не болмок.
Миллиондоп жегенди,
Эл алдында жоопко,
Тартып койсо не болмок.

Мугалимдер мурункудай,
Окуучуга талапты
Катуу койсо не болмок.
Ата-энелер балдарын,
Уурулукка киргенче,
Сойкулукка өткөнчө,
Аңдап турса не болмок.

Жетекчилер-өкмөттөр,
Укук коргоо органы,
Кемчилигин жаштардын,
Корүп турса не болмок.
Акыйкатка табын деп,
Айтып турса не болмок.
Чындыкты айтса чыркырап,
Уга билсе не болмок.

О, андабы, о, анда,
Мен бул ырды,
жазмак дагы эмесмин.
Жар салып гана турмакмын го,
Эл-жеримдин өнүп-өскөнүн!

# АК ТИЛЕГИМ АРНАЙМЫН

Калайыкка ак тилегим арнаймын,
Ар адамга өмүр, бакыт каалаймын.
Бейпилдикте өнүп-өсүп өлкөбүз,
Элибиздин ачылса экен таалайы.

Эч бир жерде кандуу согуш болбосун!
Журт башчылар каршылыкты токтотсун!
Баары-баары Жараткандын колунда,
Алла-Таалам бейпилдикти коргосун!

## БАКТЫЛУУМУН

Бактылуумун, ыйык Ата-Журтум бар,
Киндик каным тамган кичи мекен бар.
Ак калпактуу уюткулуу элим бар,
Журтум барда, элим барда багым бар.

Бактылуумун, атам-энем, жарым бар.
АЛЛА берген уулдарым-кызым бар.
Урматтаган туугандарым, достор бар,
Силер менен бактылуумун, билип ал.

Үй бүлөмө жөлөк болуп жүрсөм ээ,
Достор келсе гүлдөй жайнап тоссом ээ.
Ар бир күндү жакшылыкта күтүнүп,
Балдарымдын урматында болсом ээ.

Ата-Журтум, сенин демиң күч берет,
Таза абаң жүрөгүмө дем берет.
Жалгыздыктын аралында калтырбай,
Жакшы тилек жакшылыкка жеткирет.

Бактылуумун, Кудай кошкон жарым бар,
Ызат кылган уул-кызым, келин бар.
Көзүм өтсө жашыраргa журтум бар,
Силер барда ишенгиле, багым бар.

Ушул бактан айрыбасын Кудайым!
Баарыбызга жар болсо экен Кудайым.
Журтум бейпил, баарың аман болгула,
Кас душмандар жок болушсун ылайым!

# ЖАЗ ЖАМГЫРЫ

Жаз жамгыры себелеп,
Жердин бети көгөрсүн.
Жашыл килем жамынып,
Сулуулукка бөлөнсүн.

Жаз жамгыры себелеп,
Айлана бүт жашарсын.
Чарк-чурк эткен чагылгандан,
Жердин бети нур алсын.

Жаз жамгыры себелеп,
Жаратылыш тазарсын.
Бак-дарактар жуунушуп,
Бой сергитип тарансын.

Жаз жамгыры себелечи,
Арык толуп суу аксын.
Шүүдүрүмдү аралашып,
Балдар чуркап кубансын.

Жаз жамгыры себелеп,
Эгин, тегин баш алсын.
Атыр гүлдөр ачылып,
Жер бейишке айлансын.

# ДАТКА ЭНЕ

Ханышасы Алайдын,
Курманжан Датка энебиз.
Он тогузунчу кылымдын,
Он биринчи жылында,
Ордолуу Оштун жанында,
Жапалак деген айылда,
Атасы Манапбайдын үйүндө,
Жарыктыкка келиптир,
Ата-энесин сүйүнтө.

Жаш кезинен Датка эне,
Чыйрак болуп өсүптүр.
Адеп-ыйман сактаган,
Акылдуу кыз болуптур.
Атасынын таалими,
Дилине бек конуптур.

Айдай болуп суйкайып,
Бойго жеткен кезинде.
Кайындары алыстан,
Колун сурап келгенде,
Макул болуп атасы,
Багынды ачсын Кудай деп,
Узатыптыр турмушка,
Кулсейит аттуу жигитке.

Турмуш куруп аз гана,
Атасы катаал болсо да.

Мезгил татаал болсо да,
Көңүлүнө дал келбей.
Үйүнө келе бериптир,
Жубайын чанып Датка эне.

Датка атабыз Алымбек,
Иш менен Ошко келгенде.
Манапбайдын үйүнө,
Түштөнүүгө киргенде,
Капилеттен Датка ата,
Курманжанды көрүптүр,
Нарк-насилдүү экенин.
Бир көргөндө билиптир.

Курманжандын аңызын,
Эл оозунан угуптур.
Жуучуларды жиберип,
Тогуздан калың жөнөтүп.
Ак никеге алыптыр.

Күмүш саптуу камчыны,
Жарына белек кылыптыр.
Күмүш саптуу камчысы,
Жубайлардын ортосунда,
Шарттуу белги болуптур.

Курманжан Датка энебиз,
Урмат кылып жубайын,
Кадырына жетиптир.
Кыйын кезең күндөрдө,
Кеп-кеңешин бериптир.

Уул-кыздуу болушуп,
Бактылуу өмүр сүрүптүр.
Алымбек Датка атабыз,
Адилет иштеп, ак жүрүп,
Кас душмандын колунан,
Капилет шейит кетиптир.

Жубайынан ажырап,
Жүрөгү канап турса да,
Муңкүрөбөй, мөгдөбөй,
Элин-жерин ойлонуп,
Туңгуюктан чыгыптыр.

Мен тарыхка көз салсам,
Заманына жараша,
Аялзаттан башкача,
Жаралыптыр Датка эне.
Ордолуу Ошту башкарып,
Туура бийлик жүргүзүп,
Даңкталыптыр Датка эне.

Курманжан датка энеден,
Көп султандар сүрдөптүр.
Бет алдына келгенде,
Сөз таба албай тердептир.
Эл башына иш түшсө,
Эл намысын бербептир.
Датка эненин таасири,
Ордодо күчтүү атыгып,
Орто Азия чөлкөмүндө,

Аялзаттан биринчи,
Музафардын колунан (1862-ж.),
Датка чинин алыптыр.
Экинчи чинин Датка эне,
Кудаяр хандан алыптыр (1864-ж.).

Кыйын кезең болгондо,
Кыл үстүндө турганда.
Уулун дарга асаарда,
Кош эмчеги зыркырап,
Жүрөгү зилзал болсо да,
Жер тарылып турса да,
«Башыңды көтөр балам» деп,
«Ажалга тике кара» деп,
Датка эне кайрат айтыптыр.
Кебелбей өтүп жанынан,
Элин көздөй басыптыр.
Камчыбек уулун элине,
Садага кылып чааптыр.

Курманжан Датка энебиз,
Келечекти көрө билген,
Көсөмдүгүн карачы.
Өзүм дебей, эл деген,
Өрнөктүгүн карачы.
Кара ташты как жарган,
Көк жалдыгын карачы.
Опурталдуу күндөрдө,
Коогаландан сактаган.
Доо кетирбей элине,
Биримдикти кармаган.

Душманга сыр алдырбай,
Россияга кошулуп,
Достукка жол ачыптыр.
Генерал Скобелевдин колуна,
Жети ачкычты тапшырып,
Шартнаамага кол коюп,
Мөөрүн датка басыптыр.

Калкын кастан калкалап,
Келишимге барыптыр.
Ак эмгегин элине,
Арноо үчүн жаныптыр.
Тагдырына таарынбай,
Жоготууну көтөрүп,
Акылман Датка энебиз,
Өрнөктүү жолду тааптыр,
Тарыхында кыргыздын,
Өчпөс болуп калыптыр.

Ханышасы Алайдын
Курманжан Датка энедей,
Акылмандар чыкса экен.
Элин-жерин ойлошуп,
Душмандардан коргошуп
Өзүм дебей, элим деп,
Элге кызмат кылса экен.
Элим дагы эл деген,
Уул-кызга тунса экен.

# ЖЕҢИЖОК АКЫН – АЛП АКЫН

Жеңижок акын – алп акын,
Теңдеши жок шер акын.
Таланттууну баалаган,
Өз баладай караган,
Аксы элине бел акын.
Аксылыктар балам деп,
Кыраан куштай таптаган.
Өнөрүн баалап өстүрүп,
Атагын алыс чыгарган.

Алп акын таңшып ырдаса,
Кубанып элдер укчу экен.
Айтышка чыгып калганда,
Алдырбай аны утчу экен.
Жети күн жатып ырдаса,
Жадабай элдер укчу экен.
«Аккан сууну» ырдаса,
Билинбей таңдар атчы экен.
Санатты айтып ырдаса,
Кызыгып баары укчу экен,

Асыл жерди баалаган.
Алтын сөзүн арнаган,
Саруу, кытай элим деп,
Топ жыйында ырдаган.
Сары алтын Аксы жеринин,
Жер-жемиши төгүлгөн,
Жерлерин айтып ырдаган.

Аркар-кулжа жайлаган,
Зоолорун айтып ырдаган.
Токумдай булут кетпеген,
Бозбу-Атаны ырдаган.
Балтыркан менен Шүдүгөр,
Падыша-ата, Баба-ата,
Кашка-Суу менен Ой-Алма,
Кара-Суу менен Аркыттын,
Көркөмүн айтып ырдаган.

Жашында келип Аксыга,
Таластан келген себебин,
Айтыптыр элге алп акын.
Ташкара элден бөлгөнүн,
Таластан аны кууганын,
Арман кылып айтыптыр.

«Ала оору элем – оңолдум,
Араңда жүрүп торолдум.
Кагынган элем оңолдум,
Катарыңда торолдум.
Талпынтып көккө учурдуң,
Талантымды өстүрдүң.
Актаңдай акын мен болдум».
Деп ырдаган экен алп акын,
Кирген бир суудай шар акын.

Той-ашка барып калганда,
Айтышка чыгып ырдаса.
Тең келер акын болбоптур.

Алты күн жатып ырдаса,
Кетирбей элдер укчу экен.
Кырк күн жатып ырдаса,
Кызыгып күндө укчу экен.
Ошондой күндүн биринде,
Көксулууну көрүптүр.
Ашыктык оту жаныптыр,
Суйкайган сулуу эжебиз,
Купулуна толуптур.
Тага журту байкашып,
Ак бата алып эл-журттан,
Көксулууну жар кылып,
Никелеп алып бериптир.

Көксулуу эже келишкен,
Сымбаттуу сулуу жар экен.
Колу чебер уз экен,
Сүйлөсө сөзү бал экен.
Карагаттай көздөрү,
Балбылдап жайнап турчу экен.

Кармаган үйү гүл экен,
Саркечтеп сайма сайчы экен.
Санатты айтып ырдаса,
Суйкайып ырын укчу экен.
Кештелеп сайма сайчу экен,
Арманын айтып ырдаса,
Арманын ичке катчы экен.
Көңүлүн таап байынын,
Өзгөчө урмат кылчу экен.

Той-ашка барып калганда,
Жубайын алып барчу экен,
Дайыма бирге жүрчү экен.
Турмуштун өйдө-төмөнүн,
Түшүнүп канат болчу экен.

Айтышка чыгып жеңгенде,
Ак калпакты кийгизип,
Ардакташып калың эл,
Аргымак тартуу кылчу экен,
Алгырды тандап мингизип.
«Дүнүйөнү» ырдаса,
Калың эл муюп укчу экен.
Аксынын эли урматтап,
Өзгөчө сыйлап турчу экен.

Балалуу болбой жубайлар,
«Балам жок» деген ырында,
Алп акын Өтө атабыз,
Арманын айтып сыздаптыр.
Ичинен сызып Көксулуу,
Ирмелип кирпик ыйлаптыр.

Санаттарын окусам,
Ар бир сөзү алтындай.
Бүлүк салып сезимге,
Жүрөгүмө жакындай.
Ар бир өткөн замандын,
Акыны бар ушундай.

Дастан, ырлар көөнөрбөйт,
Кээ бирөө аны баалабайт.
Байлыктан өмүр өлчөнбөйт,
Санат ук жаштар, санат айт.

Санжыра, санат, тарыхты,
Топтойлу да тактайлы.
Ак таңдай айткан санатты,
Мурас кылып сактайлы.

Жеңижок акын – алп акын,
Теңдеши жок шер акын.
Ырдаса ыры бүтпөгөн,
Уккандар ырын көксөгөн,
Толкуну миң сан көл акын.
Төкмөлүктүн генийи,
Жеңижок акын – улуу акын!

# ТОКТОГУЛ АТАНЫ ЭСКЕРИП

*(150 жылдыгына карата)*

Тээ эзелтен элибиз,
Орошондой ою бар,
Төкмөлүктүн кени бар,
Таланттуу эл турбайбы.
Чегелеп сөздү табышкан,
Чечен элден турбайбы.
Үрп-адатын сактаган,
Каада-салтын баалаган,
Санжырасын тактаган,
Улууларын сыйлаган,
Нарктуу элден турбайбы.

Ала-Тоо кыргыз жеримден,
Ак калпактуу элимден,
Көп кырдуу талант чыкпаса,
Дастанды жатка айтпаса,
Элден түнөк таппаса,
Устаттар шакирт күтпөсө,
Көөнөрбөс мурас калбаса,
Өлчөмсүз байлык ким бермек,
Өткөндү кайдан эстемек.

Демократ улуу акындын,
Жүз элүү жылдык майрамын,
Белгилеп жаткан учурда,
Акындардын булбулун,
Эскерип бир аз жазайын.

Кетмен-Төбө кең жерден,
Актандай акын Өтөнүн,
Кудай кошкон кан досу,
Акындардын туйгуну,
Булбулу да, Дулдулу,
Жез таңдай Током чыгыптыр.
Бирин-бири залкарлар,
Кан досум деп жүрүптүр.
Бирин-бири кадырлап,
Урмат менен күтүптүр.
Ак таңдай акын Өтө деп,
Жез таңдай акын Токо деп,
Экөөнү эл-журт сүйүптүр.

Жеңижок менен Токтогул,
Топ жыйынды аралап,
Кош булбулдай сайрашып,
Жарды менен жалчынын,
Жарпын далай жазыптыр.
Ыр менен эчен кеч кирип,
Ыр менен таңдар атыптыр.

Токтогул, Өтө барган жер,
Шаңга толуп турчу экен.
Бүткүл айыл чогулуп,
Тамшанып ырын укчу экен.
Апталап жатып ырдаса,
Уктабай элдер укчу экен.
Билинбей таңдар атчу экен.

Биздикине конуң деп,
Конок болуп кетиң деп,
Талашып элдер калчу экен,
Айтышка алар чыкканда,
Алдырбай дайым жеңчү экен.

Той-ашта Током ырдаптыр,
Бай, манаптын жоругун,
Таамай айтып сындаптыр,
Айтканы жакпай манапка,
Керимбай болуш зор болуп,
Эки колун байлатып,
Колуна кишен салдырып,
Сүргүнгө алыс айдаптыр,
Үй бүлөөсүн бүлүнтүп,
Азапты далай салыптыр.
Тогуз жыл жүрүп сүргүндө,
Азап тартып майышпай,
Туулуп, өскөн жерине,
Аман-эсен кайтыптыр.

Кайтып келип Сибирден,
Өз энесин таанубай,
Топчубайын таба албай,
Туйгун акын сыздаптыр.
Арманы толуп ичине,
Кан досун Током эстептир.
Күйүтүмдү айтсам деп,
Күйүттүү күндөн чыксам деп,

Узак жолго карабай,
Кетмен-Төбө жеринен,
Жер соорусу Аксыга,
Булбул Током келиптир.
Жеңижоктун үйүнө,
Арманын айтып ыр менен,
Салам айтып кириптир.
Көз жашын Током төгүптүр.
Кан досун көрүп Жеңижок,
Кайгысын тең бөлүшүп,
Ызат-сыйын кылыптыр.
Аксынын элин чогултуп,
Жестаңдай досум келди деп,
Шаңга бөлөп айылын,
Салтанат куруп бериптир,
Кубаттанып алгын деп,
Канча бир күн өргүтүп,
Конок камын көрүптүр,
Сый-сыпатын төгүптүр.

Жеңижок дүйнө салганда,
Кыяматтык досунан,
Суук кабар келгенде,
Ак таңдай досум өттү деп,
Шумкарым учуп кетти деп,
Күлүстөн Өтө өттү деп,
Түгөйсүз калдым эми деп,
Таппаймын сендей досту деп,
Арманын айтып сыздаптыр,
Муңканып Током ырдаптыр.

Жүрөгүм эңсеп келгенде,
Кан досум эми күтпөйсүң,
Алдымдан тосуп чыкпайсың,
Аксынын элин чогултуп,
Сайран куруп бербейсиң,
Күн-түнү жоктоп турсам да,
Кантейин досум келбейсиң.

Түптүү элден чыкканым,
Тендеши жок булбулум,
Топ элди карап таппаймын,
Угайын деймин ырыңды,
Кантейин эми укпаймын,
Өктөм экен шум ажал,
Айласын досум таппаймын.

Көз өтүп дүйнө салганча,
Кан досум эсте жүрөсүң,
Топ элди жыйнап ырдаган,
Кош булбулдай сайраган,
Күндөрдү эстеп жүрөмүн.
Көнүлүмдү көтөргөн,
Күйүттүү күндөн чыгарган,
Достугуң эстеп жүрөмүн.
Деп сыздаган экен алп акын,
Достука бирдей март акын.

Октябрь нурун чачканда,
Азаттык таңы атканда,

Эркиндик тийип кедейге,
Энчисин колго алганда,
Жарчы болгон заманга,
Жез таңдай акын Токтогул.
Октябрды даңктаган,
Партияны жактаган
Октябрь таалай берди деп,
Зулумдукту жеңдик деп,
Теӊ укуктуу болдук деп,
Эл алдында таңшыган.

Шакирттерин таптаган
Барпы, Коргол, Эшмамбет,
Осмонкул, Калык, Алымкулга,
Устат болгон Токтогул.
Эл алдына чыгарып,
Ырда балам, ырда деп,
Жолун ачкан Токтогул.

Таалим алып залкардан,
Залкар болгон акындар,
Биримдикти даңкташып,
Бийиктикке чыккандар.
Төгүп айткан чечендер,
Бай-манаптын эзүүсүндө,
Азаптуу күн кечкендер.
Согончогу тилинип,
Үй кайтарып келгендер,
Азаттыкка чыгышып,
Ой-максатка жеткендер.

Тили сайрап булбулдай,
Комуз кылын черткендер.

Мурас болуп ырлары,
Өлбөс болуп калгандар,
Элден түнөк тапкандар,
Канча кылым өтсө да,
Кыргыз калкым турганда,
Унутулбайт залкарлар!

Ак таңдай акын Өтөдөн,
Жез таңдай акын Токодон –
Ак куржун толо ыр калган,
Көөнөрбөс, өчпөс күү калган!

# АЛЫКУЛ ОСМОНОВДУН ЖҮЗ ЖЫЛДЫГЫНА ГҮЛДЕСТЕ

Алыкулга Алла талант берген экен,
Ата журт деп жүрөгү соккон экен.
«Сен ооруба, мен ооруйун Ата Журт» деп,
Өзүнө дартты сурап алды бекен?

Алп акын ырдын кенин казган экен,
Поэзия эшигин кең ачкан экен.
«Жолборс кебин кийип ага кирген экен»,
Ырларына кынап сепил курган экен.

Эл журтуна аппак болуп тилеги,
Бак- таалайы болгон тура калеми.
Жүрөк сыздап ооруп онтоп турса да,
Керек десе бермек экен жүрөгүн.

Өзүн өзү барчын көздөн таптаган,
Адамзатты сүйүп, баалап, аяган.
Чет элдердин чыгармасын которуп,
Не бир сонун ырын элге арнаган.

Ыр жазганда ырга жанды киргизген
Бир сөз менен ойду толук билгизген.
Бир чыны уудан, бир чака бал ала алган,
Коонорбөчү ыр берметин таба алган.

Айыкпас дарт кыйнаганда сынбаган,
Элин-журтун жазып акын даңктаган.

Жүрөк талып, араң согуп турса да,
Тагдырына ырахматын айткан ал.

Көлгө келип көлдүн жээгин бойлогон,
Көргөн сайын көркөмүнө тойбогон.
Шарпылдаган толкун жээкке урунса.
Шоокумунан ыр берметин топтогон.

Акын өзүн үй сыртынан тыңшаган,
Күрс-күрс эткен жөтөлдү угуп чоочуган.
Сан кылымдык өмүрүнө көз салып,
Жылып турган түбөлүктүн отунан.

Албан-албан ойдон ырды жараткан,
Котормосун окуп элдер таң калган.
Төшөгүндө калем түшпөй колунан
Тооруп турган ажалга тик караган.

Каухар сындуу ыр жаратып мактанбай,
Жашап өткөн тагдырына даттанбай.
Боз ат минип көлдү тиктейт Алыкул,
Толкундарга сырын айтып жаткандай.

* * *

Алыкулдун ыр саптарын окудум,
Окуп жатып көк дениздей толкудум.
Урпактарым балким окуп калар деп,
Менин дагы келип турат толкугум.

Урпактарга ойум тартуу кылайын,
Ойлорумду ырдесте деп сунайын.
Уул-кызым ойлорума муюса,
Урпагыма ыраазы болуп турайын.

Ал анткени Эне сөзү – жакшылык,
Жакшылыка жаап турат жакшылык.
Жаратканды н жарык жолун тута бер,
А жарыкта – Жаратканды н жакшылык!

## БАКЕН ЭЖЕ БАСКАН ЖОЛ

*(СССРдин Эл артисти*
*Бакен Кыдыкееванын жаркын элесине)*

Бакен эже баскан жол –
Жыйырманчы кылымда,
Отузунчу жылдарда,
Төкөлдөш деген айылдан,
Бакен эже талпынып,
Ай-ааламга чыккан жол.
Артист болом деп келип,
Театрдын эшигин,
Эң биринчи ачкан жол.

Сахна сырын үйрөнүп,
Бийиктикке жеткен жол.
Кереметтүү сахнанын,
Көркүн ачып жүргөн жол.
Толукшуган Айга окшоп,
Жарык нурун чачкан жол.
Ак маралдай керилип,
Театрда баскан жол.

Күлүк атты теминип
«Салтанатта» минген жол.
«Тайгак кечүү» тасмасында,
«Саманчынын жолунда»,
Дагы башка тасмаларда,
Жаркын образ жаратып,
Ийгиликке жеткен жол.

Эл аралык кароолордо,
Кыргыз элин таанытып,
Кыйла жерге барган жол.
Сыйлыктарды алган жол,
«Аристократ» аталып,
Кыргыз жүзүн көрсөтүп,
Жылдыз болуп жанган жол.

Таң калтырып чет элди,
Лауреат болуп келген жол.
Элден түнөк тапкан жол,
Той болот деп турганда,
Сүйгөнүнөн ажырап,
Армандуу күн кечкен жол.
Куру доомат чагымды,
Сабыр кылып жеңген жол.

Ай чырайлуу эжекем,
Сахнада роль аткарса,
Ак куу көлдө сүзгөндөй.
Айдай сулуу жүзүнөн,
Нур төгүлүп күлгөндөй.
Карагаттай көздөрүндө,
Сыр катылып күйгөндөй.

Бүт турпаты эжемдин,
Шоокум салган ак таңдай.
Коңур назик дабышы,
Магнит болуп тарткандай.

Бүт тарабы төп келген
чырайы, жанды арбаган.
Сулуулугун көргөндөр,
Суктануудан талбаган.
Жүрөк дартын айта албай,
Далай мырза камыккан.

Таланты күч эжекем,
Бут тосуулар болгондо,
Эмгек менен жеңген жол.
Таланттуугa жол ачып,
Эл алдына сунган жол.
Элине арнап эмгекти,
«Эл артист» наамын алган жол.
Өчпөгөн жылдыз аталып,
Эл эсинде калган жол!

# ТУРАР, ЖОЛОН АГАЛАРДЫН ЭЛЕСИНЕ АРНАЛАТ

Табияттан талант болуп,
Ыр дүйнөгө киргендер.
Ою терең ырлар жазып,
Ыр деп жанып күйгөндөр.

Коломтого от жагышып,
Корун таштап кеткендер.
Канча мезгил өтсө дагы,
Ырда жашай бергендер.

Таланты күч кыраандар,
Таңда булбул үн салар.
Булбул болуп силер да,
Бирок эрте учтуңар.

Коломтоңор күйүп турат,
Жалындары жалбырттап.
Ырыңарда тирүүсүңөр,
Ырыңарда барсыңар.

# ӨМҮРҮ ӨРНӨК АГАБЫЗ

*(Коомдук ишмер*
*Матен Сыдыковду эскерип)*

Жыйырманчы кылымдын,
Кырк биринчи жылында,
Жыйырма экинчи июнда,
СССРге кол салып,
Канкор фашист келгенде,
Калың элдин башына,
Кайгы, мүшкүл түшкөндө,
Жүрөк муңга толгондо,
Мекенимди коргойм деп,
Кырчын кезде аттанып,
Чоң казатка кеттиңиз,
Чекте кызмат эттиңиз.

Кара булут жылганда,
Ок жамгырдай жааганда,
Каңырсыган канды кечип,
дайралардан өтүпсүз,
Фашисттерди талкалап,
жеңиш менен келипсиз.

Келгенден соң, эс албай,
Жараат бүтпөй турса да,
Жетим-жесир карыпты,
Бооруңузга тарттыңыз.

Элдин ойлоп эртеңин,
Өзүңүзгө өзүңүз
катуу милдет тактыңыз.

Күнү-түн иштеп эл үчүн,
Бийик максат койдуңуз.
Жалкоолукка чек койуп,
Тартип болсун дедиңиз.
Так аткарып планды,
Кырман толо дан алып,
Таратып элге бердиңиз.

Партиялык кызматта,
Токтогул менен Кара-Суу,
Тоолуу Нарын элине,
Ак эмгек менен жактыңыз.
Так түшүрбөй абийирге,
Таза иштеп кадыр таптыңыз.

* * *

Жүрөгүңүз Ата-Журт деп сокчу эле,
Эл ишине катуу талап койчу эле.
Карапайым элдин камын күтүнүп,
Көңүлүңүз дайым элде болчу эле.

Күйгөндүрсүз, СССР кулап калганда?
Жетимиш жыл топтогонду чачканда,
Казынага кол салышып жегичтер,
Жең ичинен эл байлыгын катканда.
Гүлдөп өскөн чарбаларды жойушуп,
Фабрик менен заводдорду банкрот деп,
Менчигине «согушуп»,
Темир-ташын чет элдерге сатканда.

Күйгөндүрсүз,
Партиядан өнүп-өсүп алгандар,
Партбилетин дароо эле чанганда?
Бай, кедей деп эл бөлүнүп калганда.
Күйгөндүрсүз,
журт башылар элди ойлобой, өзүн ойлоп,
Байлык топтоп, чет өлкөгө качканда!

Күмөнсүбөйм Сиздей жандар барынан,
Уул-кыздар бар Сизден таалим алышкан.
Мына ошолор, эл-жеримди акыры,
Жемкорлордон, саткындардан арылтат.
Өмүрү өрнөк Сиздей жандар көп болуп,
Өлкөм гүлдөп, эл таалайы ачылат!!



Акындын улуу кызы Бермет.



Уулдары Эрик, Эдик менен.



Акын сиңдилери менен.



Акын курбулары менен.



Акындын студенттик
кези.



Беш баланын бактылуу энеси.



Уулу Эмил менен.



Акын өмүрлүк
жубайы Токтомуш
менен.

## АКЫН ТЫНЧТЫКБЕК НУРМАМБЕТОВГО

Жер соорусу Аксыда сен төрөлүп,
Таш-Көмүрдүн шамалында бой жетип.
Нарын дайра ойлоруңа ой кошуп,
Таш-Көмүрдүн табы далай тердетип.

Нарын менен кошо моңкүп максатың,
Ата-журтка ак ырларды арнадың.
«Кырчынга» да арнап канча ак мээнет,
«Кырчын» сени, сен «Кырчынды»
таптадың.

Тагдыр жолдо ыр берметин таптың го,
Шакирттерди таптап, жолун ачтың го.
Ырың менен жарк деп элге көрүндүң,
Тынчтык иним, ырың сенин бактың го.

## КУТМАН КУРАК КУТ БОЛСУН!

*(Коомдук ишмер Кеңеш Ибраимовко)*

Куттуу болсун, кутман курак, кут болсун,
Каалаганым, бул жашыңыз жуп болсун.
Байбичеңиз жаныңызда бир болсун,
Медер туткан балдарыңыз тынч болсун.

Чарчоо билбей элге кызмат кылдыңыз,
Ак эмгектен урмат-сыйга тундуңуз.
Кебелбестен тоскоолдордон өттүңүз,
Аман болуп, узун өмүр сүрүңүз.

Кичи пейил, бир жөнөкөй адамсыз,
Аксы элине бир туугансыз, агасыз.
Кыйын кезде жөлөк болуп жүрөсүз,
Бар болуңуз, бар болуңуз агабыз.

Куттуу болсун кутман курак, кут болсун,
Тилегеним бул жашыңыз жуп болсун.
Жаркыраган бактылуу күн көп болсун,
Аман болуп, көргөнүңүз сый болсун.

# ЖАҢЫБАЙ ЭСЕНБАЕВ АКЕНИН ЭЛЕСИНЕ

Кут даарыган Ноокенде сиз төрөлүп,
Фрунзеден окуп билим алыпсыз.
Дарыгерлик кесипке сиз ээ болуп,
Диплом алып айлыңызга кайтыпсыз.

Ал кезекте дарыгерлер аз кез экен,
Күн-түн иштеп элге кызмат кылыпсыз.
Баш дарыгер болуп турган учурда,
Эчен жашка тажрыйбаңыз сунупсуз.

...Талап коюп, тартип болсун дечү эле,
Кыраакы эле, баарын байкап турчу эле.
Ким кандайын көрө билип көзүнөн,
Сапаалууга жардам колун сунчу эле.

Мырзагүл эже болду сиздин жарыңыз,
Татынакай уул-кызды таптыңыз.
Неберени эркелетип жүрөрдө,
Капилеттен дүйнө сапар салдыңыз.

Жардам берген улуу менен кичүүгө,
Түрткү болгон ийгиликке жетүүгө.
Салым кошкон ден-соолукту чыңдоого,
Анын баары Жаңыбай аке,
Кесиптештин, туугандардын эсинде.

# АГАМ ЖАКШЫБЕКТИН ЭЛЕСИНЕ

Окууну жаңы бүткөнсүз аке,
Кубанып иштеп жүргөнсүз аке.
Айыкпас дартка чалдыгып калып,
Жашырып айтпай койдуңуз неге?

Айттырбай баарын түшүнгөн акем,
Чарчоону билбей жүгүргөн акем,
Алаксып кээде ырдаган кезде,
Сахнага чыгып күлдүргөн акем.

Дартыңа даба таппадың аке,
Сүйгөнүң жандап баспадың неге?
О дүйнө кетсем не болот бул деп,
Өмүрлүк жубай күтпөдүң аке.

Кыраан куш болуп учпадың аке,
Кызыгып кызга барбадың неге?
Балбылдап жанган жылдыздай элең,
Капилет учуп кеттиңиз аке.

Улар куш болуп учпадың аке,
Улгайып өмүр сүрбөдүң аке.
Үй-бүлө күтүп, атаке болуп,
Ымыркай үнүн укпадың аке.

Дүйнөдөн анча жаш кеттиң аке,
Кейишке салдың апамды аке?

Жүрөгү сыздап, көз жашын төгүп,
Жоготуп Сизди түгөнгөн эле.

Эстеген сайын жүрөгүм сыздайт,
Эзилип жүрөк, көңүлүм ыйлайт,
О дүйнө кеткен апакем, акем,
Элесиң жүрөк түбүндө жашайт.

# ШЕРАЛЫ СЫДЫКОВГО

Кыргыз элим бир уулунан айрылды,
Орду толгус жоготууга кабылды.
Акыл менен күчкө толуп турганда,
Таш боор ажал сизди бизден айрыды.

Болбойт беле элүү жашка чыксаңыз,
Болбойт беле алтымыштан ашсаңыз,
Болбойт беле неберени жетелеп,
Эркелетип жыттап кумар жазсаңыз.

Сиз билгенсиз, жашоо күрөш экенин,
Сиз билгенсиз, акыйкаттын жеңерин.
Сиз билгенсиз, акыйкаттын жолунда,
Мезгил кээде бизге катаал экенин.

Бут тосконду акыл менен жеңдиниз,
Чарчоо билбей адал иштеп кеттиңиз.
Капилеттен жылдыз сымал өчтүңүз,
Ошондуктан пендебиз да пендебиз.

Арнадыңыз бүт өмүрдү күрөшкө,
Ата-журттун гүлдөгөнүн көрмөккө.
Дагы далай максатыңыз бар эле,
Оордугу тийди беле жүрөккө.

# КУРБУМ АРЗЫМАТОВА МАСТУРАГА

Дарыгерсиң, элдин жүгүн көтөргөн,
Күйүп-жанып көп иштерди бүтүргөн.
Айланасын өрүкзарга айлантып,
Мекеменин пайдубалын түптөгөн.

Сыркоолорго жардам колун сунасың,
Дартын айтса, көңүл бөлүп угасың.
Дартка дабаа дарыларын бересиң,
Ошондуктан урмат-сыйга эгесиң.

Бут тосуулар болгон кезде чөкпөдүң,
Эл деп иштеп ак кызматты өтөдүң.
Эмгекчил элдин ден-соолугун чыңалтып,
Тамыр алып чар тарапка көктөдүң.

Аялуу сезимимди аяйсың досум,
Адамдык сапатымды баалайсың досум.
Сыркоолосом абалымды сурайсың досум,
Кыйналсам жанымда турасың досум.

Бүгүн досум ак өргөндө салтанат,
Кубанычтан жаркып турат чар тарап.
Куда-сөөк, тууган, достор келишип,
Жүрөгүнөн куттук айтып шаттанат.

Бакыт кушу түндүгүңө конгондо,
Көөдөнүң кубанычка толгондо.
Ак эмгектен урмат-сыйды тапканда,
Уул-кызың урмат кылып турганда,
Тилегеним, аман-эсен жүр досум.

# «НООКЕН ЖАҢЫРЫГЫ» ГЕЗИТИНИН РЕДАКТОРУ БУРАЙМА РАИМБЕКОВАГА

Өмүрүң дайра болуп толкуган кез,
Толкунунан көбүрүп ыр чыккан кез.
Такшалтып талантыңды, элге сунуп,
Кубанычтан көңүлүң ачылган кез.

Илхам келсе ыр дүйнөгө киресиң,
Тапшыркабай сыноолордон өтөсүң.
Таланттууну байкап калсаң капилет,
Ага ачасың Поэзия өргөөсүн.

Жазгын ырды, талыбасын карегиң,
Аман болгун, элге тийсин керегиң.
Устат болуп, шакирттериң көбөйүп,
Аткарылсын, ой-максатың, тилегиң.

Ыр сапарга чыкканымды жактадың,
Жайбаракат каалоо айтып мактадың.
Мактоо айтсаң көңүл чиркин көкөлөп,
А бир туруп уялгансып калгамын.

Устатыма каалаганым амандык,
Эч убакта тоорубасын жамандык.
Жаратканым жакшылыгын ыроолоп,
Ыр сапарда бийиктерге чыгалык.
Амандыкта жүз көрүшүп туралык!

# ДАРЫГЕР АПИТЕРАПЕВТ О.Т. СУЛАЙМАНОВГО

Дарыгерлик кесипти сиз аркалап,
Жарандарды сыркоолордон далдалап,
Ден-соолугун чындап элдин жүрөсүз,
Бал аарынын уусун берип дарылап.

Тыз-тыз этип чаккан кезде аарылар,
Ойгонушуп жанданышат сезимдер.
Үзүлбөгөн үмүт алга жетелеп,
Шыпаа таап кубанышат көп элдер.

Тамыр кармап текшересиз абалын,
Карап көрөс баскан ар бир кадамын.
Жабыр тарткан сезимдерди чактырып,
Сыркоолордун оңдоп койос абалын.

Кан айланып, жүрөк толкуп сүйүнөт,
Дагы уккандар, дагы келип көрүнөт.
Көзүңүздөн мээрим турса төгүлүп,
Өмүрлөргө таң агарып сөгүлөт.

Дартты айтып убактыңызды алабыз,
Жарык берген касиетти табабыз.
Жүрөк ооруп көңүл чөгүп турганда,
Ичиркентпей суудан тартып аласыз.

Карап турсам Ала-Тоодой бийиксиз,
Ысык-Көлдөй сырдуусуз да тереңсиз.
Эркин учкан кыраан куштай зирексиз,
Мүрөк суудай элибизге керексиз.

# КРнын ЭЛ АРТИСТИ РОЗА АМАНОВАГА

Сахнага чыксаң Роза,
Сахнанын көркү ачылат.
Комуз чертип ырдасаң,
Кумары элдин жазылат.
Дагы ырдаса экен деп,
Олтурган элдер суранат.

Кыздарың менен чыкканда,
Кызарып чыккан күндөйсүң.
Жыпар жыты аңкыган,
Жаңы ачылган гүлдөйсүң.

Кирпик кагып карасаң,
Наздуусуң да сырдуусуң.
Акмаралдай керилип,
Баскан кезде сүрдөйсүң.
Үнүң жүрөк эргиткен,
Барктуу кыргыз кызысың.

# КРнын ЭМГЕК СИҢИРГЕН ДАРЫГЕРИ, АБДРАХМАНОВА ЗАЙНАП ИКРАМОВНАГА

Дарыгерлик кесипти аркалап Сиз,
«Умай эне» деген атка кондуңуз.
Мээрим төгүп энелерди төрөтүп,
Наристесин колго алып сүйдүңүз.

Ар бир үйгө кубанычты тартуулап,
Жубайлардын бак-таалайын ачтыңыз.
Көкөлөтүп көңүлдөрүн көтөрүп,
Өмүр шамын өчүрбөстөн жактыңыз.

Сүйлөшкөндө сөзүңүздөн бал тамат,
Карасаңыз, көздөрүңүз нур чачат.
Жакшы сөздөн жүрөк күлүп кубанып,
Айымдардын өмүр гүлүн узартат.

Канчаларга киндик эне болдуңуз,
Эмгегиңиз эл ичинде бааланып,
Эмгек сиңип, орден-медал алдыңыз.
Ак эмгектен урмат-сыйды таптыңыз,
Зайнап эже! Ошол эң чоң бактыңыз!

## ДААНАКАН АРЫКБАЕВАГА

*(Базар-Коргон райондук ооруканасынын башкы дарыгеринин орун басары)*

Жетекчисиң, элдин камын ойлойсуң,
Кемчиликти көрүп аны оңдойсуң.
Сыркоолорго ылайыктуу шарт түзүп,
Алдын ала дары камдап коесуң.

Көңүл бөлүп ооруларды карайсың,
Жүрөк дартын кагышынан байкайсың.
Жумшак сүйлөп, көңүл табын кармайсың,
О, Даанакан, даанасың да, тазасың.

Элиңе кызмат кылып жүрөр кезиң,
Ден-соолугун элиңдин чыңаар кезиң.
Билемин, ишиң оор, милдетиң көп,
Аман болуп, элге кызмат кыла бергин.

# ОРТО АЗИЯ ЧӨЛКӨМҮ

Орто Азия чөлкөмү,
Мусулмандар өлкөсү.
Кут төгүлгөн, бейиш жер.
Эли сонун момун эл.
Эс алам десең мында кел.

Жашыл килем жамынган
Жоогазындар жайнаган
Жаркыраган жазы бар,
Жыпар жыттуу абасы,
Эс алдырчу таңы бар.
Эс алам десең мында кел.

Жашылчалар жетилген,
Ысык аптап жайы бар.
Боз үйдү тигип жасашып,
Желеге кулун байлашып,
Бал кымызын камдашып,
Күтүп алар эне бар,
Келип кымыз ичип кал.

Кок тиреген тоосу бар,
Кар кетпеген зоосу бар.
Акактай тунук суусу бар,
Түнт токойун араласаң,
Жомоктогудай сүрү бар.
Келип муну көрүп кал.

Ырыс-кешик төгүлгөн,
Күркүрөгөн күзү бар,
Саргайып бышкан кезинде,
Кор кылбай аны терип ал.
Кычыраган кыш келсе,
Эс алууга даярдан.

Төрт мезгилди камтыган,
Жери кенге балкыган,
Орто Азия чөлкөмү,
Оболгон байыртан.
Эли сонун момун эл,
Эл көрөм десең мында кел.

Жакшы хандар эл деген,
Көсөм болуп журт деген.
Достукка жол ачышып,
Биримдикке үндөгөн.
Ынтымакта жашашып,
Өз заманын түптөгөн!

# БИЛИП БИРӨӨ СҮЙӨТТҮР

Айдай сулуу эмесмин,
Ай перимин дебесмин.
Ашыкмын сага жалжалым,
Айттырбай өзүң келерсиң.

Күндөй сулуу эмесмин,
Күн перимин дебесмин.
Көңүлүм сага берилген,
Көп күттүрбөй келерсиң.

Ай чырайлуу эмесмин,
Ай сулуумун дебесмин.
Дилим сулуу, билбесең,
Билип бирөө сүйөттүр.

Балким бирөө көрөттүр,
Көрүп көңүл бөлөттүр.
Жан дүйнөмдүн сулуулугун
Баалап, мени сүйөттүр.

* * *

Илебимден сүйдүң мени түшүмдө,
Мен уялып карай албайм жүзүңө.
Кереметтүү сезим бийлеп ойгондум,
Ал түш экен, күйүп-жандым өңүмдө.

# ТАЙЭНЕМЕ

Алыс кетсем сагынып,
Күтчү элеңиз тайэне.
Келгенимде чачылып,
Сүйчү элеңиз тайэне.

Тарбиялап өстүрүп,
Мага камкор элеңиз.
Өмүр берсин Алла деп,
Ак батаңыз бергенсиз.

Ууз сүттөй жыттанган,
Жытыңызды сагынам.
Мээнетимди айланган,
Мээриминен кагылам,
Мээнетимди алгансыз,
Мээрим төгүп баккансыз.
Айланайын тайэне,
Аны кантип унутам.

# АПАМ, ТАЙЭНЕМ

Айдай апам, гүлдөп турган бак элең,
Үйүбүздүн күйүп турган шамы элең.
Карегимден баарын туюп түшүнүп,
Жан кызым деп, көңүлүмдү тапчу элең.

Алтын апам, мээнет кылып талбаган,
Кой кайтарып, обон созуп ырдаган.
Же жайлоого, же кыштоого көчкөндө,
Ишенбестен койлорду өзү айдаган.

Барганымда ошол жолду караймын,
Мезгил өтүп жолдор азыр өзгөргөн.
Алтын апам өтүп кетип өмүрдөн,
Элес турат карегиме чөгөргөн.

Эстегенде карегиме жаш толот,
Жүрөктөгү сагынычтар козголот.
Апам, тайэнем, тайкелерим элестеп,
Артта калган алтын күндөр коштолот.

Сиздер барда Күн башкача тийчү эле,
Үйгө келсем үй жаркырап турчу эле.
Кызым келсе салып берем ага деп,
Апам, тайэнем эт, каймагын катчы эле.

Чын эле кыз ыргытылган таш экен,
Түшкөн жерде калат экен олтуруп.

Бир жылда бир кабар алып барганда,
Күтчү элеңер миң айланып төгүлүп.

Үй баягы, бирок күткөн сиздер жок,
Издейм, аттиң, табалбаймын аргам жок.
Көз алдымда баары турат элестеп,
Кош болгула, Курандан башка пайда жок.

# МЕН СИЗДИ КҮНДӨ КҮТӨМ, КЕЛЕСИЗБИ?

Мен сизди күндө күтөм, келесизби?
Жүрөк эңсеп сагынганым билесизби?
Айкөлсүз, акылдуусуз, мээримдүүсүз,
Же мени сүйө албайт деп жүрөсүзбү?

Мен сизди жазда күтөм, келесизби?
Жүрөгүмө сүйүү гүлүн себесизби?
Кулпунуп турган гүлдүн жытын искеп,
Кастарлап астейдилден күтөсүзбү?

Мен сизди күздө күтөм, келесизби?
Кызыл алма бышкан кезде үзөсүзбү?
Саргайып жерге түшкөн жалбырак деп,
Же мени тепсеп өтүп кетесизби?

Мен сизди кышта күтөм, келесизби?
Ак кардын ак тилегин сезесизби?
Жүрөктүн эңсөөлөрүн белек кылып,
Берейин, кадырына жетесизби?

Кел деген сөзүңүздү угуп калсам,
Бороондон коркпой сизге бараар элем.
Шумкар болуп асманда айлансаңыз,
Мен сизге кубат берип тураар элем.

# ӨМҮРЛҮККӨ ЖАРЫҢ БОЛУП АЛСАМБЫ

Таңда турсаң аба болуп келсемби?
Таза абадан дем алганың көрсөмбү?
Пери болуп желаргыга айланып,
Саамай чачың сылап анан өпсөмбү?

Үшүп калсаң Күнүң болуп тийсемби?
Мээрим төгүп көздөрүңдөн сүйсөмбү?
Ысып кетсең, булут болуп асманда,
Көлөкөмдү сага тартуу этсемби?

Караңгыда Айың болуп чыксамбы?
Жарык нурум сага чачып турсамбы?
Айлананы мемиретип бейпилге,
Акак сындуу жылдыздарым сунсамбы?

Гүлдүү бакка булбул болуп келсемби?
Терезеңен сырдуу күүнү чертсемби?
Жен-эргиткен эргүү берип өзүңө,
Жүрөгүңө отту жагып кетсемби?

Канат байлап сага учуп барсамбы?
Карегиңден жыттап кумар жазсамбы?
Жароокерим сүйгөндүгүң чын болсо,
Өмүрлүккө жарың болуп алсамбы?

# ЖАЗ АЙЫ

Кызыл-тазыл кийинген,
Кыздын көркү – саамайы.
Сүйүүлөргө жол ачкан,
Жылдын көркү – жаз айы.

Бак-дарактар бүрдөгөн,
Өрүк, алма гүлдөгөн.
Булбул куштар сайрашат,
Кереметтүү үн менен.

Жадыраган жаз айы,
Кийиниптир башайы.
Дыйкан үрөн чачам деп,
Камданыптыр атайы.

# КЕЛ, НООРУЗ!

Кел Нооруз, куш келипсиң,
Элиң күттү сагына.
Бейпилдиктин жылы болгун,
Береке бер баарына.

Кел Нооруз, куш келипсиң,
Ак жолтой бол калкыма.
Ар бир үйгө кут чачып,
Амандык бер баарына!

Кел Нооруз, куш келипсиң,
Сага ачылып турат жол.
Молчулукту сенден күтүп,
Үмүт менен сунам кол!

## КАЙДА ЭЛЕҢ

Гүлкайырдай ачылган,
Гүлдөй кезде кайда элең.
Таттуу ойго чөмүлүп,
Сүйгөн кезде кайда элең.

Ай толгондой суйкайып,
Жүргөн кезде кайда элең.
Жүрөк дегдеп сагынып,
Күткөн кезде кайда элең.

Тал чыбыктай ийилген,
Гүлгүн кезде кайда элең.
Жаш жүрөгүм жалбырттап,
Күйгөн кезде кайда элең.

Эл ичинен сендейди,
Издегенде кайда элең.
Капилеттен жолугуп,
Сүйүп калган мен элем.

# АЖАЛГА

Жоогазындай ачылган,
Гүлдөй кезде тийбегин.
Махабатка кабылып,
Сүйгөн кезде тийбегин.
Кызыл гүлгө көз артып,
Кайырмакка илбегин.

Толукшуган Айга окшоп,
Толгон кезде тийбегин.
От ойносо жарашкан,
Оттой кезде тийбегин.
Жаш кайыңдай ийилген,
Келин кезде тийбегин.

Турмуш куруп кубанып,
Жүргөн кезде тийбегин.
Өмүр гүлдөп мөмөсүн,
Түйгөн кезде тийбегин.
Кара түндү түшүрүп,
Капилеттен келбегин.

Наристелүү болом деп,
Күткөн кезде тийбегин.
Толгоо тартып кыйналып,
Турган кезде тийбегин.
Наристесин колуна,
Алган кезде тийбегин.

Арча бешик терметип,
Баккан кезде тийбегин.
Алдей, алдей балам деп,
Ырдаганда тийбегин.
Аты суук, шум ажал,
Өмүр гүлүн үзбөгүн.

Ата-энесин урматтап,
Баккан кезде тийбегин.
Небересин жетелеп,
Сүйөр кезде тийбегин.
Уул-кыздын урматын,
Көрөр кезде тийбегин.

Үмүт менен чоңойткон,
Ата-энеме тийбегин.
Жүрөгүмдү жылыткан,
Жубайыма тийбегин.
Кан-жанымдан жаралган,
Балдарыма тийбегин.
Бир уядан тараган,
Тууганыма тийбегин.
Үзөңгүлөш жүрүшкөн,
Дос-жарыма тийбегин.
Ата-Журтка көрк берген,
Жалпы элиме тийбегин.

# КАНДАЙ СОНУН ГҮЛДӨЙТ ЭЛЕ, АТА-ЖУРТ

Ата-Журтка кыянаттык кылбаса,
Казынага суук колун салбаса,
Эл байлыгын жең ичинен албаса,
Кандай сонун гүлдөйт эле Ата-Журт.

Ар бир адам Ата-Журтун ойлосо,
Көрө албастык, бут тосуулар болбосо.
Жетекчилер иш билгини колдосо,
Кандай сонун гүлдөйт эле Ата-Журт.

Бул ааламда кандуу согуш болбосо,
Жардыруулар, жан кечтилер болбосо.
Өмүр кыйган ыймансыздар болбосо,
Кандай сонун гүлдөйт эле Ата-Журт.

# ЭМГЕК КЫЛГЫН, КЕЧИКПЕ

Өмүр гүлдөп турганда,
Каалагандай иштеп кал.
Билекте күч барында,
Бүтөрүңдү бүтүп кал.

Жүрөгүңдө от барда,
Сүйөрүңдү сүйүп ал.
Сүйгөнүңө баш кошуп,
Бак-таалайды күтүп ал.

Көкүрөккө ыр келсе,
Ошол замат жазып кал.
Көмөкөйдө үн болсо,
Элиң үчүн ырдап кал.

Акыл-насаат сөздөрдү,
Урпактарга айтып кал.
Чын дилиңден эл үчүн,
Из калтырып иштеп кал.

Бул дүйнөгө меймандбыз,
Эртең өзүң өкүнбө.
Мекен үчүн, эл үчүн,
Эмгек кылгын, кечикпе.

# ТУУЛГАН ЖЕРИМ

Туулган жерим Аксым ай,
Турпагыңан айланам.
Алыс жүрсөм өзүңдү,
Куса болуп сагынам.
Кар кетпеген чокулуу,
Зоолоруңа суктанам.

Аркар-кулжа жайлаган,
Тоолоруңа таңданам.
Жылгаларда мөңгүлөр,
Көз тайгылтат карасам.
Мөңгү кеткен жерлерден,
Көбүргөн, ышкын, кымыздык,
Терип жүрсөм чарчабай.

Сары-Челек көлүнүн,
Көркөмүнө суктанам.
Көл боюнда жайнаган,
Кызгалдакка суктанам.
Кереметтүү сулуулукка,
Жаш баладай кубанам.

Түнт токойлуу Аркыттын,
Жакуттугун карачы.
Карагай, арча, жаңгагы,
Бой тирешет карачы.

Атайын тигип койгондой,
Бейиш багын карачы.
Төрт түлүк мал жайнаган,
Бетеге өскөн жайлоонун,
Абасы сонун карачы.
Шылдырап агып үн салган,
Булагы сонун карачы.

Жеңижок ата музейин,
Жүзүмжандан көргүлө.
Таазим этип талантына,
Бир эскерип кеткиле.
Жүзүмжандын жүзүмүн,
Тоо аралап тергиле.
Коздугун көргүлө,
Шүдүгөрдү аралап,
Кожогатын тергиле.

Падыша-Ата, Бабаш-Ата,
Кереметин көргүлө,
Бир сыйынып кеткиле.
Томуктай булут кетпеген,
Бозбу-Атаны көргүлө.
Кезарт менен Түрдүктүн,
Жаңгагын келип тергиле.
Желеге кулун байлаган,
Бал кымызын камдаган,
Элимдин сыйын көргүлө.

Эзелтеден элибиз,
Меймандосчул эл болот.
Таланттууну байкаса,
Таптап баккан эл болот.
Өзгө-жатка бөлбөгөн,
Адилеттүү эл болот.

Жер соорусу Аксынын,
Коздугун көргүлө.
Сыйчыл момун элинин,
Сыйын көрүп кеткиле.

## ДҮЙНӨДӨ ҮЧ ТҮР ЭНЕ БАР

Наристелүү болом деп,
Кубанып күткөн эне бар.
Наристелүү болгондо,
Сүйүп баккан эне бар.
Күн нурундай мээримин,
Төгүп турган эне бар.
Сыркоолосо баласы,
Түн күзөтүп уктабай,
Түйшүк тарткан эне бар.

Өмүр бергин АЛЛА деп,
Тилеп турган эне бар.
Мүдүрүлсө балдары,
Сүйөп турган эне бар.
Жакшылыктын баарысын,
Тилеп турган эне бар.
Алыс кетсе балдары,
Сагынып күткөн эне бар.

Капыс келсе баласы,
Отургузар жер таппай,
Сүрдөп турган эне бар.
Аман-эсен болгун деп,
Тилегиңе жеткин деп,
АЛЛА колдоп жүрсүн деп,
Ак батасын аябай,
Берип турган эне бар.
Жүрөгү кең мээримдүү,
Баласына бир жаны –
Миң сабылган эне бар.

* * *

Наристелүү болсом деп,
Зарлап күткөн эне бар.
Мага туяк берчи деп,
Миң ийилип АЛЛАга,
Тилеп турган эне бар.
Багып алган баласын,
Өздөн артык сүйгөн бар.
Мээрим төгүп чоңойтуп,
Ысыгына күйгөн бар,
Суугуна тоңгон бар.

Тумшуктуурга чокутпай.
Канаттуурга кактырбай,
Таптап баккан эне бар.
Ооруп калса баласы,
Ооруп турган эне бар.
Тарбиялап өстүрүп,
Такшалдырган эне бар.

Уул-кыздын төрүндө,
Урмат-сыйын көрүңөр.
Үмүтүңөр акталып,
Бактылуу өмүр сүрүңөр.

* * *

Өз баласын карабай,
Оюн-күлкү, шапар тээп,
Жыргап жүргөн эне бар.
Ачка коюп балдарын,
Кыйрап жүргөн эне бар.
Баласынан аракты,
Жакшы көргөн эне бар.

Ымыркайлуу болгондо,
Ымыркайын карабай,
Ыйыктыгын баалабай,
Таштандыга ыргытып,
Жерип кеткен эне бар.

Жүрөгү таш, боору таш,
Кээ бир эне ушундай.
Өз баласын сүйбөгөн,
Кадырына жетпеген,
Бу «күкүктөр» курусун ай.

Бала деген Бакытты
Таштандыга ыргытып,
Убалына калбайлы.
Жерип таштап качпайлы.
Аймончоктой балдарды,
Арак үчүн сатпайлы.

Кудай берген баланы,
Мээрим төгүп багалы.
Балдар үчүн ар качан,
Түркүк болуп туралы.
Кыянаттык кылбайлы!
Өмүрлөрүн кыйбайлы!
Убал деген оңдурбайт,
Улуу Кудай урбайбы!

# КАТЫЛЫП КИРГЕН ОҢБОСУН

Катылып кирген оңбосун,
Кагылыш, уруш болбосун.
Бейпилдик болуп жеримде,
Береке, ырыс орносун.
Жараткан өзү жар болуп,
Теңирим бизди колдосун.

Кырсыктан Алла сактасын,
Эл-жерди чоңдор сатпасын,
Байлыгын элдин чачпасын,
Президент элин атпасын.

Эзелтен элим момун эл,
Пейили кенен сонун эл.
Каада-салтын сактаган,
Кан Манастын байыркы эл.

# БУЛ ДҮЙНӨ

Адам өлүп жатса да,
Кемибеген бул дүйнө.
Жан кыйналып оорусаң,
Кейибеген бул дүйнө.
Кур дооматка калганда,
Кээде кырсык чалганда,
Каарыгандай бул дүйнө.
Бороон-чапкын сел жүрүп,
Жер титиреп силкинсе,
Сынагансыйт бул дүйнө.

Кээ бирөөгө шор айтып,
Карып кылган бул дүйнө.
Кээ бирөөгө тар болуп,
Ажал берген бул дүйнө.
Жоготкондо, күйгөндө,
Туңгуюктай бул дүйнө.
Далайларды узатып,
Кылымдарды «уратып»,
Арыбаган бул дүйнө.

Жан бүткөндүн баарына,
Жалган экен бул дүйнө.
Бирине бапаа кылбаган,
Көз өткөндө кейибей,
Кала турган бул дүйнө.

Жарыктыкка келгенде,
Күтүп алган бул дүйнө.
Ата-энеге сүйдүрүп,
Бактырган да бул дүйнө.
Ата-энени кубантып,
Шагдам кылган бул дүйнө.

Балдай ширин балалыктын,
Доорун берген бул дүйнө.
Махабатка кабылтып,
Сүйдүргөн да бул дүйнө.
Жүрөгүңдү эргитип,
Барктуу кылган бул дүйнө.
Сүйүнгөндө, сүйгөндө,
Бооруң бүтүн кезинде,
Түбөлүктөй бул дүйнө.

Ай ааламды таанытып,
Адам кылган бул дүйнө.
Кээ биреөгө бак айтып,
Дөөлөт берген бул дүйнө.
Табыштырып бир-бирин,
Дос кылган да бул дүйнө.
Чабыштырып бир-бирин,
Кас кылган да бул дүйнө.
Кээ биреөгө так айтып,
Хан көтөргөн бул дүйнө.
Кээ биреөгө кең дүйнө,
Кээ биреөгө зар дүйнө.

Бак-таалайга бөлөгөн,
Кайра туруп өөнөгөн,
Өзгөрулмө бул дүйнө.
Ырыскыны тартуулап,
Берип турган бул дүйнө.
Ырыскынды кээ күнү,
Зыркыратып ыйлатып,
Алып турган бул дүйнө.

Учугубуз үзүлбөй,
Урпак калар бул дүйнө.
Из калтырсаң журтуңа,
Эскеришер бул дүйнө.
Жалгыз келип жарыкка,
Жалгыз кетер бул дүйнө.

Дүйнө түгөл турганда,
Урпактарым сен үчүн,
Жашай берсин бул дүйнө.
Өмүрлөрдү өмүргө,
Улай берсин бул дүйнө.
Кылымдарды кылымга,
Кынай берсин бул дүйнө.
Түбөлүгү түз болуп,
Тура берсин бул дүйнө.

Алла Таалам жар болуп,
Колдой берсин бул дүйнө.

Ырыскыңды тартуулап,
Ырахат берсин бул дүйнө.
Мүрөк суусун түгөтпөй,
Агыза берсин бул дүйнө,
Жаратканым жар болуп,
Урпактарым – уул-кызым
Баарыңарга кең болуп,
Тура берсин бул дүйнө.

## ТУРМУШ

Турмуш деген деңиз болот,
Толкуну бар, сүрү бар.
Турмуш деген татаал болот,
Ашуусу бар, кыры бар.

Турмуш деген ыйык, улук,
Этияттап күткүлө.
Көзгө сүрдүү толкунунан,
Бирге сүзүп өткүлө.

Ташыркабай ашуу ашып,
Урмат-сыйга жеткиле.
Ата-журтка кызмат кылып,
Из калтырып кеткиле.

Каалаганым – аман болуп,
Узун өмүр сүргүлө!
Кайып кетээр бул өмүрдө,
Каалаганды күткүлө!

# СҮЙҮҮ

Сүйбөгөн адам болобу?
Сүйүүгө адам тоёбу?
Сүйгөнүң эгер сүйбөсө,
Жүрөгүң муздай тоңобу?

Сүйүү – жүрөк кумары,
Сүйүү – сезим ыргагы.
Сүйүү – өмүр булагы,
Сүйүү – турмуш чырагы.

* * *

Сен сүйүүмө унчукпадың,
Сезим ооруп улутунгамын.
Сен сүйүүмдү баалабадың,
Сезим кушун кармабадың.

Бир күнү мени сагынарсың,
Бир көрүүгө зарыгарсың.
Келгенимде баалай албай,
Кеч сезерсиң жаңылганың.

# СЫЙЛАШЫП БИР БОЛОЛУ

Ойлонсом оюм терең,
Жете албай азап чегем.
Тагдырдын буйругунан,
Ыр токуп жазып келем.
Алланын колдоосунан,
Мен азыр жашап жүрөм.

Өмүрүм шашат-шашат,
Өтүнсөм, болбой качат.
Оорутпа жүрөгүмдү,
Өмүрүм бир аманат.
Калтырбай көңүлдөрдү,
Жүрсөкчү атаганат.

Сүйгөндүн сүрү күчтүү,
Сүйүүнүн деми күчтүү.
Сүйгөнүң сүйө албаса,
Ал сүйүү өкүнүчтүү.
Сыйласаң тоготпосо,
Ал андан өкүнүчтүү.

Жүрөгүм сени самайт,
Сезимим оттой жанат.
Муздатпа сезимимди,
Өмүрүм бир аманат.
Өчүрбөй сезимдерди,
Жолуксак атаганат.

Айымдар ойлонолу,
Ойлонуп толгонолу.
Бир келген бир өмүрдө,
Сыйлашып бир бололу.
Ансыз да өмүр кыска,
Ыймандуу жар бололу.

# МЕЗГИЛ, ЗАМАН ЖАРЧЫСЫ АКЫН ЭКЕН

Мезгил, заман жарчысы,
Коомдун чабаар камчысы,
Сөздүн көркөм дөөлөтүн,
Сөздүн гүлүн тапкычы,
Акын болот.

Ата-Журтту даңктаган,
Ата-энени баалаган –
Ак ырларды, адилди,
Ак барака саптаган,
Акын болот.

Эл ишин жазып турган,
Элине жанып турган,
Сүйүүнү бийик тутуп,
Сүйүү деп алып учкан,
Акын болот.

* * *

Ашыктык оту жанса сезимдерде,
Жүрөктүн түпкүрүндө сыры болот.
Эргүүдөн канат каккан бир сап ырда,
Эркинди бийлеп алган күчү болот.

Акындын дартка дабаа ыры болот,
Шердентип жоого кирер деми болот.
Чындык деп чыркыраган ырларынын,
Өткүр кылыч мизиндей сүрү болот.

Акындар толкуганда ыры белен,
Ойлору Ысык-Көлдөй тунук, терең.
Ата-Журт тагдыр жолу – акын ыры,
Акындык башат алат тууган жерден.

Акындык – Алла берген талант экен,
Жазганы – тарых болуп калат экен.
Ырдалып же окулуп эл ичинде,
Элинен ыры түнөк табат экен.

# АРМАНДУУ БОЛОТ ТУРА

Балдары арак ичип,
Ата-энесин каарып турса,
«Ичпе» деп айткандарды,
Итерип сөгүп турса,
Аракка алмаштырып,
Үй-мүлкүн сатып турса,
Ата-эне үмүттөрү,
Талкаланып быркыраса –
Армандуу болот тура.

Баш кошкон жары менен,
Балалуу боло албаса,
Бешиктен бала эмизип,
Жытына каналбаса,
Сүйүүдөн бакыт таап,
Жүрөгү толо албаса –
Армандуу болот тура.

Жаш туруп ооруп калса,
Оорудан азап чегип,
Санаадан чыгалбаса,
Жаш жарын эркелетип,
От болуп жаналбаса,
Ойлогон максатына,
Жаш туруп жеталбаса –
Армандуу болот тура.

Жалгыздык жанга батса,
Жанында сүйгөнүң жок.
Кыналсаң жөлөк болор,
Өмүрлүк жубайың жок.
Тагдырдын буйругуна,
Баш ийбес чамаң да жок.
Бул дүйнө парасында,
Армансыз адам да жок.

Акылдан адашпасак,
Аракка алдырбасак.
Ата-эне үмүттөрүн
Аткарып, урматтасак.
Сүйүүнүн баасын билип,
Сүйгөндү кадырласак.

Наристе жытын искеп,
Бактылуу эне болсок,
Бактылуу ата болсок,
О, анда арман болбос.

* * *

Келбетиң сонун келишкен,
Көрсөм деп көбү дегдешкен.
Көрүнбөй кеттиң кай жакка,
Көркөмү сындуу периштем.

Сымбатың сонун келишкен,
Сүйөм деп көбү дегдешкен.
Санаага салбай келсеңчи,
Суйкайган сулуу периштем.

Басканың сонун келишкен,
Барсам деп далай дегдешкен.
Бой салбай мени кейиттиң,
Колуңду сурайм, жан биргем.

# ӨМҮР КЫМБАТ

Карыганда билектен куч кетеби,
Карагаттай көзүндүн нуру өчөбү.
Таңда ойгонгон пендезат кечинде жок,
Кайда кетти заматта өмүр көчү.

Өмүрүңдү дайым өлүм шыкаалайт,
Жаш-кары деп таш боор ажал ылгабайт.
Неге адамдар бирин бири аябайт,
Бүгүн барбыз, эртеңкибиз табышмак.

Өмүр барда ойноп-күлүп жашагын,
Ар бир күнду күлүп тосуп шаттангын.
Баары калат, баары калат адамдан.
Аман жүрүп, кечкин өмүр дайрасын.

# СҮЙҮҮ ЫКЛАСЫ

Күнүм болчу, мээримиңе тунайын,
Гүлүм болчу, моокум каныл жыттайын.
Булак болчу, чаңкаганда ууртайын.
Тамыр болчу, кагышыңдан жашайын.

Айым болчу, караңгыда жаркыган,
Булбул болчу, терезeмде шаңшыган.
Жарым болчу, эгер мени кааласаң,
Болчу мага бак-таалайым ачылган.

Эгер сүйсөң, махабатка бек болом,
Өйдө-төмөн мезгилдерде бел болом.
Тууган-досту ызат кылып урматтап,
Ишен жаным, көңүл тапкан жар болом.

* * *

Неге сузсуң? Айтчы мага жашырбай,
Көрунөсүң жүрөгүңдө дарт бардай.
Ашыктыктын дарты кыйын билемин,
Кыйналдыңбы жүрөк сырың айталбай.

Карегиңден көрүп турам кусалык,
Бирок билбейм, ал кусалык канчалык.
Айтчы жаным, жүрөк сырың угайын,
Махабаттын балын бирге татайын.

Келчи-келчи, жанар тоого чыгалы,
Балбылдаган кош жылдыздай жаналы.
Өмүр барда сүйгүм келет өзүңдү,
Турмуш жолун бирге болуп куралы.

# ЖҮРӨГҮҢДӨ МАГА ОРУН БАР БЕКЕН?

Жаш кезимде издегенде кайда элең,
Жүрөк эңсеп жүргөн кезде кайда элең.
Аттиң арман, кеч жолуктуң кантейин,
Жүрөгүңдө мага орун бар бекен?

Көңүлүң суз көрүндүң го сен мага,
Санаалардын аралында калгандай.
Санааркадым, сары ооруга чалдыктым,
Жүрөгүңдөн орун берчи кыйнабай.

Тагдыр мага сүйүү багын ачабы?
Махабаттын оту күйүп жанабы?
Эгер жанса, сүйүү багым ачылса,
Анда менин жылдызымдын жанганы.

Келчи мага, жарык нурум чачайын,
Бак-таалайдын бал-шекерин татайын.
Жүрөгүмдү жүрөгүңө тартуулап,
Түбөлүккө сендик болуп калайын.

## АЙЫМДАРГА

О, энелер, айымдар, улук умай энесиң!
Адамзатка-Балага мээрим төгүп келесиң.
Кененсиң да тереңсиң, жакшылыкка
беленсиң,
Амандыкта аша бер, өмүрдүн көп белесин.

Амандыкта аша бер, өмүрдүн көп белесин,
Аман болсоң, адамга даа жаңы өмүр
берерсиң.
Өзүң үйдүн кутусуң, өзүң бейпил эгеси,
Өзүң менен көгөрөт өмүрлөрдүн сереси.

* * *

О, энелер! Айымдар!
Майрамыңар кут болсун!
Өмүр шерик жар менен,
Өмүрүңөр бек болсун!
Бакыт тилеп чоңойткон,
Балдарыңар тынч болсун!

О, айымдар, селкилер,
Тоңгон музду эритер.
Жылаажындай үнүңөр,
Жүрөктөрду эргитет.
Жыпар мончок жытыңар,
Жигит көөнүн сергитет.

# АР ДАЙЫМ СҮЙӨМ, БИЛ ӨЗҮҢ

Жүрөктөн чындап сүйөмүн,
От-жалын болуп күйөмүн.
Убагында жолукпай,
Убайым тартып жүрөмүн.

Сүйөмүн сени, сүйөмүн,
Санаага батып жүдөдүм.
Сүйөмүн деп кыйытсам.
Сыртыңды салып күлбөгүн.

Ашыкмын сага, ашыкмын,
Айталбай сырым камыктым.
Ашыктыгым кыйытсам,
Айланып өтпө жалыным.

Күн да түн эске келесиң,
Каректе турат элесиң.
Эстесем жүрөк элжирейт,
Ар дайым сүйөм, бил өзүң.

# МЕН САГА ЖҮРӨК БОЛУП АЛГЫМ КЕЛЕТ

Сөзүңдү уккан сайын уккум келет,
Үнүңдүн сыйкырынан учкум келет.
Ырдасаң ырларыңда кошо балкып,
Махабат дайрасында тунгум келет.

Мен сени көргүм келет,
Мен сени өпкүм келет,
Мен сага жүрөк болуп алгым келет.

Ойлонсоң, ойлоруңда болгум келет,
Карасаң, карегиңде тургум келет.
Көздөрүңдөн сырыңды билип алып,
Жалжалым бир өзүңдү сүйгүм келет.

Аптапта булут болуп жылгым келет,
Көлөкөмдү сага тартуу кылгым келет.
Жактырсаң жарың болуп түбөлүктүү,
Өмүрдү өзүң менен сүргүм келет.

Мен сени көргүм келет,
Мен сени өпкүм келет,
Мен сага жүрөк болуп алгым келет.

# КҮТӨМ СЕНИ

Күтөм сени, жаштык жамал барында,
Кадырыңа жете турган чагымда.
Күтөм сени, күтө берем тажабай,
Күдөр үзбөй, колум сунуп бактыма.

Күтөм сени, Ай жаркырап чыкканда,
Күтөм сени, жылдыз толгон маалда.
Күтөм сени, таң агарып атканда,
Күтөм сени, Күн шооласын чачканда.

Күтөм сени, ар бир өткөн күнүмдө,
Күтөм сени жолдо, көлдө, үйүмдө.
Күтөм сени, оорусам да кыйналып,
Ажал менен алпурушкан түнүмдө.

Гүлүм болчу, кумарланып жыттайын,
Күнүм болчу, мээримиңе тунайын.
Тамыр болчу, кагышыңдан жашайын,
Келчи десең, канат байлап учайын.

Чаңкап калсаң булак болуп агайын,
Чарчаганда жүрөк болуп кагайын.
Турмуштагы тоодой жүктү көтөрүп,
Өзүң менен мен бакытка тунайын.

## ТУНУК СҮЙҮҮ

Тунук сүйүү ата-энеге арналат,
Тунук сүйүү Ата-Журтка арналат.
Тунук сүйүү бир тууганга арналып,
Тунук сүйүү сүйгөн жарга арналат.
Жүрөгүңдөн эргип чыккан махабат,
Балдарыңда мелт-калт болуп сакталат.

* * *

Ата-журтту сүйгөнүң – эмгегиңден
байкалат,
Ата-энеңди сүйгөнүң–урматыңдан
байкалат.
Бир тууганды сүйгөнүң – мамилеңден
байкалат,
Жубайыңды сүйгөнүң – турмушуңдан
байкалат.
Балдарыңды сүйгөнүң – өмүр бою
сакталат.

# ТАГДЫР

Тагдыр неге кур дооматка чегесиң,
Кырсык кээде айттырбастан келесиң.
Тагдыр капыс шум ажалды жөнөтүп,
Тагдыр неге таш боор болор экенсиң?

Кээ бирөөгө Күндүн нурун себесиң,
Бакты аябай, байлыкты да бересиң.
Кээ бирөөгө жалаң мээнет бастырып,
Тагдыр айтчы, неге тегиз эмессиң?

Тагдыр кээде ата-энеден жат кылат,
Бир тууганды бир-бирине кас кылат.
Тагдыр кээде акты – кара дегизип,
Таш боор болуп, бычак мизин сайдырат.

Алла бизге не жазганын билбейбиз,
Эртең кандай тагдыр күтөт сезбейбиз.
Бу дүйнөнүн сыры татаал ушундай,
Теңир бизге буйруганын көрөбүз.

О, Теңирим, ата-энеден жат кылба!
Бир тууганды бир-бирине кас кылба.
О, Теңирим, эрте өлүмдөн сактачы,
Пенделерге өмүр берчи, аячы!

* * *

Ата-журтту сүйгөнүң – эмгегиңден
байкалат,
Ата-энеңди сүйгөнүң–урматыңдан
байкалат.
Бир тууганды сүйгөнүң – мамилеңден
байкалат,
Жубайыңды сүйгөнүң – турмушуңдан
байкалат.
Балдарыңды сүйгөнүң – өмүр бою
сакталат.

## ТАГДЫР

Тагдыр неге кур дооматка чегесиң,
Кырсык кээде айттырбастан келесиң.
Тагдыр капыс шум ажалды жөнөтүп,
Тагдыр неге таш боор болор экенсиң?

Кээ бирөөгө Күндүн нурун себесиң,
Бакты аябай, байлыкты да бересиң.
Кээ бирөөгө жалаң мээнет бастырып,
Тагдыр айтчы, неге тегиз эмессиң?

Тагдыр кээде ата-энеден жат кылат,
Бир тууганды бир-бирине кас кылат.
Тагдыр кээде акты – кара дегизип,
Таш боор болуп, бычак мизин сайдырат.

Алла бизге не жазганын билбейбиз,
Эртең кандай тагдыр күтөт сезбейбиз.
Бу дүйнөнүн сыры татаал ушундай,
Теңир бизге буйруганын көрөбүз.

О, Теңирим, ата-энеден жат кылба!
Бир тууганды бир-бирине кас кылба.
О, Теңирим, эрте өлүмдөн сактачы,
Пенделерге өмүр берчи, аячы!

# МЕН УШУГА ТАҢ КАЛАМ

Кээ бирибиз чындыкты түз айталбасак,
Чындыкты айталбастан жалтаңдасак,
Кошоматтын кулдугунан чыга албасак.
Түз жүрүп, туура айтканды жактырбасак,
Мен ушуга таң калам.

Казынага суук колун салып жатса,
Сыр билгизбей жең ичинен алып жатса.
Текшерүүчү кыңыр ишти жаап жатса,
Жетекчилер билмексен болуп жатса –
Мен ушуга таң калам.

Миллиондоп жегендер кармалбаса,
Өмүр гүлүн кыйгандар табылбаса.
Паракорлук күн сайын күчөп жатса,
Жегичтерди соттору сүйөп жатса –
Мен ушуга таң калам.

Окубастан мектептен качып жатса,
Уул-кызыбыз уурулукка барып жатса,
Кыздарыбыз сойкулукка көнүп жатса,
Рэкеттик да мектептен өнүп жатса,
Же аларды тыйганга мугалимдин,
Ата-эненин алы-күчү жетпей жатса –
Мен ушуга таң калам.

Акыйкат актыгына чыгалбаса,
Паракордун тамырын кыялбаса,
Сот дегениң адилет иш жүргүзбөй,
Айыпкерге жан тартып актап жатса,
Тааныш, билиш досторун «таптап» жатса –
Мен ушуга таң калам.

Ойлонгула үч бийлик, ойлонгула,
Адилеттик, чындык үчүн толгонгула.
Жаңылбагын үч бийлик, аңдагыла,
Эл алдында уят болуп калбагыла!

## СУЛУУЛУК

Сулуулук, жүзүндө эмес, жүрөктөрдө,
Сулуулук, көрүнбөгөн сезимдерде.
Сулуулук, жаркылдаган мүнөздөрдө,
Сулуулук, сүйгөн жарга берилгенде.

Сулуулук, бойго жеткен мезгилде экен,
Жаштыктын жалындаган кезинде экен.
Сулуулук, бойго бүткөн айларда экен,
Сулуулук, жүрөгү кең энеде экен.

Сулуулук, Ала-Тоом өзүңдө экен,
Ак калпактуу пейили кең элимде экен.
Сулуулук, Сары-Челек көлүмдө экен,
Сулуулук жакуттай кооз жеримде экен.

# АЛА-ТОО

Ала-Тоом, бабаларым жүргөн тоо,
Ар ташына из калтырып кеткен тоо.
Зоолорунда аркар-кулжа жайылып,
Кыргызымды багып сактап келген тоо.

Ак калпакчан кырка тоолор заңкаят,
Мөңгүлөрү алмаз сымал жаркырап.
Тоо боорунда өсүп арча, карагай,
Бүркүт, шумкар көктү кезип шаңшышат.

Ала-Тоомдон мөңгү кетпей жай-кышы,
Булуттардын көчү үзүлбөйт кайкыган.
Күндү тосуп эң биринчи Ала-Тоом,
Мөңгүлөрү мүрөк болуп тамчылайт.

Ала-Тоом, бабаларым жүргөн тоо,
Аспиеттеп карегиндей күткөн тоо.
Кылымдардан кылымдарга жаша деп,
Урпактарга мурас кылып кеткен тоо.

# ЫСЫК-КӨЛ

Көгүлтүр көл үстү кулпуруп,
Ажайып сөз жеткис сулуулук.
Толкундар жээкке урунса,
Шарпылдап шарпасы кубулжуйт.

Көгүлтүр көл суусу туптунук,
Жүрөктү эргитип сулуулук.
Шыбырап толкундар үн салса,
Сөз таппай каламын буулугуп.

Кубанам Ысык-Көлүм барына,
Суктанам ажайып, кооз таңына.
Шапатаң көңүлдү сергитет,
Ысык-Көлүм арыба да, карыба.

* * *

Көл үстүндө ак куу болуп учсам ээ,
Көктө сызып бир кумардан чыксам ээ.
Ыр берметин калпып алып көлүмдөн,
Кереметтүү ыр саптарын жазсам ээ.

Балык болуп көл түбүндө сүзсөм ээ,
Кереметтүү сыр түйүнүн чечсем ээ.
Ой данегин издеп таап тереңден,
Окурманга ырга айлантып берсем ээ.

Толкундарың эркелетип ойготсо,
Ойлор мени көл жээгинде бойлотсо.
Толкундарың көбүк атып чачырап,
Көңүлүмдү көкөлөтүп сооротсо.

# КӨЛ ТОЛКУСА

Көл толкуса, толкун жээкке урунат,
Урунат да кайра артына бурулат.
Салкын жели желпип өтсө денемди,
Бой сергийт да, көңүл чиркин көккө учат.

Майда толкун жыбырайт да шыбырайт,
Күн нуруна чагылышкан нурун айт,
Жумшак жели сылап өтсө чачымды,
Жүрөк эргип, жүрөк көл деп ыр ырдайт.

Көл керемет, көл апапак акактай,
Тереңине сырын катып алгандай,
Көз ымдашып толкундары чакырып,
Сырымды таап алгының деп жаткандай.

О, Ысык-Көл, шок баладай ойнооксуң,
А мен сага жылда келчү конокмун.
Ак ккууларың көркөмүңө көрк кошот,
Балким мен да ак кууларга окшошмун.

# САГА АРНАДЫМ

Жактырдым жалгыз гана бир өзүңдү,
Акыл толгон, мээрим төккөн мүнөзүңдү.
Жараткан сага баарын бүт бериптир,
А бирок, өзүң сезбей жүрөсүңбү?

Түнүндө Ай нурундай жаркырайын,
Сен сүйсөң, махабатка мен тунайын.
Сүйбөсөң делөөрүтпөй ачыгын айт,
Өзүмдү сүйгөн жанга, багынайын.

Сага арнадым ушул жазган ырымды,
Жашоодогу бүткүл көңүл, дилимди.
Жароокерим, ак сүйүүмдү кабыл ал,
Жарыктыкта өмүр канча, ким билди.

# КЕЧ ЖОЛУККАН АК СҮЙҮҮМ

Келчи жаным, жолугалы дегемин,
Куттум канча, бирок недир келбедиң.
Жүрөк сырын сага гана арнасам,
Бирок жаным аны баалап сезбедиң.

Сени күтүп, өңдөн аздым саргайып,
Күткөнүмдү бирок милдет кылбаймын.
Сага дайым амандыкты каалаймын,
Мен өзүңдү өмүр бою сыйлаймын.

Сени ойлосом жүрөгүмдө от жанат,
Сени ойлосом карегимден жаш тамат.
Сени ойлосом түн уйкумдан адашып,
Узун түндө кирпик какпай таң атат.

Кайда жүрсөм кошо жүрөт элесиң,
Жүрөгүмдөн түнөк алган бир өзүң.
Көрөр замат, бүт турпатың жактыргам,
Көңүл ийип балким бир күн келээрсиң.

Сени күтүп, күндөр айга алмашты,
Карлар эрип, жаз да күлүп баш бакты.
Жаздын жели сүйүү алып келгендей,
Бажырайып, бүгүн башка таң атты.

Арманым бар, кеч жолуктуң сүйгөнүм,
Сага жетпей, сенсиз өмүр сүргөмүн.
Бар бол дайым, бар бол дайым, аман бол,
Бактым болуп, кеч жолуккан ак сүйүүм!..

# ЖУБАЙЫМ ТОКТОМУШКА

Совет доору гүлдөп турган кез эле,
Алла буйруп баш кошконбуз тез эле.
Арак ичпей, чындыкты айткан мүнөзүң
мага жагып, Сизге жубай болду элем.

Кудай кошуп, турмуш жолун баштадык,
Элибиздин оорун колдон алалдык.
Асыл максат, тилектерге жетүүгө,
Бирге болуп, кыйын кезди жеңалдык.

Адал иштеп кадыр-барктты таптыңыз,
Тарбиялап уул-кызды бактыңыз.
Неберени жыттап кумар жазабыз,
Балдар биздин байлыгыбыз, бактыбыз.

Мээнет менен таалай-бакты курганбыз,
Бир да бир күн өтпөй доссуз, тууганcыз.
Кандай сонун кадырлашып сыйлашкан,
Ызаат-сыйдан биз жакшылык жыйабыз.

# СИЗДЕЙ ЖАРЛАР БУЛ ДҮЙНӨДӨ КӨП ЭМЕС

Сиздей жарлар бул дүйнөдө көп эмес,
Мен чынында аял экем бактылуу.
Кээде отуруп мага мындай ой келет:
Мен Сиз менен болуптурмун тактылуу.

Канышанын тагдырына кызыкпайм,
Канышадай таалай күттүм Сиз менен.
Таалай-бакыт атакта эмес чынында,
Ким бере алмак, бак-таалайды Сиз берген.

Ысык-суукта жанымдасыз дайыма,
Аяр карап кабагыма-кашыма.
Өмүрүмө өмүр деле коштуңуз,
Жараткандан өмүр тилеп жаныма.

Сиздей жарлар бул дүйнөдө көп эмес,
Мен чынында аял экем бактылуу.
Кээде отуруп мага мындай ой келет:
Мен Сиз менен болуптурмун тактылуу.

# О, КУДАЙЫМ, КҮЧ-КУБАТ БЕР ӨЗҮМӨ

Көңүлүмдү наадандар калтырган кезде,
Жүрөгүм уу сөздөрдөн ачынган кезде,
Душманым табалап жайылган кезде,
О, Кудайым, күч-кубат бер өзүмө!

Кайдыгерлик көңүлүмдү сыздатканда,
Ыймансыздар жүрөгүмдү ыйлатканда,
Алдамчылар ишенимди кулатканда,
О, Кудайым, күч-кубат бер өзүмө!

Капилеттен сыркоолоп мен ооруганда,
Аты суук шум ажал тооруганда,
Сыйлаганым мага карай таш урганда,
О, Кудайым, күч-кубат бер өзүмө!

* * *

Адилетсиз адамдар зор болушса,
Карапайым момундар зар болушса,
Мансабы бар байлардын сөзү өтүп,
Колунда жок кедейлер кар болушса,
Кайгырдым мен, кайгырдым ичтен сызып,
Акыйкатсыз иштерди карап туруп.

Кайгырбаймын жүзүмдөн нур кеткенге,
Кайгырбаймын чачымды бубак басса.
Кайгырамын колумдан күч кеткенге,
Кайгырамын карөзгөй наадандыкка.

Ааламдын кереметин көрүп жаздым,
Махабат эргүүлөрүн сезип жаздым.
Уу сөздөн ууланганда күйүп жаздым,
Өмүрлөр кыйылганда ыйлап жаздым.

Дилимди оорутканда сыздап турдум,
Алдыртан сынашканын байкап турдум.
Таш ыргытып сүйлөшсө чыдап турдум,
Сабыр берген Кудайды алкап турдум!

* * *

Жүрөктөн чыккан ыр жакшы,
Жүрөктөн күткөн дос жакшы.
Жүрөктөн сүйгөн жар жакшы,
Жүрөктө калган сыр жакшы.

# ТААЗИМ

Таазим этем, Алла Таалам Өзүңө,
Шүгүр деймин, Өзүң берген өмүргө.
Таазим этип мен Өзүңө жүгүнүп,
Жакшылыкты ырдап өтөм өмүрдө.

Таазим этем, мээрим төккөн ааламга,
Таазим этем, көк мелжиген асманга.
Таазим этем, атамзаман кылымдан,
Кыргызымды сактап келген Дастанга.

Таазим этем, ыйык Ата Мекенге,
Таазим этем, уюткулуу элиме.
Таазим этип, кулдук уруп жүгүнөм,
Киндик каным тамган кичи Мекенге!

Ата-Журтум кубат берет сенин демиң,
Өнүп-өсүп гүлдөсүн кең Мекеним.
Урпагыма айтайынчы билгенимди,
Абийирдүү, намыстуу бол, уккун кебим.

Ата-Журт деп жалындап күйүп тургун,
Милдет такса, кабак чытпай күлүп тургун.
Ынтымакты туу тутуп эл ичинде,
Билегиңди биримдике түйүп тургун.

Турмуштун сыноосунда чок баспагын,
Азатмын деп, ак жолдон адашпагын.
Кыйындыкта сыналат элдин уулу,
Кыйын кезде элиңди таштабагын.

Ата-баба эмгегин баалагыла,
Кыянатка, кырс ишке барбагыла.
Урпактарым, колуңда эл тагдыры,
Ата-Журтту карегиңдей сактагыла.

Ата-Журттун койну кенен, сыры терең,
Сурасам сырын зоолор айтар бекен.
Бабаларым тарыхты жазып келген,
Урпактар да жаңы тарых жазат эчен.

Таазим этем, ыйык Ата-Журтума,
Таазим этем, жалпы кыргыз баарыңа.
Таазим этип, мен Алладан суранам,
Ыйман бер деп, тынчтык бер деп калкыма.
Башымды ийип дагы таазим этемин,
Алла-Таалам бизди колдоп жатканга!

Ата-Журтум, кубат берет сенин демиң,
Акылга акыл кошот улуу элим.
Жүрөктүн түпкүрүндө сактап жүрөм,
Абийирдүү, таза бол деп, айткан кебиң.

Өмүрдүн белесине чыккан кезим,
Чачымды бубак басып калган кезим.
Турмуштун ачуу-таттуу тузун татып,
Жүрөктүн өйүгөнүн айтаар кезим.

Урпактарым! Ата-Журт деп жашагыла,
Бейпилдикти, биримдикти сактагыла!
Кыянатка, кырс ишке барбагыла,
Ата-баба эмгегин баалагыла!

# КАРЕГИМДЕ ТҮБӨЛҮК ЭЛЕС КАЛАТ

Мен кетермин дүйнөдөн,
аалам калат,
Ак калпакчан аскалуу
тоолор калат.
Уч-кыйыры ченемсиз,
мейкин калат.
Ала-Тоону жердеген
элим калат.

Бир уяда чоңойгон
бир тууган калат.
Кадырлашып, сыйлашкан
достор калат.
Билип-билбей сүйлөгөн
касым калат.
Мени жандап бир жүргөн,
жакын калат.

Ой жетип, кол жетпеген
максат калат.
Кан-жанымдан жаралган,
бүт өмүрүм арналган,
жакшылыкты каалаган
туяк калат.
Карегимде түбөлүк элес калат,
Капилеттен кеткенде арман калат.
Айткылачы?
Жазмышты ким тыя алат?

# СҮЙБӨДҮҢ НЕГЕ СҮЙБӨДҮҢ

Ай толгондой суйкайып,
Алдыңдан чыксам көрбөдүң.
Апкаарып сенден, токтосом,
Мен жакты карап койбодуң.
Көрбөдүң кантип, көрбөдүң,
Көңүлүң неге бөлбөдүң?

Гүл болуп жайнап турганда,
Жытыман искеп сүйбөдүң.
Кызарып бышкан алманын,
Кызылын кармап үзбөдүң.
Карабай өтүп каадалуу,
Камыккан мени көрбөдүң.
Көрбөдүң недир, көрбөдүң,
Көрсөң да көңүл бөлбөдүң.

# СУУЛАР

Ким билбесин, суусуз жашоо болбосун,
Ким билбесин, суусуз бөксө толбосун.
Ким билбесин, эгин өскөн талаалар,
Суу болбосо текши кургап соолорун.

Суу болбосо, чөл бакчага айланбайт,
Суу болбосо, өмүр, жашоо уланбайт.
Суу болбосо, жердин бети кумсарып,
Суу болбосо, бак жашарып туралбайт.

Мүрөк суулар, тамчы болуп тама бер,
Булак, дайра, деңиз болуп ага бер.
«Суу» деп турат, «Суу» деп турат тирүүлүк,
Тирүүлүкө о, ыйык суу, даба бер!

# ЧЫНДЫК

Чындык, сенин демиң менен жашаймын,
Чындык, сенин чындыгыңды сезейин.
Чындык, сенин ак наныңды татайын,
Чындык, сени чырак кылып келемин.

Чындык, сенин гүлдөгөнүң көрөйүн,
Чындык, сага ыйманымды төгөйүн.
Калптын тороп, калптын бууп жолдорун,
Чындык үчүн мен күрөшүп өтөйүн.

Чындык турсун, дайым бизди калкалап,
Жалган-калптын бороонунан далдалап.
Урпактарым, эсиңерден чыкпасын,
Чындык жеңет, чындык чыгат жаркырап!

# ЖАРАТКАН АЛЛА САКТАГЫН

Жараткан Алла,
Суранам сенден,
Акаарат кылган
Адамдан сакта.
Өмүрдү кыйган,
Наадандан сакта.
Өз элин саткан,
Саткындан сакта!

Кайдыгер болгон,
Наамарттан сакта.
Өздөн бир чыккан,
Кастардан сакта!
Пара алып көнгөн,
Ач көздөн сакта.
Азгырган кара
шайтандан сакта!

Асылган куру
дооматтан сакта.
Көз артып келген,
Душмандан сакта!
Өз элин аткан,
Акмактан сакта.
Кыямат-кайым,
Топондон сакта!

Капилет келген,
Кырсыктан сакта.
Аты суук, шум -
ажалдан сакта!
Эл бузар, безер,
Жамандан сакта.

Калдайган калың,
Элимди сакта.
Ала-Тоо кыргыз,
Жеримди сакта!

# БИЛБЕДИҢ

Билбедиң, бир көргөндө сүйгөнүмдү,
Билбедиң, куса болуп жүргөнүмдү.
Билбедиң, капилеттен сен жолугуп,
Махабат тузагына түшкөнүмдү.

Билбедиң, мен сүйүүдөн тарыкканым,
Билбедиң, бир көрүүгө зарыкканым.
Билбедиң, сырдаша албай камыкканым,
Билбедиң, бир өзүңө багынганым.

Билбедиң, жолуга албай кыйналганым,
Билбедиң, жүрөк сыздап ооруганын.
Билбедиң, көөдөнүмдө толуп-ташып,
Сагыныч мени жаман кыйнаганын.

Сүйүүдөн кызыл гүлдөй ачылбадым,
Сүйүүнүн кызыгына баталбадым.
Жүрөк дартын өзүңө айталбадым,
Аттиң ай, же бир өзүң байкабадың?

Махабат дайрасында сүзө албадым,
Арман ай, өмүрлүк жар боло албадым.
Өзүңдөн бала көрүп сүйүнбөдүм,
Аттиң ай, мурда неге жолукпадың?

Байкабаган жүрөгүң не, таш беле,
Жароокерим жүрөгүң же гаш беле.

Жүрөк сырын байкабадың, сезбедиң,
Жүрөгүңдө башка бирөө бар беле?

А балким, жалынсын деп күттүң бекен,
Же балким, менден үмүт үздүң бекен.
А балким, сүйө албайт деп жүрдүң бекен,
Башканы балким катуу сүйдүң бекен.

Жактырсаң, жүрөгүмдү ачаар элем,
Бороондо мен от болуп жанаар элем.
Чарчасаң жүрөк болуп кагаар элем,
Чаңкасаң булак болуп агаар элем.

# ДҮЙНӨДӨ ТҮРКҮН АДАМ БАР

Дүйнөдө түркүн адам бар,
Нарктуулар бар, нарксыз бар.
Жакшылар бар, жаман бар,
Өзгө, жатка бөлгөн бар,
Өздөн артык болгон бар.
Намыстуу бар, калпыс бар,
Абийирдүү бар, арсыз бар.

Күн карама сыяктуу,
Күн чыккан жакка оогон бар.
Паракорго жан тартып,
Кыңыр ишти жапкан бар.
Ата-Журттун байлыгын,
Жең ичинен жеген бар.
Кыянаттык кылган бар,
Өмүр гүлүн кыйган бар.

Өзөктү өрттөп жүргөн бар,
Уурулук кылып көнгөн бар.
Бут тосуп наадан болгон бар,
Сойкулукка көнгөн бар,
Жүзүнө дак түшкөн бар.
Чындыкты таамай айткан бар.
Эл деп кызмат кылган бар,
Өрнөктүү өмүр жыйган бар.

Илим кенин казган бар,
Окумуштуу болгон бар.
Өмүр сакчы – доктур бар,
Эрдик кылган баатыр бар.
Ата-Журтун корготон,
Арстан жүрөк жоокер бар.
Эр эмгегин баалаган,
Уюткулуу элим бар.

Заманына жараша,
Элге болуп тараза,
Эл тагдырын чечкен бар.
Таланттууну такшалтып,
Элге алып чыккан бар.
Түмөн түркүн тагдырды,
Китеп кылып чыгарган,
Жазуучулар, акын бар.

Жүрөктөн түнөк тапкан бар,
Эл эсинде калган бар.
Ыйманы таза адам бар,
Ыйман бар жерде мээрим бар.
Мээрим бар жерде урмат бар,
Урмат бар жерде бакыт бар.
Ыйман, бакыт бар жерде,
Ырдалып турат ырыс-шаң.

Күнөөсүздү күнөөлөп,
Адилетсиз болгон бар.
Журт кадырын билбеген
Көр дүйнөгө берилген,
Акылы тайыз адам бар.

Мындайларда ыйман жок,
Ыйман жок жерде ырыс жок.
Ыйман, мээрим жок жерде,
Таяныч жок, тирек жок.

Нарктуу менен наданды,
Жакшы менен жаманды,
Сыйкыларды, саткынды,
Чындык менен жалганды,
Ыймандууну, калысты,
Жан кечтини, ууруну,
Көрүп турган Алла бар!

# КЕЛ ЖАҢЫ-ЖЫЛ, КУШ КЕЛГИН

Аппак-аппак, аппак кар,
Аппак карда алтын бар.
Асманыңды агартып,
Ак тилегиң арнап кал.

Кел жаңы жыл, куш келгин,
Арнап элге тилегиң.
Акжолтой бол ылайым,
Элдин берип тилегин.

Элим аман, бир болсун,
Ынтымака үй толсун.
Короосуна мал толсун,
Кырман толо дан болсун.

Кыз-жигиттер сүйүшсө,
Үйлөнүшсүн ачып сыр.
Ата-энесин кубантып,
Урмат кылсын чачып дил.

Жаратканым жалгасын,
Теңиримдин каарына,
Эч бир адам калбасын.
Ыйманын бек сактасын.

Кел жаңы жыл, куш келгин,
Эмгекчилге эшик ач.
Ыймандуунун баарына,
Ырыскыңды тегиз чач.

Кел жаңы жыл, куш келгин,
Арнап элге тилегиң.
Акжолтой бол ылайым,
Элдин берип тилегин.

# АКЫНДАР

Заманына жараша,
Акын чыгат турбайбы.
Ар замандын сынчысы,
Акын болот турбайбы.
Өткүр кылыч мизиндей,
Ыры болот турбайбы.
Чындыкты түз айтканда,
Кээ бирөөгө жакпаса,
Чыры болот турбайбы.

Зулумдукту көргөндө,
Ууру экенин билгенде.
Тайманбай айтат турбайбы.
Жакшы менен жаманды,
Айрып айтат турбайбы.
Элге калыс болбосо,
Эл тагдырын чечпесе,
Элге тартат турбайбы.

Кыйналганын элинин,
Көрүп айтат турбайбы.
Миллиондоп жегенди,
Элди алдап көпкөндү,
Билип айтат турбайбы.
Кыянаттык кылганды,
Элге бүлүк салганды,
Тактап айтат турбайбы.

Кемчиликти сыйкытып,
Жумшак айтат турбайбы.
Ата-журтун даңктаган,
Баатырларды мактаган,
Акын болот турбайбы.
Бай-манаптын эзгенин,
«Кет-кетине» кеткенин,
Акын ырдайт турбайбы.
Ар замандын жарчысы,
Мезгил, заман сынчысы,
Акын болот турбайбы.

Акындардан калган ыр,
Санат болот турбайбы.
Алыскыны көрө билген,
Ойчул, акын турбайбы.
Акындардан – айтканы,
мурас болуп көөнөрбөс,
Байлык калат турбайбы.
Урпактардан урпагы,
Айтып калат турбайбы.

# ЖАКШЫ БОЛСО, ЖАМАН БОЛСО АЛГАНЫҢ

Жакшы болсо алганың,
Үйүңө кетпес кут толот,
Көргөнүң сенин сый болот.

Жаман болсо алганың,
Жарыкта үйүң түн болот,
Наны бышпай күл болот.

Жакшы болсо алганың,
Мээримин төгүп Күн болот,
Жарыгын чачып Ай болот.

Жаман болсо алганың,
Жылуу сөзү жок болот,
Суук сөздөн муз тоңот.

Жакшы болсо алганың,
Кармаган үйү гүл болот,
Кышында үйү жай болот.

Жаман болсо алганың,
Ак дасторкон жая албайт,
Жаркылдап конок күталбайт,
Кабак-кашы ачылбайт.

Жакшы болсо алганың,
Жыттасаң жыпар гүл болот.
Сунганы ширин чай болот,
Короонорго мал толот.

Жаман болсо алганың,
Жаккан оту тутанбай,
Үй ичине ыш толот.

Жакшы болсо алганың,
Урматтап ата-энеңди,
Келин эмес кыз болот.
Ызаттап турса алганың,
Көңүлүң дайым ток болот.

Жаман болсо алганың,
Бириңди эки кылалбайт.
Турмуштун өйдө-төмөнүн,
Түшүнүп канаат кыла албайт.

Жакшы болсо алганың,
Акылы менен туу болот.
Табыштырып туугандьı,
Мээримдүү келин, жар болот.

Жаман болсо алганың,
Тууган-урук, дос келсе,

Акаарат кылып атайын,
Асылып турат өзүңө.

Жакшы болсо алганың,
Ак өргөң, ордо болот го.
Ылдыйда жөлөк болот го,
Жакшы жагын чыгарып,
Жакшы жар атка конот го.
Жакшы жарга – жакшылык,
Жараткандан кайтат го.

## ДҮЙНӨДӨ ЭМНЕ ЖАМАН?

Дүйнөдө эмне жаман?
Ыймандан кайткан – жаман.
Өмүрдү кыйган – жаман,
Өз элин саткан – жаман.

Өз элин аткан – жаман,
Кыянат барган – жаман.
Уурулук кылган – жаман,
Уяттан сынган – жаман.

## ОЙ ТОЛГОО

Көсөм болсун ханыбыз,
Өксүбөсүн калкыбыз.
Аман болуп элибиз,
Оңолсун жашоо шартыбыз.

Эл кадырын билбеген,
Элин салат азапка.
Журт кадырын билбеген,
Журттан качат заматта.

Ата Журтту сактайлы,
Арам ишке барбайлы.
Өмүр өтөт тез эле,
Ынтымакта жашайлы.

Кыргызыстан Мекеним,
Кут даарыган жер болот.
Элин сыйлай албаса,
Элден качып кор болот.

Көк тиреген тоо болсун,
Кар кетпеген зоо болсун.
Тоодон аккан ак мүрөк,
Элибизде суу болсун.

Жаратылыш мыйзамын,
Бузуп алба калайык.

Жараткандын каарына,
Калып калба калайык!

Октябрдын бергенин,
Чанып кеттиң калайык.
Совет доору өскөндөй,
Өспөй калдың калайык.

Швейцарияны курбады,
Жашыл шаар куурады,
Сейил бактын көркү кетип,
Сатып алган жыргады.

# НЕ ПАЙДА...

Байлар байдай чачылбаса,
Зарыгып сурагандын,
Ажаатын ачалбаса,
Кол сунууга бара албаса,
Сарандыгын кое албаса,
Андай байдан не пайда?

Ымыркайын бакпаса,
Бакпай жерип таштаса,
Ууз сүтүн бербесе,
Ыйыктыгын сезбесе,
Ал «энеден» не пайда?

Кубанып алган келинин,
Жарын колдой албаса,
Кайындарды кадырлап,
Урмат-сыйын кылбаса,
Кербезденип сүйлөсө,
Келин жолун билбесе,
Ал келинден не пайда?

Эл ишенген депутат,
Элге кызмат кылбаса,
Убаданын өтөсүнө чыкпаса,
Элдин көйүн чечпесе,
Элге кызмат этпесе,
Андай «жепутаттан» не пайда?

Адилеттүү болбосо,
Тартип, талап болбосо,
Паракорду жойбосо,
Жемкорлорду колдосо,
Уурулукту койбосо,
Андай «эл башыдан» не пайда?

Сүйүп баккан балдарың,
Кадырыңды билбесе,
Арак ичип мас болуп,
Эл алдында тилдесе,
Ал баладан не пайда?

Дос деп сыйлап жүргөнүң,
Урмат кылып күткөнүң,
Ал-жайыңды сынаса,
Бай-кедей деп ылгаса,
Андай достон не пайда?

О, адамдар, айтаарым,
Адамдыкты ойлойлу.
Көр дүнүйөгө берилип,
Көоп кеткен болбойлу.
Ата-Журтту ойлойлу,
Калайыкты колдойлу.
Бала берсе Кудайым,
Бак берди деп тойлойлу.
Ата-эненин эмгеги,
Ак экенин ойлойлу.

Ак эмгекти аттасаң,
Ак урарын ойлойлу.
Кенемтенин артында,
Кесир барын ойлойлу.

О, адамдар, айтаарым,
Жараткандан корколу.
Арамдыка алданбай,
Ак жолунда бололу.

## ОЙ ОРДО

* * *

Дайраны кечкениңде тайыз болсун,
Элибизде береке-пайиз болсун.

* * *

Адамдын бийиктиги – акылында,
Намыскөй – абийир алат асыраса.

* * *

Арам дүйнө кадырыңды кетирет,
Адал эмгек урмат-сыйга жеткирет.

* * *

Акылмандын айткан сөзү – тазалык,
Уурулардын айткан сөзү – алалык.

* * *

Боорукердин карегинен күн чыгар,
Таш боорлордун жүрөгүндө муз турар.

* * *

Балам – бакыт, балам – кубат бересиң,
Аман болгун, Алла берген белегим.
Алла берген айланайын белегим,
Акыл менен тааны аалам тереңин.

* * *

Алла-Таалам жакшылыгын жолдосун,
Жаратканым өзү бизди колдосун!

* * *

Бакыт деген – кошо жүрсө байкалбайт,
Бакыт деген – алаканда кармалбайт.
Өмүр өзү – бакыт бизге жаркырап,
Ыймандуулар багытынан жаңылбайт.

* * *

Табияттын бузулганы күнөөдөнбү?
Пенделериң токтотпой күнөөлөрдү?
Замандын өзгөргөнү пейилденби?
Адамдардан ыйман-ыскат пейил кетип?

* * *

Жашоо күрөш – билбеген адам барбы?
Эртең кандай тагдыр күтөт билген барбы?

* * *

Ажалды биз «шум ажал» деп жектейбиз,
Чындап келсе шум ажалга не дейбиз?

* * *

Айрылуу бар жүрөктөрдү ооруткан,
Санаа салып, сары гүлдөй соолуткан.

* * *

Билбейм качан капилеттен Күн батат,
Ушул ойлор мени жаман сыздатат.

* * *

Эмгек кылып жашагандан качпагын,
Эмгек менен алыстарга барасың.

* * *

Бакыт башка конгонунда көппөгүн,
Тагдыр, турмуш сыноосунда чөкпөгүн.

* * *

Тайгак кечүү, ашуулардан коркпогун,
Унутпагын Алла сени колдоорун.

* * *

Жаңылганда өзүмдү өзүм тилдеймин,
Жаным ооруп, жаным сыздап кирдеймин.

* * *

Алга карай ийгиликке умтулам,
Жетпей калсам, абийир менен утулам.
Ийгиликке жеткендерге кубанам,
Жүрөгүмдө кең пейилдик барынан.

* * *

Оройлуктан жүрөк ооруп кыйналам –
Каарып турса, жакын киши сыйлаган.

* * *

Конок келсе мээрим төгүп чачылам,
Ырымды укса, бугум чыгып ачылам.

* * *

Биримдикте болгон жакшы эл менен,
Ырыскыны тапкан жакшы маңдай
тер менен.

* * *

Мен жашоодо көп нерсени кечирдим,
Кечирдим да, көп нерсеге жетиштим.

* * *

Ийгиликтер болгон кезде кубанам,
Ишенчээк бир жаш балага айланам.

* * *

Мен сүйүктүү эне болдум, сүйүнөм,
О, Жараткан! Ырахмат деп ийилем.

* * *

Ар бир үйдө бешик ыры жаңырсын,
Ата-Энелер кубанычтан жарылсын.

* * *

Ата-энелер кубанычка бөлөнсүн,
Кыргызымдын урпактары көбөйсүн.

* * *

Махабаттан жүрөк толкуп кубансын,
Туяк калып, өмүр көчү улансын.

* * *

Өмүр барда ата-энеңди барктагын,
Сенден күткөн үмүттөрүн актагын.

* * *

Адилетсиз адамдар зор болбосун,
Карапайым момундар зар болбосун.

* * *

Күнөөсүздү күнөөлөп камабагын,
Айыпкерди жан тартып актабагын.

* * *

Кемчилигиң билсең, оңдоо кеч эмес,
Кемчилигиң оңдолбосо, жакшы эмес.

* * *

Кереметтүү, эң бир кооз бул аалам,
Бул ааламда урпактарым бол аман!

* * *

Билимсиз, эл башында боло албайсың,
Эл тагдырын, көйгөйүн чече албайсың.

* * *

Эмгексиз максатыңа жете албайсың,
Андыктан жакшы жашап кете албайсың .

* * *

Балам – менин артта калар туягым,
Аман болгун айланайын чырагым.

* * *

Адамдардын жүрөгүн оорутпагын,
Бир күнү сенин дагы ооруйт жаның.

* * *

Мынча, неге таш боор болот адам,
Кыянаттык кылганга наалат айтам.

* * *

Билбейм неге байлыкка тойбойт адам,
Болгон сайын, каниет кылбай алар.

* * *

О, жубайлар, түгөй болгун айрылгыс,
Бактылуу бол, өмүр сүрүп кайгысыз.

* * *

Адал эмгек – урмат-сыйга жеткирет,
Арам оокат – абийириңди кетирет.

* * *

Адилеттик болгон жерде – алдамчылык
гүлдөбөйт,
Акыйкаттын жолун издеп, элиң анда
мөгдөбөйт.

* * *

Адилеттик, чындык жеңет, ачкын элдин
таалайын,
Убагында чечкен жакшы, элдин койгон
талабын.

* * *

Адилеттүү бийлик болсоң, элге колуң
сунаарсың,
Элдин алып ак батасын, абийир күтүп
турарсың.

* * *

Элди алдап байлык күтсөң, убактылуу
озорсуң,
Эртең күнү уят болуп, баркың кетип
тозорсуң.

* * *

Бийлик-байлык келсе, кетер нерсе экен,
Күткөн кезде жаңылбаган жакшы экен.

* * *

Адепсизди көргөнүмдө оюм онго бөлүнөт,
Жүрөк ооруп, жүрөк сыздап бычагы жок
тилинет.

* * *

Кемчилигиң бетиңе айтса, душманыңдай
караба,
Айткан сөзүн түшүнө бил, ага кара санаба.

* * *

Жакшы келин көзгө тике карабайт,
Жубайынын жакшылыгын ашырат да,
Жамандыгын жашырат.

* * *

Жакшы келин үйдүн куту, чырагы,
Наалыбастан болот жардын ынагы.

* * *

Табияттын сыры татаал табышмак,
Адам аны табайын деп талпынат.

* * *

Эртең кандай тагдыр күтөт билбейбиз,
Акыр бир күн ажалга баш ийебиз.

* * *

Таза иштеп, таза жүрсө үлгү болот элине,
Уурулуктун иши жаман, так түшүрөт
жүзүнө.

* * *

Элим деген, ээн калбайт, элиң сага
бел болот,
Өйдө-төмөн мезгилдерде элиң сага
туу болот.

* * *

Өмүр кымбат, аздыгына өкүнөм,
О, адамдар, өмүр кыйба, мерес болбо,
өтүнөм.

* * *

Өмүр барда бир-бириңди сыйлагын!
О, адамдар, өмүр гүлүн кыйбагын!

* * *

Адамдык сапат менен адамбыз да,
Болбосо айбанаттан жаманбыз да.

* * *

Урмат кылсаң, сен да урмат көрөсүң,
Сыйлабасаң кайдан сыйды көрөсүң.

* * *

Мекенибиз гүлдөп, байлык толсо экен,
Колдор таза, коом таза болсо экен.

* * *

Урпактарым, жаман ишке барбагын,
Жаңылышып, өкүнүчтө калбагын.

* * *

Ата-энеңдин насаатын көңүл бөлүп
угуп кой,
Каалаганы жакшылык, жүрөгүңө
түйүп кой.

* * *

Чындап келсе шум ажал, дартка даба
табылбайт,
Жаратқандын жазганын ар бир пенде
кабылдайт.

* * *

Алла-Таалам, Жаратқандын – теңи жок,
Уч-кыйырсыз кең ааламдын чеги жок.

* * *

Алла берген өмүр кымбат, өмүрлөрдү
сактагын,
Ата-энеңдин көзү барда урматтагын,
барктагын.

* * *

Кербезденип кетирбегин чекилик,
Жаңылышып кийин калба өкүнүп.

* * *

Ак сүйүүдөн өмүр турат уланып,
Жамандыктан жүрөк ооруйт ууланып.

* * *

Балам – бактым, балам таттуу балдайым,
Бакыт кушу коштоп жүрсүн ар дайым.

* * *

Ак эмгектин нанын татып гүлдөгүн,
Мээнет кыл деп замандашың үндөгүн.

* * *

Уурдап алган байлык сага мүлк болбойт,
Уурулардын келечеги түк болбойт.

* * *

Келечекти ойлобостон кылган кезде
уурулук,
Көр дүйнөгө алданышып, алар калды
утулуп.

* * *

Өз байлыгын коргоп алар качышты,
Бөтөн элге байлык берип жагышты.

* * *

Акча менен баарын сатып алам деп,
Бийликчилдер, түз жолунан адашты.
Жакын тууган, досу колдой албады,
Акча аларды ара жолго таштады.

* * *

Ыйманы бар көңүлүңдү кирдетпейт,
Орой сүйлөп жүрөгүңдү зилдетпейт.

* * *

Коомайланып тартынганың, адеп-ахлак
белгиси,
Сендей кыздан кай жигиттин келсин
оолак кеткиси.

* * *

Алла буйруп баш коштуңбу, жактыр
анын мүнөзүн,

Туугандарын бириктиргин, жат кылбагын
бүлөсүн!

* * *

Кээ бирөөлөр сыр билгизбей, туура
жолдон азгырат,
Сыртында дос, ичинде кас, жылуу
сүйлөп жазгырат.

* * *

Коломтоңдун өту өчпөй күндө казан
кайнасын,
Атаң-энең, бала-чакаң, келген конок
жайнасын.

* * *

Аялзаты асылсыңар, бирок сөздөн
жаңылба,
Жубайыңды душман болуп, жер каратпа
эл алдында.

* * *

Сүйүү болсо жүрөгүндө, жардылыгың
билинбейт,
Тамылжыган бакыт нуру көздөрүңөн
күлүңдөйт.

* * *

Сүйүү болсо жүрөгүндө, сыймыктанып
жашайсың,

Махабаттын асылын да, азабын да
баалайсың.

* * *

Алла берген ашыктыкка адам өзү
тартылат,
Ардактасаң сүйгөнүңдү, өмүр гүлдөй
ачылат.

* * *

Сүйүүнүн жыргалы бар, азабы бар,
Сүйүүнүн экөө билчү сырлары бар.

* * *

Кандайсың деп учурашсаң, жүрөк толкуп,
Кабынан чыгып кетпей калды болкуп.

* * *

Кыялымда жолуксам да сени менен,
Турмушумда жолукпадың, кейинем.

* * *

Сабырдуулук ынтымакты жаратат,
Ынтымактуу үйдө бейпил таң атат.

* * *

Сыйлагандын кадырына жеткиле,
Жар кадырын баш кошкондон билгиле.

* * *

Кылган ишиң далил болот, элдик
сотко кабылсаң,
Адал иштин наны таттуу, уулуу
болот жаңылсаң.

* * *

Бөлүнбөсүн, бүлүнбөсүн элибиз,
Бакыт күтсүн, байлык күтсүн жерибиз.

* * *

Бул ааламдын кооздугу кандай сонун,
Бул ааламда жашоонун өзү сонун.

* * *

Өзөктү өрттөп, өздөн душман чыкпасын,
Алла-Таалам саткындардан сактасын.

* * *

Бийлик тийсе, элди коргоп жашагын,
Калайыктын ишеничин актагын!

* * *

Урпактардын келечегин ойлогун,
Алар болот өмүр кечүн улоочуң.

* * *

Гумжардамды жардылардан аяба,
Эл ашына ээлик кылбай, бер ага.

* * *

Карапайым элди алдап байыба,
Уурулуктун шору болот, артында.

* * *

Алла ынсап бербесе, ач көздүгүн тыя
албайт,
Артык көрүп байлыкты ала берет,
уялбайт.

* * *

Алыскыны көрө билүү – көсөмдүктүн
белгиси,
Көсөмдөрдүн акыл кенчи, эл-журтунун
энчиси.

* * *

Даанышмандын накыл кебин бийик
тутсаң, көз болот,
Накыл кептер бийиктиктен канат кагып,
Көк жонот.

* * *

Даанышмандар бийлегенде, такыр жерге гүл өсөт,

Ууру-кески жакын келбей жарыгынан сүрдөшөт.

* * *

Жан дүйнөңдү жарык кылат,
акылмандын бир сөзү,
Туура жолдон адаштырат, жемкорлордун
бал сөзү.

* * *

Даанышмандын накыл сөзү, урпагыма
болсун сеп,
Уурулуктун жүзү кара, болбогула
элге кеп.

* * *

Кыян жүрүп, добул өтөт, жаркыраган
Күн чыгат,
Өзүң таза боло албасаң, жемкорлорду
ким тыят.

* * *

Күндөн-күнгө ууру-жемкор көбөйгөндөн
көбөйдү,
Чет өлкөгө качырышып, бирин-бири
жөлөдү.

* * *

Өзүм десең, дүнүйө десең, уят болуп
каласың,
Элим десең, журтум десең, элден кадыр
табасың.

* * *

Эл сыйлаган ээн калбайт, аткарылат
тилеги,
Жер сыйлаган ачка калбайт, күчтүү болсо
билеги.

* * *

Жакырмын деп даттанбагын, ал
жалкоонун белгиси,
Эмгек кылып жакшы жашоо, ал
турмуштун негизи.

* * *

Жетекчилер элим десе, эл башына
бак конот,
Журтум деген жетекчинин айткан сөзү
эп болот.

* * *

Тартип катуу болгон жерде, журт
байлыгы сатылбайт,
Ичтен ирип, жең ичинен эл
байлыгы чачылбайт.

* * *

Адал иштеп кызмат кылсаң, эл
эсинде каласың,
Канча кылым өтсө дагы тарыхтан
орун табасың.

* * *

Журт байлыгын сактаганың, элдөн
кадыр тапканың,
Журттан качсаң байлык топтоп,
наалатка калганың.

* * *

Ар заманда келишпестик, тирешүүлөр
өтүптүр,
Баамдасам адилеттик, даанышмандык
жеңиптир.

* * *

Эр жигиттин өтүмдүүсү, өткүр кылыч
мизиндей,
Өтүмсүздөр эптеп жашайт бул өмүрдө
билинбей.

* * *

О, адамдар, бир-бириңе мээрим төгүп
карагын,
Баары өтөт бул ааламдан, ынтымакта
жашагын.

* * *

Жакшы менен жанашсаңар, жетесиңер
муратка,
Жаман менен жанашсаңар, каласыңар
уятка.

* * *

Жетимиш жыл топтогонду жети жылда
жалмашты,
Элден оолак боло калып, туура жолдон
адашты.

* * *

Абийир табыш ал өзүңдөн, адеп-нарктыны
сактагын,
Жаштайыңан улууну угуп, туура багыт
тандагын.

* * *

Кээ бир келин жылуу сүйлөп, ата-энеден
жат кылат,
Тууган-досту чабыштырып, бир-бирине
кас кылат.

* * *

Аялзаты асылсыңар, адеп сакта,
жаңылба,
Жубайыңды сыйлай билгин, сындырба
эл алдында.

* * *

Сүйгөнүңө баш коштуңбу? Жактыр анын
мүнөзүн,
Тууган-досту бириктирип, аткар анын
мүдөөсүн.

* * *

Сүйүү болсо жүрөгүңдө, жан дүйнөң да
бай болот,
Бакыт кушу учуп келип, түндүгүңө
корголойт.

* * *

Боюнда бар аял сулуу, жүзүнөн нур
төгүлөт,
Өмүр көчүн улантчу деп, ата-энелер
сүйүнөт.

* * *

Бакыт кушу келген кезде, кармап алгын
качырбай,
Кармаганга шашылбасаң, кетет бир күн
таптырбай.

* * *

Ымыркайын жеригендер, акыр бир күн
зар болот,
Жаратканданбаары кайтат, барктабаса
кор болот.

* * *

Эл деп иштеп из калтырсаң, эл эмгегиң
эскерет,
Өзүң үчүн дүнүйө күтсөң, сени кимдер
эстемек.

* * *

Мезгил, турмуш агымында алга карай
озолу,
Ата-журтка, элибизге камкор инсан
бололу!

* * *

Жазган ырым элиме жагар бекен?
Жагып калса эсинде калар бекен?
Эгерде жагып калса бирар ырым,
Жашадым бул дүйнөдө бекер дебейм.

## МАЗМУНУ

Жакшылыкка соккон жүрөк ............................ 3
Илхам берчи бир ууч ....................................10
Урпактарым, силер Ата мекенсиң ....................11
Кыргызстан – ыйык Ата-мекеним ...................12
Эркиндигиң кут болсун ................................14
Кыргыз элим..................................................15
Урпактарга ...................................................16
Урпактарым, эстегин ....................................24
Намыстуу бол, калыс бол ..............................25
Баркын билбей өкүнүчтө калбагын.....................28
Ыймандуу ким? .............................................30
Ыйман-ынсап, чындык болсун дилинде ..............32
Карөзгөй наадан ким?.....................................33
Жакшы экен ...................................................34
Урпактарым, келечегиң не болот? .....................36
Бакыт болот турбайбы.....................................40
Эмне жетсин ..................................................47
Өлкөм өнүп-өсөбү?.........................................48
Дүйнөдө эмне жаман? ......................................49
Келиндин арманы ...........................................50
Жакшы сөз.....................................................55
Жашоодо эмне кымбат? ....................................59
Турмуш жолу..................................................60

Келиндерге насаат сөз .......... 61
Кызымдай болуп жүрөбү .......... 62
Поэзия .......... 65
Өмүр .......... 67
Өмүрдү Алла бир берет .......... 70
Эне тилеги .......... 71
Апакем .......... 72
Ырым келчи .......... 73
Уруксатпы, жаныңарга барайын? .......... 76
Бак-таалай, өмүрдү силерге тилеймин! .......... 77
Тилек кылам .......... 78
Бешик ыры .......... 80
Таянар тоом, тирегим .......... 81
Балам-бактым .......... 83
Аман болгун, кагылайын балдарым! .......... 84
Неберелерим Эрхан жана Элханга .......... 86
Мени балам, эстегин .......... 87
Бактылуумун .......... 90
Шүгүр дейм .......... 91
Биз кай жакка баратабыз? .......... 92
Кайда? .......... 95
Не дейбиз? .......... 96
Күйөмүн да күйөмүн .......... 97
Эл башчы болсоң .......... 100
О, Жараткан, пендеңе жар бол дайым .......... 103
Кыянаттык кылганыңар туура эмес .......... 105
Ой терме .......... 106
Ак тилегим арнаймын .......... 115
Бактылуумун .......... 116
Жаз жамгыры .......... 117
Датка эне .......... 118
Жеңижок акын – алп акын .......... 123

Токтогул атаны эскерип ........................ 128
Алыкул Осмоновдун жүз жылдыгына
гүлдесте................................ 135
Бакен эже баскан жол.......................... 138
Турар, Жолон агалардын элесине арналат........ 141
Өмүрү өрнөк агабыз............................ 142
Акын Тынчтыкбек Нурмамбетовго ................ 145
Кутман курак кут болсун!...................... 146
Жаңыбай Эсенбаев акенин элесине.............. 147
Агам Жакшыбектин элесине .................... 148
Шералы Сыдыковго ............................ 150
Курбум Арзыматова Мастурага .................. 151
«Ноокен жаңырыгы» гезитинин редактору
Бурайма Раимбековага........................ 153
Дарыгер апитерапевт О.Т. Сулаймановго ........ 154
КРнын эл артисти Роза Амановага .............. 155
КРнын эмгек сиңирген дарыгери,
Абдрахманова Зайнап Икрамовнага ............ 156
Данакан Арыкбаевага.......................... 157
Орто Азия чөлкөмү ............................ 158
Сен махабат .................................. 160
Билип бирөө сүйөттүр ......................... 162
Ак тилегим арнаймын.......................... 164
Өлкөбүздү гүлдөтөлү бир болуп................ 165
Тайэнеме ...................................... 166
Апам, тайэнем................................. 167
Мен сизди күндө күтөм, келесизби? ............ 169
Өмүрлүккө жарың болуп алсамбы ................ 170
Жаң айы....................................... 171
Кел, Нооруз! .................................. 172
Кайда элең.................................... 173
Ажалга......................................... 174

Кандай сонун гүлдөйт эле, ата-журт .............. 176
Эмгек кылгын, кечикпе .............................. 177
Туулган жерим.......................................... 178
Дүйнөдө үч түр эне бар .............................. 181
Катылып кирген оңбосун............................. 185
Бул дүйнө................................................ 186
Турмуш ................................................... 190
Сүйүү ..................................................... 191
Сыйлашып бир бололу ................................ 193
Мезгил, заман жарчысы акын экен ................ 195
Армандуу болот тура.................................. 197
Өмүр кымбат............................................ 200
Сүйүү ыкласы .......................................... 201
Жүрөгүндө мага орун бар бекен?.................. 203
Айымдарга............................................... 204
Ар дайым сүйөм, бил өзүң ........................... 206
Мен сага жүрөк болуп алгым келет ................ 207
Күтөм сени .............................................. 208
Тунук сүйүү ............................................. 209
Тагдыр .................................................... 211
Мен ушуга таң калам.................................. 212
Сулуулук ................................................. 214
Ала-Тоо .................................................. 215
Ысык-Көл................................................ 216
Көл толкуса ............................................. 218
Сага арнадым ........................................... 219
Кеч жолуккан ак сүйүүм.............................. 220
Жубайым Токтомушка................................. 221
Сиздей жарлар бул дүйнөдө көп эмес.............. 222
О, Кудайым, күч-кубат бер өзүмө.................. 223
Таазим .................................................... 226
Карегимде түбөлүк элес калат....................... 229

Сүйбөдүң неге сүйбөдүң........................ 230
Суулар........................................ 231
Чындык........................................ 232
Жараткан Алла сактагын........................ 233
Билбедиң...................................... 235
Дүйнөдө түркүн адам бар....................... 237
Кел жаңы-жыл, куш келгин...................... 240
Акындар....................................... 242
Жакшы болсо, жаман болсо алганың.............. 244
Дүйнөдө эмне жаман?........................... 247
Ой толгоо..................................... 248
Не пайда...................................... 250
Ой ордо....................................... 253

**Ырысбүбү Өмүрбаева**

**ЖАКШЫЛЫК СУНГУМ КЕЛЕТ**

*Ырлар*

Редактору *Фатима Абдалова*
Дизайнери *Мырзабек Кадыров*
Компьютердик калыпка салган *Гүлзат Ниязалиева*

Басууга 21.11.2016-ж. кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы $84x108^1/_{16}$.
17,5 б.т. Нускасы 500. Заказ № 1210.

«Улуу тоолор» басмасы.
Бишкек шаары, Ю.Абдрахманов көчөсү, 170А.



**Өмүрбаева Рысбүбү** – 1950- жылы Аксы районунун Кара-Жыгач айылында төрөлгөн. 1957-жылы "Большевик" сегиз жылдык мектебине кирип, ал мектепти 1965- жылы ийгиликтүү аяктап, Жалал-Абад шаарындагы медициналык окуу жайга тапшырган.

1968- жылы эмгек жолун Жаңы-Жол районунун борбордук ооруканасынын хирургия бөлүмүндө медсестра болуп иштөө менен баштаган. Өмүрлүк жолдошу Өмүрбаев Токтомуш комсомолдук, партиялык, советтик жана чарбалык кызматтарды аркалап, ар кайсы райондорго которулуп иштегенине байланыштуу, ал дагы өз кесиби боюнча кырк жылдан ашуун элине кызмат өтөгөн.

Өмүрбаева Рысбүбү бир топ жылдан бери чыгармачылыктын түйшүгүн тартып, "Өмүр", "Таазим" жана "Жакшылык сунгум келет" деген ыр жыйнактарын басмадан чыгарган. 2017- жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук Жазуучулар Союзунун мүчөсү болгон. Ал Республиканын Ардактуу инсандар коомдук бирикмесинин "Ардактуу айымы" төш белгиси менен 2017- жылы сыйланган.